**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

УДК : 32:323(575.2):947.1(575.2)

**Рыскулов Канатбек Кадыркулович**

# ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЯСИЙ ӨНҮГҮҮСҮ (1991 – 2010-жж.).

07.00.02. – Ата Мекен тарыхы

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация**

Илимий жетекчи:
Тарых илимдеринин кандидаты, доцент
Смадияров Сыдык Акунович

Ош- 2022

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ**.......................................................................................................3-7
**I.БАП.ЭГЕМЕНҮДҮҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЯСИЙ ӨНҮГҮҮСҮНУН ТАРЫХНААМАСЫ...................................................8-34**
1.1. 1991-2010жж. саясий өнүгүүнүн илимий эмгектерде изилдениши....8-23
1.2. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн мезгилдүү басма беттеринде сүрөттөлүшү.....................................................................24-35
**II.БАП ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ..........................................................................................35-55**
2.1. Изилдөөнүн тарыхый булактык базасы.............................................36-46
2.2.Изилдөөнүн методдору.......................................................................46-57
**III.ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТҮ АЛУУ ШАРТЫНДАГЫ ӨЛКӨНҮН САЯСИЙ СИСТЕМАСЫНЫН РЕФОРМАЛООНУН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ..............56-102**
1.1. XX кылымдын 90-жылдарынын башындагы өлкөдөгүү коомдук-саясий кырдаал. Саясий системаны өзгөртүү өбөлгөлөрү жана ага багыт алуу...................................................................................................................58-76
1.2. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүктү алышы. Президенттик башкаруунун киргизилиши жана бекемделиши............................................77-91
1.3. Республикада көп партиялуу системанын калыптанышы жана анын өлкөнүн саясий өнүгүүсүндөгү орду.........................................................91-110
**IV Бап КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК КРИЗИСИ. МАРТ 2005 ОКУЯСЫНАН КИЙИНКИ ӨЛКӨНҮН КООМДУК-САЯСИЙ АБАЛЫ.......................................................................................................103-149**
2.1. Өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы негативдүү көрүнүштөрдүн тереңдеши жана бийлик кризиси.............................................................111-127
2.2. 2005-жылдагы Элдик толкундоолор: себептери, жүрүшү, натыйжасы...........................................................................................127-142
2.3. Март (2005-ж.) окуясынан кийинки Кыргызстандын коомдук-саясий абалы: бийлик жана саясий оппозиция...............................................................142-161
**Корутунду.......................................................................................**150-156
**Колдонулган булактар жана адабияттар...............................................157-170**

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу** 1991-жылы эгемендүүлүгүн жарыялаган Кыргызстан, өзүнүн саясий өнүгүүсүндө эки чоң социалдык силкинүүгө дуушар болду. Анын башкы себептеринин бири – эгемендүүлүк жылдарында жүргүзүлгөн саясий системаны реформалоо жараяны өлкөдө эффективдүү башкаруу системасын орното албагандыгы менен түшүндүрүлөт. Арийне, коомчулук арасында эгемендүүлүк жылдарында республикалык саясий жетекчилик, коммунисттик саясий системаны жок кылып, бирок анын ордуна андан артык, эффективдүү башкаруу системасын жарата албады деген тариздеги пикирлер кеңири жашап келүүдө. Ал республикабыздын калкынын басымдуу бөлүгүнүн реалдуу социалдык абалы менен да тастыкталууда. Апрель окуясынан кийинки өлкөнүн башкаруу системасын өзгөртүү аракеттери эң эле татаал, оор саясий-психологиялык кырдаалда жүрүп жаткандыгы да бүгүнкү күндүн реалдуулугу. Андыктан Кыргызстанды өнүккөн өлкөгө алып баруучу келечек жолун аныктоодо, анын кечээги саясий басып өткөн жолунун оң-терс жактарын тыкыр изилдөө, керектүү учурларынан сабак алуу актуалдуу маселе.

Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы саясий өнүгүүсү, жаңы саясий системаны калыптандыруунун оң жана терс жактары, бул процесстеги башка постсоветтик өлкөлөрдүн тажрыйбасы, саясий системанын батыш моделинин улуттук өзгөчөлүккө туура келүүчүлүгү, саясий башкаруудагы кризистер, март (2005-ж.) саясий окуясы, анын сабактары тарыхчылар, юристтер, политологдор тарабынан изилдөөгө алынып, илимий эмгектер, макалалар жарык көргөнүнө карабастан, бул маселе азыркы күндө кыргыз тарыхнаамасында толук изилденип бүтө элек жана ачык бойдон калууда. Коомчулукта, илимпоздор арасында изилдөөгө алынган маселе боюнча азыркы күндө бир жактуу пикир жок, алар ар түрдүү, атүгүл карама-каршы пикирлер да бар. Мындай абал изилдөөгө алынган маселенин бир жагынан, маанилүүлүгүн жана татаалдыгын билдирсе, экинчи жагынан, маселени дагы да ар тараптуу, терең изилдөө зарылдыгын жаратат. Анын жогоруда белгилегендей,

Кыргызстандын келечектеги өнүгүү жолун так аныктоодогу практикалык мааниси да орчундуу. Тандап алган темабыздын актуалдуулугу мына ушул жагдайлар менен түшүндүрүлөт.

**Изилдөөнүн объектиси:** Эгемендүү Кыргыз Республикасы

**Изилдөөнүн предмети:** 1991 – 2010-жж. Кыргызстандын саясий өнүгүүсү.

**Изилдөөнүн хронологиялык чеги:** 1991-жылдан 2010-жылдагы апрель окуясына чейинки мезгилди камтыйт. Бирок, Кыргызстандын эгемен өлкөгө айланышына жана саясий реформаларга өбөлгө жараткан окуялардын логикалык байланышта каралгандыгына байланыштуу өткөн кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымындагы жана 1990-жылдагы негизги саясий окуялар да камтылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети:** Илимий изилдөөнүн негизги максаты Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы саясий өнүгүүсүн ар тараптуу изилдөө болуп саналат. Изилдөөнүн максатына ылайык төмөнкү милдеттер коюлду:

- Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий системасын өзгөртүүнүн өбөлгөлөрүн жана зарылдыгын изилдөө;
- Эгемендүү Кыргызстандын саясий системасынын структураларын калыптандыруу жана өнүктүрүү жараянын, анын өзгөчөлүктөрүн изилдөө;
- Шайлоо системасындагы демократиялык өзгөрүүлөрдү изилдөө, Президенттик жана парламенттик шайлоолорду иликтөө жана баа берүү. Шайлоолордун демократияны өнүктүрүүдөгү жана саясий стабилдүүлүктү сактоодогу ролун аныктоо;
- Республикадагы көп партиялуулук системанын калыптануусуна талдоо жүргүзүү;
- Саясий бийликтин кризисине жана алмашуусуна алып келген коомдогу негативдүү көрүнүштөрдү изилдөө;

- Март (2005) революциясынын себептерин, жүрүшүн, өзгөчөлүктөрүн, натыйжасын жана алардын өлкөдөгү саясий процесстерге тийгизген таасирлерин изилдөө жана алардан алуучу сабактарды аныктоо;

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Изилдөө ишибизде Эгемендүү Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, саясий стабилдүүлүктү камсыз кылуудагы саясий элитанын ролу, анын саясий маданияты иликтенди;

2. Март (2005-ж.) окуясы, анын себептери, анын өзгөчөлүктөрү, натыйжасы, андан кийинки саясий процесстер комплекстүү изилденип, аларга өздүк илимий баа берилди.

**Диссертациянын илимий – практикалык мааниси**

Диссертациянын илимий жыйынтыктарын Кыргызстан тарыхы, саясат таануу предметтерин окутууда жана мамлекет таануу, инсан таануу багыттарында жалпы изилдөө иштеринде, атайын курстарда, окуу процессинде пайдаланууга болот. Диссертант сунуш кылган мамлекеттик башкаруудагы айрым сунуштар, азыркы жетекчилер тарабынан мамлекеттик башкаруу ишинде жетекчиликке алынуусу максатка ылайык.

**Жактоого алып чыгуучу негизги жоболор:**

- Мамлекеттин саясий системасын демократиялаштырууда жетекчиликке алынуучу принциптери;
- Бийликти бөлүштүрүнүн принциптери жана алардын кыйшаюсуз сакталышы;
- Мамлекеттин саясий системасынын эффективдү иштөөсүн камсыз кылуудагы саясий элитанын, партиялардын, шайлоо жараянынын, туура жүргүзүлгөн кадр саясатынын орду жана ролу;
- Март(2005-ж.) революциясынын себептери, өзгөчөлүктөрү, сабактары:
- Эгемен Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнүн перспективалары.

**Изилдөөчүнүн өздүк салымы.** Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө Эгемен Кыргызстандын саясий системасында жүргүзүлгөн реформаларга жаңы концепциялык тарыхый анализ жасоо менен анын оң – терс жактарына баа берилип, өлкөнүн саясий (башкаруу) системасын жакшыртуу боюнча практикалык сунуштар берилди.

**Иштин апробацияланышы** Диссертациялык иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары изилдөөчүнүн эл аралык, республикалык жана регионалдык илимий конференцияларда жасаган докладдарында жана ата мекендик жана чет элдик басылмаларда жарык көргөн сегиз макаласында чагылдырылган.

**Диссертациянын жалпы түзүлүшү** Диссертациялык иш киришүдөн, 4 баптан, 8 параграфтан, корутундудан жана библиографиядан турат.

# I.БАП.ЭГЕМЕНУДҮҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЯСИЙ ӨНҮГҮҮСҮНУН ТАРЫХНААМАСЫ

## 1.1. 1991-2010жж. саясий өнүгүүнүн илимий эмгектерде изилдениши

Эгемендүү Кыргызстандын саясий өнүгүүсү кайра куруу доорунда эле башталган коомдун саясий системасын демократиялаштыруу жараяны, эгемен мамлекеттин бийлик жана башкаруу органдарын калыптандыруунун өбөлгөлөрү, социалдык чөйрөдөгү өзгөрүүлөр, алардын калктын жашоосуна тийгизген таасири, адам укугу, эгемендүүлүктүн укуктук негиздери, коомдун саясий системасынын өнүгүүсүндөгү саясий элитанын, саясий партиялардын орду, саясий кризистер жана алардын коомго тийгизген таасири, өлкөнүн саясий өнүгүүсүндө эл аралык тажрыйбаларды пайдалануу сыяктуу маселелерди камтыйт. Аталган маселелерди изилдөөгө арналган илимий эмгектер эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап эле пайда боло баштаган.

1991-2010-жж Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн изилденүү деңгээлине анализ берип жатып, аталган илимий маселенин бир катар өзгөчөлүктөрүнө токтолуп кетүү зарыл. Каралып жаткан маселе саясий мүнөздөгү илимий темалардын бири жана хронологиялык жактан Эгемендүүлүк доордогу мезгилдин тарыхына байланышкандыктан, бул маселени изилдөөгө тарыхчылар гана эмес коомдук-гуманитардык илимдин бардык өкүлдөрү: тарыхчылар, саясат таануучулар, социологдор, философтор, журналисттер ж.б. тарабынан изилдөөгө алынып келүүдө.

Илимий маселенин тарыхнаамасына анализ берип жатып, “саясий өнүгүү” маселесин изилдеген авторлор өзүнүн адистиги, кесиби боюнча, жана алардын эмгектеринин мүнөзү, айырмасы, көлөмү боюнча айырмалангандыктан, аларды төмөнкүдөй: “ 1991-2010жж. саясий өнүгүүнүн илимий эмгектерде изилдениши” жана “1991-2010жж. саясий өнүгүүнүн

мезгилдүү басма сөз беттеринде чагылдырылышы" – деген эки чоң бабка бөлүп кароо тарыхый логикага туура келет деген ойдобуз.

Кыргызстандын Эгемендүүлүк мезгилиндеги саясий өнугүүсүнун тарыхнаамасына анализ берип жатып КМШ өлкөлөрүнүн айрым изилдөөчүлөрүнүн эмгектерине токтолуп кетүү зарыл. Бул эмгектерди окуп үйрөнүү, салыштырмалуу талдоо жүргүзүү мурдагы СССРдин кең аймагында пайда болгон постсоветтик өлкөлөрдүн саясий жараяндарындагы мыйзам ченемдүүлүктөрдү, окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктоо менен Кыргызстанда жүргөн саясий кайра куруулардын анык маңызын түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Анткени эгемендүү Кыргызстанда жүргөн саясий процесстер КМШ өлкөлөрүндөгү саясий процесстер менен белгилүү деңгээлде жалпылыктарга ээ болуу менен бирге жергиликтүү улуттук өзгөчөлүктөргө да ээ. Бул эмгектердин арасында Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнө арналган эмгектер да бар. Мындай тариздеги изилдөөлөргө: Д. Фадеевдин [256.102], Г. Горшковдун [65.32], М. Агаевдин [35.3], А. Улюкаевдин [129 .95] эмгектерин кошууга болот. Ал эми, В. Олещуктун, К. Орлованын изилдөөлөрү Россия Федерациясындагы саясий партиялардын калыптануу процессин, алардын өлкөнүн саясий турмушундагы ролун иликтөөгө арналган [108,74; 110,76]. Бул изилдөөлөр Кыргызстандагы партиялык системанын калыптануу жараянын иликтөөгө, анын оң-терс жактарына туура баа берүүгө олуттуу көмөк көрсөтөт. Ошол эле учурда бир катар россиялык изилдөөлөр эгемендүү Кыргызстандын мамлекеттик түзүлүшүн, андагы саясий жараяндарды талдоого арналган [3.85; 3.33.].

Коңшу Казакстан менен Кыргызстанда жүргөн саясий реформалар бири-бирине үндөш болгондуктан, Кыргызстанда жүргөн саясий жараяндарды изилдөө ишибизге казак окумуштууларынын өз республикасында жүргөн саясий кайра курууларга арналган изилдөөлөрү да чоң салым кошту. Алардын катарына: С. Абильдиндин, М. Биекеновдун, Р. Кадыржановдун, Н. Машандын ж. б. эмгектерин кошууга болот [34.2;55.22; 77,44; 99.65.]. Бул изилдөөлөрдө авторлор, эгемен Казакстандын саясий системасындагы кайра курууларды,

бийлик жана башкаруу органдарынын трансформацияланышын, өлкөдөгү жалпы саясий жараяндарды, алардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүн, натыйжасын ар тараптуу илимий изилдөөгө алышкан. Бул изилдөөлөрдү талдап, окуп-үйрөнүү өлкөбүздөгү эгемендүүлүк жылдарындагы ишке ашырылган саясий кайра куруулардын маани-маңызын туура талдап, объективдүү баалоого чоң көмөк көрсөтөт.

Борбордук Азия аймагында жайгашкан постсоветтик өлкөлөрдөгү саясий процесстерди талдоого алган кыргызстандык окумуштуулардын эмгектерин да кошууга болот . Мындай тариздеги эмгектерден Т. Ожукееванын [107.73.] эмгеги өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. Окумуштуу өзүнүн эки китептен турган көлөмдүү эмгегинде чыныгы эгемендүүлүк шартында аймактын өлкөлөрүндөгү улуттук мамлекеттүлүктөрдү куруу тажрыйбасын цивилизациялык ыкма менен талдоого алган. Ошондой эле, илимпоз Борбор Азия мамлекеттериндеги (Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Түркмөнстан) бийликти бөлүштүрүү принцибинин жана жаңы саясий системанын институттарын (президенттик, парламенттик, көп партиялуулук) түзүүнүн конституциялык-укуктук  негиздерин тыкыр изилдөөгө алган. Изилдөөчүнүн пикири боюнча, бийликти бөлүштүрүү принцибинин иштиктүүлүгү мамлекеттик органдардын калыптануу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрү сыяктуу  көп тарыхый факторлордон көз каранды. Өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында, Т. Ожукеева бардык мамлекеттерде бийликти бөлүштүрүү принциби ал мамлекеттердин Конституциясында бекитилгендигин көрсөтүп, бирок, аларды бөлүштүрүүнүн жана өз ара мамилелеринин жолдору бирдей эместигин, аларды ишке ашыруунун жолдору да ар түрдүү экендигин белгилейт. Илимпоз бардык өлкөлөрдө президенттик бийлик, бийликтин башка бутактарынын баарын өзүнө баш ийдирип, гипертрофияланган мүнөзгө өтүп бараткандыгы жөнүндөгү өзүнүн илимий корутундусун чыгарган. Бул корутунду эң эле туура экендигин, жана ал бардык мамлекеттерге мүнөздүүлүгүн белгилөөгө болот.

Диссертациялык эмгектин максат, милдеттеринде белгиленгендей “Эгемендүү Кыргыз Республиканын саясий өнүгүүсү” (1991-2010) аттуу

илимий маселе өз ичине: саясий системанын өзгөрүүсү, президенттин башкаруу институнун киргизилиши; көп партиялуулук системанын калыптануусу: саясий кризис: 2005-ж март окуясы сыяктуу саясий компоненттери илимий изилдөөдө алынган. Ошондуктан аталган компоненттердин изилденүү абалына тарыхнаамалык анализ берүүгө аркет жасоо зарыл деген ойдобуз

Эгемендүү Кыргыз республикасынын саясий өнүүгу маселесин изилдеген тарыхчы-окумуштуулардын катарына У.Чотонов, А.Асанканов, Н.Эсенкулов, З.Галиева, Ч.Койчуманова, А.Акуновдордун [137,103;139,104; 140,105;141,106;142,107;49,16;148,113;63,30;44,11;45,12;85,52]. монографияларын кошууга болот. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүн изидөөгө чоң салым кошкон авторлордун бири У. Чотонов болуп саналат. Автордун калемине эгемендүүлүк доордун тарыхына арналган бир канча эмгектери таандык [141,106;142,107]. У.Чотонов өзүнүн акыркы изилдөөсүндө тарыхый окуялардын жана фактологиялык материалдардын негизинде суверендүү мамлекеттин саясий, укуктук жана социалдык-экономикалык негиздерин изилдейт. Эгемендүүлүктү кабыл алуу, бекемдөө анын келечеги багытында изилдөө жүргүзгөн автор “Формирование и укрепление политики-правовых основ государственного Суверennитета Кыргызской Республики”- аттуу бабында – Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүү маселелерин талдоого чоң аракет жасаган. Президенттик башкаруу системасына анализ жасаган автор, 1994,1996,1998,2003-жылдардагы референдум аркылуу Конституцияга киргизилген өзгөрүүлөр, бийлик укуктарынынын президенттин колуна топтолушуна алып келди, бийликти узурпация жасоо жолуна түштү деген тыянакка келген. Бийликти узурпациялоо “прихватташтырууну гана жаратпастан, аткаруу бийлиги, сот бийлиги “чөнтөк” бийликке айланды деген тыянакка келген [142.107,с.117-118]. 14 жыл Кыргызстанды башкарган А.Акаевдин бийлигине баа берген автор, албетте А.Акаев эгемендүү Кыргызстандын мамлекеттик түзүлүшүнө, анын рынок экономикасынын түптөлүшүнө, коомду либералдаштыруу, демократиялаштыруу боюнча чоң

салым кошту. Ошол эле учурда кадр саясатын жүргүзүүдө кемчиликтер кеткендигин белгилейт. Ч. Чотонов: “бизде коммунизм эмес, кемминизм”,- деген эл арасында ылакап сөз бекеринен жаралбаса керек, деп жазат. [142.107,с.131]. Автор тарабынын белгиленген кадр саясатындагы кемчиликтердин бири жердешчилик (“кемминизм” сөзү бекеринен айтылбаса керек), көпчүлүк чиновниктер турмуштук тажрыйбасы жок, демилгесиз-принципсиз, алардын арасында өзүнүн кызыкчылыктарын жогору койгон чиновниктердин ар кандай кызматтарды ээлеп турушкандыгын баса белгилеп өтөт [142.107,с.131]. У. Чотоновдун монографиясын Эгемендүү Кыргызстандын саясий, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө терең анализ берүүгө чоң аракет жасаган эмгектердин бири катары кароого болот. Ошол эле учурда Ч. Чотоновдун эмгегинде Кыргызстандагы саясий партиялардын түзүлүшү боюнча изилдөө алынган эмес.

1980-жылдардын ортосунда – 1990-жылдардын башында жүргөн коомду демократиялаштыруу жараяны, ага байланышкан коомдук-саясий окуялар саясий партиялардын, демократиялык коомдук кыймылдардын түзүлүшүнө алып келген, кыргыз элинин улуттук аң-сезими кескин жогорулаган. Аталган проблемалар изилдөөчү А.Асанкановдун эмгегинде кеңири иликтөөгө алынган [49.16,с.32.].Автор 90-жылдардын башындагы алгачкы пайда болгон коомдук-уюмдардын, партиялардын тарыхына өзгөчө көнүл бурган.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүн изилдөөгө орчундуу салым кошкон окумуштуулардын катарына Н.Эсенкуловдун көлөмдүү монографиялык изилдөөсүнүн кошуууга болот. Аталган эмгегинин II,III бабтарында Кыргызстандын экономикалык моделинин абалына жана бийликтин кризиске учурашы менен калктын социалдык-маданий абалынын шарттарынын өзгөрүүсүнө анализ жүргүзүлөт. Кыргызстандын 1991-2005-жылдардагы экономикалык өнүгүүсүнүн негизги тенденцияларына топтолуу менен, автор рынок мамилелеринин түптөнүшү, приватташтыруунун жүрүшү, анын кемчиликтерине кеңири токтолуп кеткен. 1997-жылы Кыргызстан Борбордук Азия мамлекеттеринин ичинен экономиканы реформалоо жана

рынок механизмдерин киргизүү боюнча лидерлик орунду ээлеген”- деп жазат автор [148.113,с.127]. Автордун пикири боюнча макроэкономикалык стабилдүүккө жетүү жана экономиканы либералдаштыруу кезектеги маанилүү стратегиялык обьектилерди приватташтырууга өтүүгө мүмкүндүк берген. Автордун жогорудагы пикирлери далилдүү фактылар, экономикалык цифралар менен далилденип, аргументтештирилген.

Ал эми эмгектин бийлик кризиси тууралуу жазылган бөлүгүндө болсо, автор 2005-жылдын март окуясына мүнөздөмө берип, анын келип чыгыш себептерине токтолуп кеткен. Март окуясына баа берген Н.Эсенкулов: 2005-жылдын 24-март окуясын – окуяны 24-март 2005-жылдагы фактыны жана жыйынтыктарын бири-бири менен чаташтырбоо зарыл. Эгерде аларды өз алдынча бөлүп карасак, 2005-жылы 24-мартта Кыргызстанда революция болуп өттү, саясий окуяга элдин көпчүлүк массасы катышты, жогоркулар эскиче башкара албай калышты, төмөнкүлөр эскиче жашоону каалашпай калды,- деген дүйнөлүк революциянын абсолюттук закондору болду”  [148,113,с.175].- деп өз пикирин аргументтештирет. Ошол эле учурда автор Кыргызстанда экономикалык кризистин бышып жетилгендиги туурасында көптөгөн тарыхый фактыларды келтирет. Жыйынтыктап айтканда, Н.Эсенкуловдун аталган эмгегинин өзгөчөлуктөрү эгемендүүлүк мезгилдеги экономикалык социалдык-маданий өзгөрүүлөргө көбүрөөк токтолуп кеткен.

Диссертациялык эмгекте изилденип жаткан Кыргызстандын 1991-2010-жж саясий өнүгүүсүндөгү президенттик институттун түзүлүшү, көп партиялуулук системасынын жаралышы, 2005-жылдагы март окуясы З.Галиеванын илимий монографиясында чагылдырылат[63,30.].  Эгемендүүлүк мезгилдеги мамлекеттин түзүлүш моделине токтолгон автор, бийликтин үч бутагынын ортосунда компетенттүүлүктү бөлүштүрүү боюнча күрөш жүрдү. Ошондуктан Кыргызстанда конституцияга өзгөртүүлөрдү, кошумчаларды киргизүү жүргүзүп келди, жүргүзүлүп жатат [63,30.с.320.].2002-жылдын мартындагы Аксы окуясын бийликтин көпкө созулган  кризиси болуп калгандыгын автор, баса белгилеп өтөт.

Ал эми Кыргызстандагы саясий партиялардын абалына анализ жүргүзгөн З.Галиева саясий партияларды коомчулукта колдоо алсыз, алардын өздөрүнүн электоратынын жоктугун белгилейт. Кыргызстандын саясий демократиядан жана эркин рынок экономикасына өтүү кыймылы жана “Кыргызстандын саясий демократияга жана эркин рынок экономикага карай болгон кыймылы жарым-жолдо калып калды” [63,30.с.321.]– деген сын көз караштагы пикирди сунуш кылган. Ал эми башка эмгектерден айырмаланып, З.Галиева 2005-жылдын 24-мартындагы саясий окуянын жүрүшүнө хронологиялык түрдө анализ жүргүзүп, төмөнкүдөй мүнөздөмө берген: “2005-жылдын 24-март окуясын бир жактуу белгилеп кетүү мүмкүн эмес. Элдик революция болгондугун таануу зарыл, өзгөчө түштүк тарапта, ал эми борбордо болсо тынчтык митинг өкмөт үчүн күч аркылуу басып алуу менен аяктады”- деген пикирин билдирген [63,30.с.320.].Жыйынтыктап айтканда З.Галиеванын аталган эмгеги 1991-2010-жж Эгемендүү Кыргызстанда саясий өнүгүүсүнө терен анализ берген, өзгөчө саясий тариздеги изилдөө катары кароого болот.

Эгемендүү Кыргызстандын саясий өнүгүү маселесин изилдеген авторлордун катарына Ч.У. Койчумакованын эмгегин кошууга болот. Автордун эмгеги жогорку окуу жайлар үчүн окуу куралы катары жазылган эмгек болуп саналат. Ч. Койчуманова эмгегинде мамлекеттин башкаруу бутактары болгон: Президенттик институту,закон чыгаруучу, аткаруучу, сот жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу бийлик бутактарын кайрадан түзүү маселесине жана коомдук-саясий процесстердин абалына анализ жүргүзгөн. Эмгекте Кыргыз Республикасынын 1991-жылдын 31-августунда көз каранды эместике ээ болушу, Президенттик башкаруунун киргизилиши жана башка саясий башкаруу системасынын реформалоо аспектилерине токтолуп кеткен. А. Акаевдин мезгилиндеги саясий кризиске токтолгон автор, бийликтин бардык бутактарын узурпациялоо, башкаруу элитасынын легитимдүүлүгүнүн кризисине алып келди. Сот иштери Президенттик администрациянын көзөмөлүнө өттү. Бул кырдаалда 2005-жылкы Жогорку Кеңешке карата болгон шайлоо өлкөнү өзгөртүүгө алып келип, чыңалууну басаңдатуу керек эле - деп

жазат автор[85,52,с.25]. 2005- жылдагы шайлоонун жүрүшүнө анализ жасаган автор, шайлоонун фальсификацияланышы, 13-мартта өткөрүлгөн II турдун жыйынтыктарынын натыйжасында парламентке 10% жакын оппозициялык күчтөрдүн өтүшү, ал эми абсолюттук көпчүлүк Президентти колдогондордун өтүшү – элдин нааразычылыгын күчөттү деп, 2005-ж март революциясынын келип чыгыш себептерине туура анализ берген. [85.52,с.27].

Ч.Койчумpraнованын эмгегиндеги изилденген маселенин бири – бул Кыргызстандагы көп партиялуулук системасынын жаралыш тарыхы. Автор 1987-2010-жж аралыгындагы Кыргызстандагыкоомдук-саясий уюмдардын, партиялардан пайда болушу, анын лидерлеринин ишмердиктерине токтолуп кеткен.Көп партиялуулуктун тарыхына кайрылган автор–алардын жаралышын, өнүгүшүн төмөнкү 3 этапка бөлүп карайт: I этап: “Коммунисттик” партиянын үстөмдүк кылган мезгилинде жаралган “неформалдык” уюмдар, дискуссиялык маанайдагы “Демос” клубу, “Современник” жана “Поиск” саясий клубу; II этап: Коомдук-саясий кыймылдардын күчтүү социалдык-экономикалык багыттагы маселелерди чечүүгө багытталган. Коомдук-саясий уюмдардын дүркүрөп өнүгүшү (“Ашар”, “Көк жар”, “Единство застройщиков”); III этап: Демократиялык коомдуу түзүүгө максат кылган саясий кыймылдардын мезгили. [85.5,с.117]. Белгилей кетчү көрүнүш автор ар бир партиянын ишмердиктерине кыскача токтолуп кеткен.Автордун эмгеги эгемендик доордогу Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнө анализ жүргүзгөн кызыктуу эмгек катары баалоого болот.

Кыргызстандын эгемендик доорунун изилдөө чоң салым кошуп жаткан окумуштуулардын бири А.Акунов. Автордун калемине Кыргызстандын саясий өнүгүүсүн изилдеген илимий макалалары жана көлөмдүү эмгектери жарык көргөн. [45,12;39,7;41.9].1040 бет көлөмүндөгү акыркы жарык көргөн эмгегинде А.Акунов Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнүн тарыхын хронологиялык түрдө сүрөттөп, түрлүү көз караштагы материалдарды, тарыхый фактыларды келтирүү менен саясий өнүгүүгө баа берүүгө чоң аракет жасаган. А.Акуновдун эмгегинин озгочолугу 1991-2021жж.аралыгындагы

Кыргызстандын саясий, социалдык-экономиалык, руханий онугуусун гана эмес, эл аралык мамилелер, чек ара маселеси, диний, этностук жагдайларды изилдеген. Аталган ар бир маселенин жаралышын, онугушун ирээтту иликтеп, конкреттуу фактылар, далилдер келтирилген. Ар бир саясий процесстерге кенири жыйынтык чыгарылган. Маселен “Кыргызстандын демократияга карай жолундагы “үч ашуу” жэ демократиянын үч толкуну катары: Аксы окуясы-демократияга карай  татаал жолдогу биринчи ашуу”; 2005жылдын 24-мартындагы “Жоогазын” революциясы демократияга карай жолдогу экинчи ашуу; 2010жылдын 7 апрелиндеги революция демократияга карай татаал жолдогу үчүнчү ашуу” катары, үч чоң саясий толкунду белгилейт [45,12.с.902-903]. Уч чон саясий окуянын болуп өткөндүгү тарыхый чындык, бирок 2010жылдын 7 апрелиндеги саясий окуяны да революция катары  мүнөздөп, бир тыянака келүү мезгили алдыда деген ойдобуз.

Эгемендүүлүк мезгилдин саясий өнүгүүсүнө карата саясат таанучулар, социологдор, коомдук ишмерлер тарабынан изилдөөлөр жүргүзүлүп, кызыктуу илимий эмгектер жаралып келүүдө. Алардын катарына  А.Акаев,Т.Ожукеева, К. Жумалиев, У.Чиналиев, [38,6;106,72;133,99;134,101;134,100]. ж.б. эмгектерин кошууга болот.

Кыргызстандын тунгуч президенти А. Акаевдин калемине да бир катар эмгектер таандык. Эгемендүү Кыргызстандын алгачкы он жылдыгындагы өлкөнүн ички, тышкы саясатына арналган, анын жетишкендиктерин жана кыйынчылыктарын хронологиялык ирээттүүлүктө караган [38,6,с], ошондой эле, Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата жарык көргөн А. Акаевдин эмгектери да көңүл буруууга арзыйт [37,5] . Албетте бул эмгектер автор тарабынан белгилүү деңгээлде бир жактуу, өз саясатын актоо таризинде жазылып калгандыгын айтпай кетүүгө болбойт. Ошентсе да, аталган эмгектер биздин изилдөөбүз үчүн баалуу фактылык материалдарды берди.

Эгемендүү Кыргызстандын саясий системасын реформалоонун өзөктүү маселеси бийликти бөлүштүрүү принциби болгон. Анткени бул маселе, тоталитардык башкарууну демократиялык башкарууга алмаштыруунун негизги

жолу катары каралган. Ошондуктан, бул маселени кеңири изилдөөгө алган У. Чиналиевдин эмгектери кызыгууну жаратат. Автор өзүнүн изилдөөлөрүндө Кыргызстандын негизги мамлекеттик бийлик органдарынын калыптануу процессин тарыхый өнүгүү алкагында караган жана советтик жана постсоветтик мезгилдеги мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктарын, функцияларын салыштырып, талдоого алган. Ошондой эле, бийликтин үч бутакка бөлүштүрүлүшүнүн теориялык негиздерин анализдеп, анын негизинде эгемендүү Кыргызстандын үч бийлик бутагынын калыптануусун, алардын өз ара мамилелерин изилдеген. Изилдөөлөрүнүн негизинде автор, бул жараян республиканын саясий системасын реформалоонун алгачкы жылдарында мамлекеттик бийликтин кризиси менен аяктагандыгын белгилеген. Ошондой эле, У. Чиналиев 1996-жылдын февралындагы референдумдан кийинки республиканын жогорку мамлекеттик бийлик органдарынын конституциялык ыйгарым укуктарын иликтөөгө алган.

Эгемендүү Кыргызстандын саясий системасынын негизги элементтери болгон президенттик бийлик, парламенттик бийлик, көп партиялуулук системасын өзүнчө изилдөөгө алган эмгектердин катарына К. Жумалиев менен Т. Ожукееванын монографиясын атоого болот. Биргелешкен эмгекте авторлор азыркы дүйнөдөгү президенттик институтка байланышкан жалпы проблемаларды кароо менен, Кыргызстанда президенттик институттун калыптануу өзгөчөлүктөрүн изилдешкен. Монографияда мамлекет башчысынын (президенттин) статусу жана ыйгарым укуктары, анын Жогорку Кеңеш, өкмөт жана сот бийлиги, ошондой эле жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен укуктук мамилелери иликтенген.

Эгемендүүлүк доордун саясий тарыхындагы өзгөчөлуктөрдун бири бул көп партиялуук системасынын жаралышы анын өнугүүсү болуп саналат. Аталган маселени изилдөгө көбунчө саясат таанучулар, көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлердин көңүл буруп келүүшүдө.Партиялардын тарыхына арналып жазылган эмгектердин катарына. У.Чиналиев, А.Акунов, Б. Орунбеков, К. Базарбаев, Б. Жумагулов, М. Иманалиев ж.б. эмгектерин

кошууга болот [135,101;44,11;11,77;51,18;58,25]. Өткөөл мезгилдеги кыргыз коомундагы көп партиялуулук проблемасын республикадагы партиялык системанын өнүгүүсүн изилдөө ишине У. Чиналиев, А. Акунов [135,101;41,19]. олуттуу салым кошкондуктарын белгилөө абзел. Бул изилдөөлөрдө авторлор саясий партиялардын маңызын, функцияларын жана типтерин, Кыргыз Республикасындагы партиялык системанын калыптануу процессин, анын өзгөчөлүктөрүн изилдешкен.

Белгилүү саясат таанучу Б. Орунбековдун аталган эмгеги саясий партиялардын калыптанышынын изилдөөнүн теориялык-усулдук негиздери жана Кыргызстандагы партиялардын калыптанышы аттуу эки чоң маселени талдоого арналып жазылган. " Кыргызстандагы партиялардын калыптанышы жана маңызы" – аттуу бабында , автор Кыргызстандагы көп партиялуулуктун эволюциялык өнүгүү этабы жана коомдогу ордуна кеңири анализ берүүгө аракет жасаган. Партиялардын жаралыш тарыхына анализ берген автор, Кыргызстандагы партияларды бир канча топторго (классификация) бөлүп кароону сунуштайт. Биринчи топко либералдык партиялар. Алар улуттардын ортосундагы радикализмди таанышпайт, улутуна, рассасына карабастан, атуулдардын тең укуктуулугун жакташат. Экинчи топтогу партияларга "реформаторлордон тартып, ортодоксторго чейинки коммунисттик маанайдагы партиялар түзөт" [111.77,с.89]. Ал эми үчүнчү топтогу партиялардын катарына автор, улуттук-патриоттук маанайдагы партияларды кошот. "Алар оозеки түрүндө Кыргызстанда этникалык моноулуттук мамлекетти түзүүнү ачык билдиргени менен, расмий түрдө өз ойлорун көбүнчө жымсалдатуу менен айтышат"- [111.77,с.89]деп жазат. Б. Орунбеков тарабынан сунушталган партиялардын классификациясына толук кошулууга болот. Анткени 2010-жылга чейинки Кыргызстандагы партиялардын программалары, койгон максат-милдеттерин талдап көрсөк, Б. Орунбеков тарабынан сунушталган классификация тарыхый чындыка туура келет.

Кыргызстандагы көп партиялуулуктун жаралыш тарыхына, анын эволюциясына терең анализ берген Б. Орунбеков "жыйынтыгында

Кыргызстанда партиялар саясий институт катары калыптана элек, алар олуттуу күчкө айлана элек. Анткени алардын бири да, кандайдыр бир социалдык катмардын кызыкчылыктарын толук чагылдыра албайт", - деген жыйынтыкка келет.[111,89,с.206]. Партиялар саясий институт катары калыптана элек экендигин, 2021жылдын 28 ноябрындагы Жогорку кеңешке карата болгон шайлоодон дагы байкоого болот. Анткени, юстиция министирлигинде кыргызстанда 72 партия катталганы менен шайлоого катышууга болгону 21 гана партия өз арызын беришти.

Кыргызстандагы саясий партиялардын 2000-2010-жылдардагы шайлоо процессине катышкандыгына анализ жүргүзгөн эмгектердин бири К. Базарбаев, Б.Жумагуловдун эмгеги болуп саналат. [51.18,с.].3 бабтан турган чакан эмгектин 1-2- бабында авторлор партиялардын теориялык жана алардын ишмердиктерин регулировка кылган нормативдик-укуктук жагдайларына кеңири токтолуп өтүшкөн. Ал эми эмгектин 3-бабында болсо, 2000-2010-жж. 4 этаптан турган Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешине карата болгон шайлоо компаниясынын жүрүшүнө талдоо жүргүзүлгөн. Авторлор Кыргыз Республикасынын парламентин түзүүдө саясий партиялардын 4 этаптан турган шайлоо системасына катышкандыгын белгилешет:

1. 2000-жылдагы жогорку Кеңешке шайлоо, бир мандаттуу округдан мажоритардык системада жүргүзүлдү.
2. 2005-ж 27-февралда, 2005-ж 13-мартта Жогорку Кеңешке шайлоо саясий партиялардын катыштыгы менен мажоритардык системада өттү.
3. 2007-ж шайлоо компаниясы, парламентке мөөнөтүнөн мурун жүргүзүлүп, ал пропорционалдык түрдө өткөрүлдү.
4. 2010-жылдагы шайлоо компаниясы жаңы конституциянын негизинде жүргүзүлүп, мамлекет парламенттик башкаруу системасына өтүп, биринчи жолу парламентке өткөн партиялар Кыргыз Республикасынын өкмөтүн түзүштү. [51,18,с.5].Авторлордун 2000-2010-жж аралыгындагы шайлоо компаниясынын хронологиялык жүрүшүн толук чагылдырат.

Авторлор аталган 4 этаптагы шайлоого катышкан партияларды, шайлоо округдарынын түзүлүшү, агитациялык иштердин жүргүзүлүшү ж.б. маселелерге токтолуп кетишкен. Алсак, 2005-жылдагы шайлоого 14 саясий партия катышып, 75 шайлоо участкалары түзүлүп, 14 партия 227 кандидаттарын сунуштагандыгын белгилейт. Бирок, автор өз эмгегинде 2005-жылдагы шайлоо процессиндеги кемчиликтер, административдик ресурстардын колдонулушу, элдин нааразычылыгынын жаралышы сыяктуу маселелерге токтолгон эмес. К.Базарбаев, Б. Жумагуловдун аталган эмгегин шайлоо системасынын процедураларын гана чагылдырган окуу-куралы мүнөздөгү эмгек катары кароого болот.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүндөгү орчундуу маселелердин бири- бул 2005-жылдагы март окуясы болуп саналат. 2005жылдагы март революциясы боюнча көптөгөн макалалар арналган, бирок өз алдынча эмгек катары Ж.Назаралиевдин, Н.Князевдин [104,70;79,46] эмгектери жарык көргөн.

Белгилүү дарыгер Ж. Назаралиевдин эмгеги 2005-жылдагы март окуясына арналып жазылып, автор 2005-жылдагы окуянын келип чыгыш себептерине гана токтолбостон, март окуясынын жүрүшүнө баа берүүгө аракеттенген. 6 баптан турган популярдуу эмгекте 2005-жылдагы март окуясынын себептерине, жүрүшүнө, түндүк- түштүк маселесине жана март окуясы мезгилиндеги “мародёрлук” маселерине анализ берүүгө аракет жасаган.

Автор 2005-жылдан март окуясына баа берип жатып бул “ массанын кыймылыбы же толпанын стихиясыбы?”- деген суроону коюп “кыргыз революциясы мурунтан пайда болгон, кадиксиз окуя катары эсептейт. [104,70.с.43]Ал эми 2005-жылдагы март окуясынын себептеринин токтолгон автор, М. Акаеванын мамлекеттик кадр саясатына кийлигишкендиги, бийлик орундарынын сатып алынышы, жүз миңдеген акчалардын “Мээрим” фондусуна түшүп турушу ж.б. коррупциялык көрүнүштөрдүн өкүм сүрүп келиши март окуясынын жарыяланышынын негизги себептери катары карайт. [104,70.с.11].

Албетте Ж.Назаралиевдин эмгеги илимий нукка караганда, жатык , жөнөкөй тил менен жазылган эмгек катары баалоого болот.

Март окуясына баа берүүгө арналган эмгектердин катарына А. Князевдин эмгегин кошууга болот. Автор март окуясынын ички жана тышкы себептерин талдап, бийлик алмаштыруунун айрым технологияларын иликтеп, автор төмөнкүдөй жыйынтыка келген: “2005жылдагы март окуясы мурунку чиновниктер, айрым депудаттар жана өлкөнун түштүк регионунан чыккан саясатчылар, айрым криминалдык чөйрөнун колодоосу менен жаралган стихиялуу түрдөгү элдик көтөрүлүш, пучтун жыйынтыгы, “ мамлекеттик төңкөрүш” катары баалаган [79,46,с.152].Белгилей кетсек, А.Князевдин жогорудагы пикирине кошулууга болбойт. 2005жылдын март окуясы өлкөнун социалдык-экономикалык, саясий кризисинен улам жаралган элдик революция катары баалого болот.

Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнүн изилдениш деңгээлине тарыхынаамалык анализ берип жатып төмөнкүдөй жыйынтыктарга келүүгө болот:

- Эгемендүүлүк алгандан ушул күнгө чейинки тарыхнаамада Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнө карата көлөмдүү изилдөөлөрдөн тарта чакан илмий, илимий популярдуу эмгектер, макалалар, интервьюлар жарык көргөн.

-Кыргызстандын саясий өнүгүүсүн изилдөөгө тарыхчылар, башка коомдук илимдердин өкүлөдрү саясий процесстин жүрүшүн ар кыл жагдайларын өз алдынча карашкан.

-Плюралистик маанайда саясий өнүгүүнүн жүрушунө, натыйжаларына баа берүүгө аракет жасашкан.

## §2. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн мезгилдүү басма беттеринде сүрөттөлүшү

Диссертациялык эмгекте каралып жаткан Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн илимий эмгектер гана эмес мезгилдүү басма сөз беттеринде чагылдырылган.Илимий эмгектерден айырмаланып басма сөз беттериндеги материалдарды окуянын күбөлөру, байкоочулары, тигил жэ бул саясий процесстерге катышкан инсандар тарабынан, окмуштуулар, аналитиктер, журналистер, чет элдик байкоочулар тарабынан жазылып, мазмуну, көлөмү боюнча айырмаланган макалалар болуп эсептелет. Дагы бир өзгөчөлук жогорудагы авторлордун эмгектери официалдуу, официалдуу эмес басма сөз беттерине басылып чыккан. Авторлор официалдуу, официалдуу эмес көз караштагы инсандар болушкан.

Мезгилдүү басма сөз беттеринен 1991-2010-жж Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн төмөнкү аспектери:

1) Президенттик башкаруунун киргизилиши, шайлоо прецессинин жүрүшү

2) Көп партиялуулук системасынын калыптанышы

3) 2005-жылдын март окуясы ж.б. саясий темадагы материалдар чагылдырылган.

Албетте, мезгилүү басма сөз беттериндеги материалдар маанилүү тарыхый булактардын бири болуп саналат.Бирок, айрым газета, журналдарга жарыяланган материалдар( айрым макалалар оз алдынча жыйнак катаы да жарыяланган) өзүнүн мазмуну, көлөмү, макаладагы көтөрүлгөн маселенин концептуалдуулугу менен айырмалангандыктан аларга тарыхнаамалык таризде анализ жүргүзүүну чечтик.

2005-жылдын март саясий окуясына карата, окумуштуулардын арасында коптогон талкуулар, тегерек столдор өткөрүлүп, интервьюлар алынган. Кызыктуу илимий макаланын катарына “Центральная Азия” журналына жарыяланган И. Боданскинин “Демократическая революция в Кыргызстане:

миф и реальность” – деп аталган эмгегин кошуга болот. [59,26]. Борбордук Азия стратегиялык проблемалары боюнча бир канча макалалардын автору И.Бодански 2005-жыл март окуяларына анализ берип, башка авторлордон айырмаланган көз карашын сунуштаган. Автор, 2005-жылдагы март окуясы “стихиялуу элдик көтөрүлүш эмес, түштүк региондогу наркобарондордун колдоосу менен анча чоң эмес саясий топ тарабынан уюштурулган путчунун жыйынтыгы болуп саналат”- деп жазат. [59,26,с.34]Март окуясынын келип чыгышына андан ары токтолгон автор, окуянын жаралышына АКШнын тийгизген таасири күчтүү экендигин белгилейт. Автор АКШнын таасири менен Грузия, Украинадагы төңкөрүштөр болгондугун баса белгилеп, АКШнын негизги максаттарынын бири - мурунку СССР курамына кирген өлкөлөрдү Москванын көзөмөлүнөн чыгаруу негизги мотивдердин бири экеедигин белгилейт. 2005- жылдагы март окуясынын жаралышына А. Акаевдин либералдык жана демократиялык саясатты жүргүзгөндүгү болду. А.Акаев Америка өкмөтүнүн жана көптөгөн эл аралык мамлекеттик эмес уюмдардын бузулушуна шарт түзгөндүгү болгондугун белгилейт.

АКШнын максаты Бишкекке жумшак жана жоош-момун администрацияны олтургузуп, андан соң өлкөнү Борбордук Азияда дестаблизация жасоо үчүн пландарына айландыруу, АКШнын бул региондо гегемониясын орнотуу максатын көздөгөн деген пикирин улантат. Белгилей кетсек, автордун 2005-жылдагы март окуясына АКШнын тийгизген таасири туурасындагы маселе, бардык эле изилдөөчүлөр тарабынан колдоого алынган жок. Ал эми март окуясыны “наркобарондор колдонгон чакан саясий топтор тарабынан уюштурулган “путч” катары бааланышын автордун жеке пикири катары кароого болот. Анткени, 2005-жыл март окуясынын жаралышынын негизги себептери катары, өлкөдөгү саясий, социалдык-экономикалык себептерден улам жаралган “элдик революция” катары баалоо тарыхый чындыкка жакын деген ойддобуз.

Ал эми Б.Макаренконун ““Цветные революции” в контексте демократического транзита”- аттуу макаласы болсо мурунку СССРдин

курамына кирген Республикалардагы болуп өткөн саясий окуяларга анализ берүүгө арналган. “Цветные революция”, “бархатные революция” түшүнүктөрүнө токтолгон автор, “гүлдүү революцияда коомдук түзүлүш өзгөрүлбөйт, бийлик бир элитанын колунан экинчи бир элитанын колуна өтөт. Ошондуктан автордун пикири боюнча Кыргызстандагы революцияны “гүлдүү революция” деп атоого болбойт” [93,59,45]- деп жазат.

2005жылдагы март революциясына карата жарыяланган жыйнактын бири “Мартовская революция в Кыргызстане: шаг вперед или...”- [95,61,45] деп аталат. Эмгек тегерек столдун катышуучуларынын макалалары топтолуп,өз алдынча жыйнак болуп жарык көргөн. 2005-жылдагы март окуясынан кийинки жарык көргөн эмгектердин бири, тегерек столдун катышуучулары ар түрдүү кесиптин ээлери: окумуштуулар, саясий ишмерлер, дин өкүлдөрү болуп саналат. Жыйнактагы жарыяланган макалалардын мазмуну жагынан топтоштуруп, талдап көрсөк, тегерек стол төмөнкү маселелердин тегерегинде талкуу жүргөн жана алар аталган жыйнакта жарыяланган:

1. 2005-ж. мартта кандай окуя болуп өттү:революциябы, төңкөрүшпү, бунтпу?
2. 2005-ж. март окуясынын келип чыгышы себептери
3. 2005-ж. март окуясынын тышкы фактору.

Аталган суроолордун тегерегинде А.Брудский , О.А. Молдалиев, К.И.Исаев, М.С.Казакбаев, Н.А.Кутнаева ж.б. кызыктуу пикирлери эмгекте орун алган. Белгилүү окумуштуу К. Исаев, март окуясына баа берип, аны “бунт”эмес, “төңкөрүш эмес” – бул элдик ынкылап, “элдик революция”- катары баа берген. Март окуясынын себептерине токтолгон окумуштуу анын: экономикалык, саясий , социалдык, рухий, адептик ,5 себептерине токтолуп кеткен.[95,61,с.40-41].

К. Исаевдин макаласына үндөш макаланын бири- О.Молдалиевдин “мартовская революция в Кыргызстане: первые уроки”- аттуу макаласы тегерек столдо талкуу болгон . Автор 2005-жылдагы март окуясына баа берүү максатында, “ революция”, “бунт”, “козголоң”, “көтөрүлүш” терминдеринин

маанисине токтолуп, март окуясы “бунт”, “көтөрүлүш”, “козголоң” түшүнүктөрүнө туура келбейт деген пикирди билдирет. О. Молдалиевдин пикири боюнча Кыргызстандагы март окуясын “революция” катары мүнөздөөгө болот. Анткени ал элдин муңунун кульминациялык жеткен чеги болду” [95,61,с.65]- деп белгилейт. Ал эми тегерек столго катышкандардын бири Н.А. Кутнаева 2005-ж. март окуясына тышкы фактордун таасири барбы?- деген маселени козгогон. Кыргызстандагы граждандык коомдун пайда болушун, чет мамлекеттен келген финансылык жардамдарга токтолгон автор, 2005-ж. март окуясын революция катары мүнөздөп, тышкы факторлордун тийгизген таасири төмөнкүдөй жыйынтыкка келген. Кандайдыр бир окуя Кыргызстанда пландаштырылган беле?- деген суроого,- автор тескери баа берген. “Эгерде революция пландаштырылса анда ал 2005-жылдын күзүндө ,тагыраак айтканда президенттик шайлоонун алдында болмок”- деген пикирге келет.[95,65.с.65]. Автордун пикири боюнча демократиянын аралчасына айланып бара жаткан Кыргызстанда topолоң уюштуруп, бийликти алсыратуунун зарылчылыгы жок деген пикирди карманат.

Жыйынтыктап айтканда тегерек столдун катышуучулары 2005-жылдагы март окуясын кеңири талкуулашып, март окуясынын келип чыгышына Республикадагы саясий, социалдык-экономикалык кырдаал, элдин көп жылдык нааразычылыгынан улам жаралган, элдик революциялык мүнөздө болгон окуя катары баалашкан.

2005-жылдагы март окуяларына карата белгилүү окумуштуу К.Исаевдин “Агым”, “Аалам”, “Замандаш” газета беттерине жарык көргөн макалары, интервьюларын кошууга болот.[194,40;195,41,195,43;197,43;199,45]. Автор аталган интервью, макалаларында 2005-жылдын марттагы окуянын себептерине түрткү болгон Жогорку Кеңешке өткөн шайлоолордун ыплас оюндары боюнча өзүнүн жекече көз карашын билдирет. Жогорку Кеңешке болгон шайлоонун жүрүшүнө токтолгон автор, бийликтин партиясы болгон “Алга Кыргызстандын” атынан чыгып жаткан талапкерлердин дээрлик көпчүлүгү турмуштук тажрыйбасы жок жаш балдар экен, бирок чөнтөгү

толтура акча экен өкмөттүн, бийликтин өкүлдөрү да катуу киришип жатат[201.47] -деген пикирди айтат.

Ал эми башка бир интерьюсунда Жогорку Кеңешке болгон шайлоонун 1-турунда мамлекет “Алга Кыргызстандын” өкүлдөрүнүн өтүшүнө ыңгайлуу шарт түздү. Шайлоочуларды ачык-айкын сатып алуу кеңири жүргүзүлдү. Акча, көмүр, кирпич, шифер ж.б.таркатылып койлор,жылкылар союлуп, арак суудай төгүлдү”- деп билдирген. [200,46]Белгилеп кетчү көрүнүш автордун атылган макалалары, газета беттерине берген интервьюлары топтолуп өз алдынча китеп болуп жарык көргөн.[195,41]

2005-ж. март окуясына анализ эмгектердин катарына “Апрельская народная революция: уроки истории и взгляд в будущее Кыргызстана”[200,46] -аттуу жыйнакты кошууга болот. Аталган эмгек 2010-жылдагы апрель окуясына арналып жазылгандыгына карабастан, жыйнактын авторлорунун көпчүлүгү 2005-жылдагы март окуялары менен 2010-жылдагы апрель окуяларына тарыхый-салыштырма анализ берүү аракетин жасашкан. Аталган жыйнакты белгилүү окумуштуулар А.А.Арзыматова,Т.Койчиев, Д.Джунушалиев, В.М.Плоских, О.А.Тогусаков, Ш.Д.Батырбаева ж.б. тарыхчы, философ, экономисттердин кызыктуу илимий макалалары жарыяланган. Аталган окумуштуулар 2005-ж. март, 2010-ж. апрель окуяларынын себептерин салыштырууга аракет жасашкан. Окумуштуу А. Арзыматова “Системные предпосылки мартовский 2005 и апрельский 2010-года революции в Кыргызстане”[174,20] – аттуу макаласы өзгөчө кызыгууну жаратат. XVIIк. болуп өткөн классикалык мүнөздөгү француз революциясына токтолгон. Автор революция болуп өткөндөн 6 жылдан кийин гана экономикалык маселелерди чечүүгө киришип, коомдогу кедей катмардын кызыкчылыгын коргоону чече баштагандыгын белгилейт[104,20]. Улуу француз революциясынын тарыхына токтолгон автор, 2005-ж март, 2010-ж апрель окуяларынын мүнөзүнө баа берүү аракетин жасаган. А.Арзыматова 2005-ж март, 2010-ж апрель окуяларын мамлекеттик төңкөрүш катары баалоого болбойт, анткени мамлекеттик төңкөрүш элдин катышсыздыгысыз, болжол менен 30-50 адамдын күчү менен

ишке ашырылат.[174,20] Ал эми революциянын натыйжасында өзгөрүүлөрдүн болбогондугуна токтолуп, А. Арзыматова өз пикирин төмөнкүчө билдирет: “бирок биз эске алышыбыз керек англиялык буржуазиялык революция 20 жыл, француздук революция 10 жыл, октябрская революция толук бир өткөөл мезгилди талап кылган” [174.20,с.22]- деп жазат. Албетте, Кыргызстандын тарыхнаамасында 2005жылдагы март окуясын элдик революция катары мүнөздөсөк, ал эми 2010ж. апрель окуясына саясий баа берип, бир тыянака келүү убакытты талап кылчу көрүнүш деген ойдобуз.

Жогорудагы эмгектерден тышкары 2005жылдагы март революциясына карата ар кандай көз караштарды камтыган журналисттердин, саясат таануучулардын, социологдордун, бир топ илимий макалалары, эмгектери жарык көргөн [92,58;205,51;187,33;177,23;]. Ошол эле учурда Кийинки жылдары Кыргызстан тарыхнаамасы март, апрель окуяларынын себептерин, жүрүшүн, мүнөзүн жана өзгөчөлүктөрүн, март (2005-ж.), апрель (2010-ж.) окуяларынан кийинки жылдардагы өлкөдөгү саясий процесстерди иликтөөгө алган бир катар илимий эмгектер менен толукталып келүүдө. [81,48;91,57; 4.117; 3.104;3.44;3.92.].

2005-жыл март окуясына баа берүүдө тарыхнаамада бир канча көз караштардын пайда болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Айрым авторлордун макалаларындагы колдонулган терминдерди жаңыча көз каращ менен кароо зарыл деген ойдобуз. Алсак, А.Брудный, О.А.Молдалиев, М.С. Казакбаевж.б. авторлор “бунт”, “көтөрүлүш”, “төңкөрүш” терминдерин колдонушкан. Аталган саясий терминдер советтик илимде калыптанып таптык позициядан улам жаралган, өзгөчө тарых илиминде үстөмдүк кылып келген түшүнүктөр болуп саналат. XXIк. глобалдык өзгөрүүлөрдүн шартында, аталган түшүнүктөрдү колдонууда жаңы пикирлердин да жаралышы кадиксиз көрунуш деген ойдобуз.

Жогорудагы эмгектерден тышкары 2005жылдагы март революциясына карата ар кандай көз караштарды камтыган журналисттердин, саясат таануучулардын, социологдордун, бир топ илимий макалалары, эмгектери

жарык көргөн [92,58; 205,51; 187,33ж.б]. Ошол эле учурда Кийинки жылдары Кыргызстан тарыхнаамасы март, апрель окуяларынын себептерин, жүрүшүн, мүнөзүн жана өзгөчөлүктөрүн, март (2005-ж.), апрель (2010-ж.) окуяларынан кийинки жылдардагы өлкөдөгү саясий процесстерди иликтөөгө алган бир катар илимий эмгектер менен толукталып келүүдө. [50.83; 91.57; 121,87; 146,111;176,223 ж.б.].

Кыргызстандагы партиялык системасынын түзүлүшү, анын кыргыз коомундагы орду жана ролун чагылдырган эмгектердин катарына, М. Иманалиевдин редакциялыгы астында жарык көргөн " Политические партии в Кыргызстане" [115,81]- аттуу коллективдүү жазылган эмгекти кошууга болот. Аталган авторлордун макалалары басма соз беттерине да жарыяланган. В. Богатырев, М. Иманалиев, С.Масаулов, В. Хамисов, К. Бекболотовтор тарабынан жазылган макалалар жыйнагы өзгөчө кызыгууну жаратат. Авторлор Кыргызстанда көп партиялуулук системасынын жаралышына анын айрым проблемалардын анализ берүү аракеттерин жасашкан. Аталган эмгектеги В.Богатыревдин "Место и роль политических партий в кыргызском общество"- аттуу макаласында, автор жалпы эле тарыхтагы партиянын социалдык ролу, анын функцияларына, партиялардын типологиясына тарыхый анализ берет. Кыргызстандагы жаралган партиялардын спецификалык өзгөчөлүктөрүнүн бири катары "салттуу" кыргыз демократиясынын өкүм сүрүшү менен "Кыргыз коомунда общиналык демократиядан башка, эч кандай коомдук түзүлүш болгон эмес. Кыргыздар эч убакта кул ээлөөчүлүк түзүлүштү билишкен эмес, көпчүлүк мезгилде феодалдык (жерге болгон жеке менчикти ээси) түзүлүш өкүм сүрүп келген"-[180,26,с.23] деп белгилейт. Автордун көчмөн кыргыз коомунда партиялык түзүлүштүн болбогондугу, көпчүлүк көчмөн элдерде болсо,аскердик автократия жана көчмөн демократиялык түзүлүштүн өкүм сүрүп келгендиги туурасындагы пикирине толук кошулууга болот.Ал эми партиялык түзүлүш, автор туура белгилегендей 1991-жылдан тарта гана жарала баштаган тарыхый көрүнүш болуп саналат.

Автор макаласында партиялардын калыптануу процесстерине токтолуп 1991-жылы юстиция министрлигинде 65 партия жана кыймылдар катталса,1995-жылы 12 партия жана 6 коомдук-саясий кыймылдар катталган. Ал эми Кыргызстанда партиялардын 3 тиби калыптанды:

а) бийликтин партиясы ( "Адилет", "Алга Кыргызстан"; б) Харизматикалык лидердин партиясы ("Ата-Мекен", "Ар-Намыс", "Эркиндик"); в) Идеологиялык партиялар [115,81]("Моя страна", "Коммунативдик партия"). Автордун Кыргызстанда партиянын 3 тибинин пайда болгондугу туурасындагы пикири, партиялардын 90-жылдардагы мезгилге туура келет. Ал эми аталган жыйнактагы С.Масаулов менен В.Хамисовдун "Позиционирование политических партий в Кыргызстане"- аттуу макаласында болсо, автор Кыргызстандагы партиялардын жаралуу, калыптануу мезгилдерин төмөнкүдөй 3 этапка бөлүп карашат:[115,81.с.66-67].

1. 1991-1994-жж. түптөнүү мезгили
2. 1994-1999-жж жаралуу мезгили
3. 2000-жылдан 1 этап, 2005-жылдан 2 этап калыптануу мезгили

Кыргызстандагы партиялык системанын калыптанышына анализ жасаган авторлор Кыргызстан чындап партиялык демократиянын багытында өнүгө турган болсо, жакынкы арада идеологиялык жактан жалпы, туугандаш партиялар биригип, келечекте күчтүү партиялык структура түзүлөт"- деген бүтүмгө келишкен. [115,81.с.103]. Жыйынтыктап айтканда В.Богатырев, М. Иманалиев, С.Масаулов, В.Хамисов, К. Бекболотовтордун макалалар жыйнагы топтолгон, "Политические партии в Кыргызстане"- аттуу эмгек Кыргызстандагы партиялык системанын жаралыш тарыхына, кыргыз коомунун өзгөчөлүгүнө, партиялардын типтерине анализ берген кызыктуу эмгек болуп саналат. Эмгек 2005-жылдагы Жогорку Кеңешке шайлоо мезгилине чейинки окуялардын өз ичине камтыйт.

Кыргызстандагы президенттик, парламенттик башкаруу формасынын киргизилиши туурасындагы изилдөөлөрдүн катарына М.К.Укушев, Ж.А.Бокоевдин, З. Чотаевдин эмгектерин атоого болот.[128,94 ]. Белгилей

кетчү көрунуш аталган авторлордун эмгектери мезгилдүү басма сөз беттерине да жарыяланган. М.К.Укушев, Ж.А.Бокоевдин биргелешип жазган эмгегинде Кыргыз Республикасындагы президенттик институнун калыптынышы, анын конституциялык-улуттук статусуна, шайлоо тартибине, компетенциясына, президенттин нормативдик-укуктук актыларына жана президенттин администрациясына юридикалык жактан анализ берүүгө арналып жазылган. Аталган эмгектин авторлору президенттик институттун калыптанышы туурасында кеңири изилдөө гана жүргүзбөстөн, Кыргызстандын президентинин укуктук статусун СНГ мамлекеттеринин президенттеринин укуктары менен салыштыруу жүргүзөт. 10 баптан турган Кыргыз Республикасынын президентине арналган эмгекти юридикалык таризде жазылган кызыктуу илимий эмгек катары баяндоого болот.

Ал эми жаш изилдөчү З.Чотаевдин эмгеги болсо, Эгемендүүлүк мезгилдин саясий өнүгүүсүнүн тарыхына арналып, 4 бабтан турган автордун эмгегинин 1- бабы саясий системасынын өнүгүшү жана Кыргызстандагы парламенттик башкаруу формасына өтүүнүн өбөлгөлөрү изилденет. Автор 1993-жылдагы Конституция боюнча Кыргызстандын саясий системасынын жана 1996, 2003-жж. Конституцияга өзгөртүүлөрдү, кошумчаларды киргизүү боюнча маселеге токтолгон. Автор туура белгиленгендей 1993-жылдагы конституция боюнча президент менен парламенттин ортосунда аткаруу бийлигин түзүү жана ага көзөмөл кылуу боюнча Кыргызстанда аралашкан башкаруу формасы түзүлгөндүгүн белгилейт[137,103,с.11]. Бирок автор туура белгилегендей 1993-1996-жж. аралыгындагы башкаруу формасын жарым-парламенттик башкаруу катары сүрөттөөгө болот. Жогорку Кеңешке бир топ укуктар берилгендигине карабастан, иш жүзүндө бардык саясий маселелерди, Президент чечкен. Иш жүзүндө Кыргыз Республикасынын башкаруу формасын автор жазгандай жарым- президенттик башкарууга айланып калган.

**Жыйынтык:**

Эгемендүү Кыргыз республикасынын саясий онугуусунун чагылдырган илимий эмгектергеанализ берип жатып( $1.1,$1.2) төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

- Кыргызстандын постсоветтик мезгилдеги тарыхнаамасында "1991-2010жж. Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнө" карата көлөмдүү эмгектерден тарта, ири макалар( илимий жана попульярдык мүнөздөгү), интервьюлар, тегерек стол талкуулары ж.б. формадагы маалыматтар жарык көргөн.

- Саясий өнүгүү маселесине кайрылган авторлор профессионалдык дэнгээли боюнча ар кыл тармактын өкүлдөрү болуп саналат. Алардын катарына окумуштуу-тарыхчылар, окумуштуу-саясатаанучулар, окумуштуу-философтор, журналистер, коомдук ишмерлер, позициялык жана оппозияциялык маанайдагы саякатчылар ж.б. Демек ар кыл көз караштy, принциптерди карманышкан инсандар болуп саналат.

-"1991-2010жж. Кыргызстандын саясий өнугүүсүнүн" диссертациялык эмгекте изилдөөгө алынган компенеттери боюнча жарык көргөн эмгектерге жасалаган тарыхнаамалык анализ боюнча төмөнкүдөй корутундуга келүүгө болот:

- 1991-2010жж. Кыргыз республикасынын саясий онугуусунун негизги компененттери болгон;Эгемендуулук жараяны, Саясий системанын өзгөрүүсү, Президенттик башкаруунун киргизилиши, көп партиялуулук системасынын жаралышы, 2005жылдагы март революциясы, революциядан кийинки коомдук-саясий абал тарыхчы окумуштуулар Н.Эсенкулов, З.Галиева, Ч.Койчуманова, А.Акуновдордун эмгектеринде, саясий процессти комплекстүү изилдөөгө алуу аракети жасалган. Саясий өнүгүүнүн тарыхый себептери, натыйжаларына карата баа берүүдө, социалдык-экономикалык, саясий факторлорду негизги себеп катары карашат.

- А.Акаев, У.Чиналиев, Жуманалив, Т.Ожукеева эмгектеринде болсо авторлор саясий системаны реформалоо, бийлик органдарынын функциялары, Президенттик инстутунун киргизилиши, анын ыйгарым укуктары сыяктуу маселелер изилденген

- У.Чиналиев, А.Акунов, Б. Орунбеков, К. Базарбаев, Б. Жумагулов, М. Иманалиев сыяктуу саясат таанучулардын эмгектери болсо Кыргызстандагы коп партиялуулук системасынын жаралуу тарыхын, анын этаптарына баа берилип, партияларды клссификациялоо аракеттери жасалган

-М.К.Укушев, Ж.А.Бокоевдин, З.Чотаевдин эмгектеринде болсо Президенттик башкаруу институнун киргизилишине анализ жүргүзүлүп, Президенттин статусу, функциясы ж.б. ага байланышкан маселелер юридикалык аспекте изилденген.

-Н.Назаралиевдин, А.князевдин эмгектери болсо 2005жылдын 24 мартындагы революцияга арналып жазылган эмгектер болгону менен авторлор революциянын келип чыгышынын социалдык-экономикалык себептерине көнүл бурушкан эмес. Озгочо А.Князевдин 2005жылдагы март революциясын “мамлекеттик төңкөрүш” катары баалаган пикирине кошулууга болбойт. Автордун изилдөөсү окуялардын жүрүшүн бир жактуу баалап, кандайдыр бир социалдык буйрукту аткаргандай туюлат.

- Тарыхнаамалык анализ корсоткондой 1991-2010жж Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнүн ар кыл жагдайлары өз алдынча изилденип, көбүнчө окумуштуу -тарыхчылардан башка коомдук өкүлдөрү оз алдынча эмгектерин жараткан.Бирок, каралып жаткан мезгилдеги саясий өнүгүүну комплекстүү изилдөөгө арналган эмгектин жетишсиздиги, диссертациялык эмгек актуалдуу темалардын бири экендигин айгинелейт.

## II Бап. ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

### 2.1. Изилдөөнүн тарыхый булактык базасы

1991-2010-жж Кыргызстандын саясий өнүгүүсү боюнча тарыхый булактар кеңири. Тарыхый булактардын өзүнүн мазмуну, маалыматтуулугу, багыты боюнча бири-бири менен айырмаланат. Жогорудагы өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен диссертациялык эмгекте колдонулган тарыхый булактарды бир канча топко болуп кароого болот.

*I топтогу тарыхый булактарга "ченемдик укуктук нормативтик документтерди"* кошууга болот. 1991-2010-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасындагы саясий процесстерди ишке ашыруу, жөнгө салуу боюнча конституция [19,21]- декларация,закондор, кодекстер, буйруктар, токтомдор кабыл алынган. Ченемдик-укуктук нормативдик документтер-бул Президент, Жогорку Кенеш,Өкмот, референдум жолдору аркылуу кабыл алынган, тийиштуу токтомдор, буйруктар, закондор. 1991-2010-жылдар аралыгында өлкөнүн баш мыйзамы болгон Конституция1993-жылы 5-майда парламент тарабынан кабыл алынган. 1993жылкы кабыл алынган Конституцияга,1994,1990,1998,2001,2003-жылдары "Конституциялык кеңешме" тарабынан өзгөрүүлөр, кошумчалар киргизүү үчүн элдик референдумдар өткөрүлгөн. Аскар Акаевдин бийлик жүргүзгөн жылдары Конституцияга 5 жолку киргизилген өзгөрүүлөр, кошумчалар президенттик бийликтин укуктарын күчөтүүгө багытталгандыгын көрүүгө болот. Алсак, конституциянын 2003-жылдагы редакциясынан кийин президенттик бийликтин 3 жолку мөөнөтү киргизилген. Ал эми 2005-жылдагы парламенттик шайлоонун жыйынтыктары 2005-жылдагы март окуясынын жаралышына түздөн-түз себеп болгондугун айтууга болот. Демек, Конституцияны тарыхый булак катары кароо менен референдум жолу менен баш мыйзамга кошумча өзгөртүүлөрдү киргизүү өлкөдөгү саясий процесстердин курчушуна шарт жараткан көрүнүш катары кароого болот.    Ченемдик-укуктук нормативдик документтердин бири – бул -1991 кабыл алынган "Декларация" жана Кыргыз Республикасынын

Президенттик шайлоо турасындагы закон [1,1990]- болуп саналат. 1990 жылы "Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө декларация",1991-жылы 31 августа "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларация" кабыл алынган. 1991жылы 31августа кабыл алынган "Декларацияда" Кыргыз Республикасынын саясий түзүлүшү аныкталып, республикадагы бийлик закон чыгаруучу, аткаруучу жана салт бийлигине бөлүнөөрү көрсөтүлгөн[1.1990]. 15 статьядан турган суверентитет жана 5 статьядан турган Кыргыз Республикасынын көз каранды эместиги турасындагы "Декларацияларда" саясий бийликтин негизги өзөгү аныкталган.

Ченемдик-укуктук нормативдик документтерге токтомдорду кошууга болот. Алсак, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын президенттин шайлоо жөнүндөгү токтому, 1990-жылдын 27-октябрында А.Масалиев тарабынан кабыл алынганр[1.1990,с.329]- Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган токтомдор, закондор "Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР" – аттуу журналга жарыяланып турган. Ушул эле журналда мамлекеттик суверенитет жөнүндөгү Декларация да жарыяланган.[2.1990,с.1205]- Жогорку Кенеш тарабынан кабыл алынган токтомдор, закондор "Ведомости" журналына жарыяланып турган.

Ченемдик-укуктук нормативдик документтердин катарына 1991-2010-жылдар аралыгында кабыл алынган закондорду кошууга болот.Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүн Конституциянын негизинде жөнгө сала турган бир катар закондор кабыл алынган. Аларга Президенттик бийликти киргизүү боюнча кабыл алынган закон[1,1990]-. Ал закондун 114-беренелеринде Президенттик кызматтын укуктары, функциясы ж.б. ал кызматка байланышкан нормалар көрсөтүлгөн.

Ченемдик-укуктук нормативдик документтердин кийинки бөлүгүн шайлоо туурасындагы Кодекстер тузот түзөт. Жогорку Кеңеш тарабынан Кыргыз Республикасындагы шайлоолорду өткөрүү тартибин, жоболорун, жалпы принциптерин камтыган бир катар кодекстер кабыл алынган[16,18].

Кодекстер шайлоо компаниялары алдында толукталып, кошумчаланып, Жогорку Кеңеш тарабынан бир нече ирет кабыл алынып жарыяланган. Шайлоо Кодекстеринин депутаттарды, Президентти, шайлоо боюнча жалпы талаптар, шайлоочулардын укуктары, кандидаттарды сунуштоо, агитациялык иштер, аларды жүргүзүү тартиби, шайлоонун жыйынтыктарын аныктоо, шайлоо округдарын түзүү боюнча негизги талаптар, укуктар көрсөтүлгөн. Ошондуктан кодекстерди тарыхый булак катары колдонуу маанилүү болуп саналат. Маселен, 1999жылдагы  Шайлоо турасындагы кодекстин өзгөчөлүгү-саясий партиялардын, кандидаттардын – шайлоо мезгилинде – шайлоо фонддорун түзүү жөнүндөгү норманын киргизилиши болуп саналат. Аталган кодекстин 51 беренесинде “шайлоо фонду” турасындагы маселе – кеңири каралган [16.18].

*II топтогу тарыхый булактарга мезгилдүү басма сөз беттери кирет*. Мезгилдүү басма сөз беттериндеги материалдарды колдонууда, Кыргызстандын эгемендик доорундагы бир маанилүү өзгөчөлүктү эске алуу керек. Кыргызстандагы демократиялык процесстин жүрүшү менен официалдуу жана официалдуу эмес көз караштарды чагылдырган мезгилдүү басма сөз органдары пайда болду.Ошол  эле учурда ар бир партиянын өз басма органдары түзүлгөн. Демек бул топтогу тарыхый булактарда жарык көргөн материалдар кандайдыр бир топтун, партиянын социалдык кызыкчылыгын чагылдыра алган. Аталган басма сөз органдарында колдонууда биз тарабынан тарыхый процесстерди обьективдүү чагылдыруу максатында, өзгөчө тарыхый-салыштырмалуулук методун колдонуу зарыл болду.

Эгемендуу Кыргыз республикасынын саясий өнүгүү процессин чагылдырган официалдуу басма сөз органдарына “КыргызТуусу”, “Слова Кыргызстан”, “Эркин-Тоо” газеталары кирет. Кыргыз республикасынын бийлик бутактары тарабынан кабыл алынган бардык токтомдор, буйруктар, закондор көбүнчө “Эркин-Тоо” газетасына жарыяланып турган,  жана жарыяланып келүүдө. Президенттик башкаруунун киргизилиши, тийиштүү закондордун кабыл алынышы, мамлекеттик башкаруу системасынын өзгөрүлүшү, көп партиялуулук системанын пайда болушу, 2005-жылдагы март

окуясы ж.б. саясий мүнөздөгү маселелер аталган газеталарда кеңири орун алган. Албетте, бийликтин органы катары аталган газеталар бийликтин жүргүзүп жаткан саясатын тастыктоо, пропагандалоо менен сын көз караштагы маалыматтарды жарыялаган эмес. Маселен, 2005-жылдын март-апрель айларында жарык көргөн “Кыргыз Туусу”, “Эркин-Тоо” газеталарында март окуясынын себептерин, анын жүрүшүн же болбосо А.Акаевдин бийлигин сындаган макалалар сейрек гана кездешет.2005-жылдын 24-мартына чейинки жарык коргон сандарында бул газета беттеринен “уй-булолук башкаруу”, “бийликти узурпациялоо”,кадр саясаты сыяктуу А.Акаевдин бийлигин сындаган макалалар кездешпейт.

Ал эми 2005жылдын 24 март революциясынан кийин, А.Акаевдин олкодон чыгып кеткенден кийин газета өзүнүн позициясын өзгөртүп, сын көзкараштагы макалаларды жарыялашбаштаган. Алсак, “Кыргыз-Туусу” газетасынын беттеринен Кыргызстандын саясий процесстерине байланышкан билдирүүлөрдү, интервью, макалаларды кезиктирүүгө болот. Маселен, “Кыргыз-Туусу” газетасына 2005-ж март окуясын чагылдырган көптөгөн макала, интервьюларды жарык көргөн. АКШнын Кыргызстандагы элчиси Стивен Янгдын “АКШ Акаевге кепил боло албайт” – аттуу интервьюсу жарыяланган. Интервьюда элчи А. Акаевдин бийлик жүргүзгөн жылдарына өз баасын берип, март окуясы боюнча өз оюн билдирген. А.Акаевдин “Би-би-сиге берген интерьюсундагы Кыргызстандагы төңкөрүш элчи Стивен Янгдын планы жана анын жетекчилиги менен ишке ашты” [252,98], – деген интервьюсуна, элчи Стивен Янг мындайча жооп берген: “Тилекке каршы акыркы убактарда анын демократиялык баалуулуктарга карата ынтаа ыкласы төмөндөп кетти. Эгерде ал парламенттик шайлоонун адилет өткөрүлүүсүн камсыз кылса жана Конституциялык норманы бузуп Президенттик шайлоого барбай тургандыгын билдирсе, мындай болмок эмес. Мурдагы Президент А. Акаевдин өз элинин ишенимин жоготкондуктан улам бийликтен четтетилгендигин кандайдыр бир сырткы күчтөргө шылтоолоп жаткандыгы бизди өкүндүрөт”[252.98],-деп айткан. Демек, элчи билдиргендей 2005-

жылдагы март окуясынын себептеринин бири бийликтин эл ишениминен кеткендиги негизги себеп катары карайт.

Кыргыз-Туусуна”газета беттеринен саясий процесске карата оз ойлорун билдирген башка авторлордун макалалары да жарыялана баштаган. ар кыл материалдар жарык көргөн. Алардын катарына: “Биз ак үйдү кантип алдык” [212,58]-“Акаев кандай укуктарынан ажырады” “Боз үй революциясына берилген баа” [209,55] - “Аскар Акаевдин оң кадамы жана сол кадамы”[209,55]- “Революция деп атасак болот” “Эл калыстыктан тайбайт”[209,55]- “Кыргыз революциясын Анадолу түрктөрү кандай кабыл алды”[210,56]- ж.б. чакан, ошол эле учрда мазмундуу макалалар жарык коргон.

Маселен, Кыргызстандын Туркиядагы элчисинин кеңешчиси Улан Ботобековдун газетага берген интервьюсунанТуркиянын Премьер министри Режеп Тайип Эрдогандын март окуясына карата коз карашын билууго болот. Автор бул макаласында Туркиянын Премьер министри Режеп Тайип Эрдоган:“Кыргызстандагы революция эң оболу кыргыз калкынын кызыкчылыгына туура келген тарыхый зор өзгөрүүлөрдү алып келди, андыктан эл жактырган бийлик менен кызматташууга даярбыз”- деген оюн билдирген[181.27].

2005-жылдан кийин газета беттерине 14 жыл бийлик жургузгон А.Акаевдин бийлигине, жалпы эле Эгемендик доордун саясий онугуусуно сереп салган кызыктуу илимий-популярдуу макалалар орун ала баштаган. Алардын катарына Конституциялык реформага карата жазылган И.Абдыразаков “Жумурунда жүгү, көкүрөгүндө туюму жокко бийлик тийбесин”[211,57] , С.Жигитовдун “Акаев байыганда качып кетет дегенде ишенчү эмесмин”[190.386], Р.Ачылованын “Революциянын өңү бар, өзү кайда” [175,21],-деген сыяктуу саясий процесстерге анализ берген макалаларын кошууга болот.Окумуштуу Р.Ачылова март окуясына баа берүү менен,14 жыл бийлик жүргүзгөн А.Акаевдин башкаруусуна баа берүү аракетин жасап “акаизм” тушунугун сунуш кылган. Автор “Акаиз деген эмне?”-деген маселе коюп, акаизмдин он белгиден турган өзгөчөлүктөрүнө токтолуп кетет.

“Акаизмдин” дагы бир белгилүү жагы анын актанып жана мактанган урааны “Кыргызстан демократиянын аралчасы”, чындыгында өз атын актай албай декларативдик, риторикалык демократиянын жергесине айланган көптөгөн батыш россиялык жана өзүбүздүн мекендештерибиз айта келет [175,21] -деген пикирдеги А. Акаевдин бийлигинин кемчиликтери катары баалайт.

Мезгилдуу басма соз органдарынины ичинен “Агым”, “Республика”, “МСН”, “Асаба” сыяктуу газеталар оппозициялык газеталар  Кыргызстандагы саясий процессерге карата коптогон макалалар, билдируулор жарыяланып турган. Алардын авторлору оппозициялык маанайдагы коомдук ишмерлер, депутаттар ж.б. инсандар болушкан. Газета беттериндеги материалдар 1991-2010-жылдардагы Президенттик шайлоо, конституцияны кабыл алуу, парламенттик шайлоо, март окуясына байланышкан кызыктуу материалдар жарыяланган.

Саясий процесстерди чагылдырган макалалардын катарына “Агым” газетасынан орун алган. Алардын катарына; “Шайлоонун шайтан оюндары” [160,6] - Эрнист Асек уулунун “Кыргызстанды каптаган кара булут же Акаев айланасындагылардын “кулу” бойдон калабы? [160,6]. Аталган макалада ЭрнистАсек уулу “Б.Букашеванын макаласында айтылган, “парламенттин 80% “бандиттер түзгөнү калды”.-деген оюна кошуулаарын билдирип, 2005жылдагы Жогорку Кенешке  шайланайын деп жатышкан депутаттардын курамына анализ жургузот. Макалада өлкөдөгү абал оор экендигин белгилейт, революция болоор алдында “К.Бакиев” тандем с премьером Куловым монолитен”(Республика,30.11.2005)

Конституциялык реформа турасында: О.Акматов “Чтобы власть не была всласть или еще раз о конститутционной реформе” [231,77] - “Мартовская революция – итог бездарного правления Акаева. 24-июня сего года госскомиссия по определенного имущества экс-президента представила полный отчет о проделанной работе” [230,76]. Аталган макалада комиссиянын чечими жарыяланган.  Март окуясына  анализ беришкен комиссия: “Кыргызстанда оз элине кызматкылуу идеологиясы, уй-булону багуу идеологиясы менен

алмашылган” деген чечимге келишкен [230,76] - Комиссиянын чечиминен А.Акаевдин 14 жылдык башкаруусу учурундагы саясий процесстер боюнча кызыктуу маалыматтарды алууга болот.

Ал эми А.Баялиновдун “Есть у революции начало, нет у революции конца [229,75] -, Ф.Куловдун “Революцияны эл жасады”[159,5] - Ж.Сааданбеков “Кыргызстанга демократия эмес, мыйзамдуулук жетишпей турат” [158,4] - аттуу макалаларында болсо, Кыргызстандагы демократиялык процесстердин жүрүшү, март революциясы боюнча авторлор конкреттүү фактыларды келтирген пикирлери жарык көргөн.

Март революциясы боюнча кызыктуу оюн сунуш кылган макаланын автору Ж.Жунушалиев. Автордун “Революция эмес, төңкөрүш болду” [161,8] - аттуу макаласында март окуясына мүнөздөмө берип,Ж.Джунушалиев: “Революция болуш үчүн, бир топтун бийлиги экинчи топтун бийлиги менен алмашуу керек. Кыргызстанда андай болгон жок. Төңкөрүш болду” [161,7] -деп эскерет. Албетте, XVIII – XXкк. башындагы дүйнөлүк тарыхтагы болуп өткөн клаассикалык революциялардан, март революциясынын айырмасы бар. XXIкылымдын башындагы Борбодук Азиядагы Украина, Грузиядагы болуп өткөн саясий окуяларды, революцияларды марксистик-лениндик окууда калыптанган революция түшүнүгү менен баалоо азыркы тарыхый кырдаалга туура келбейт деген ойдобуз.

*III топтогу тарыхый булактарга интернет ресурстарын кошууга болот.* Кийинки топтогу тарыхый булактар бул интернет булактары. Кыргызстандагы саясий процесстер: шайлоо, Президенттик башкаруу системасынын киргизилиши, көп партиялуулук системасынын калыптанышы, өзгөчө 2005-жылдагы март революция, революциянын жылдыгына карата көптөгөн материалдарды табууга болот.Интернет булактарда кыска, ар бир окуянын жүрүшү, өрчүшү боюнча хронологиялык ирээттеги материалдар жарыланып турган. Маселен, 2005жылдагы март революциясы туурасында хронологиялык түрдө окуяны сүрөттөп гана койбостон, фото-интернет түрүндөгү материалдар, видио тартуулар жайгаштырылган.

Маселен, А.Токмаковдун “Четвертая годовщина “тюльпановой революции в Киргизии: факты икомментарии” [253,99]. Автордун макаласы революциянын 4 жылдыгына арналып 2009 жазылган. Автор окуянын кантип башталганын ирээттүү түрдө сүрөттөп, алгачкы элдик митингдер түштүк областтардын башталгандыгын белгилейт. Оппозиция Жалал-Абад,Ош областтарынын областтык администрацияларын басып алышып, элдик губернаторлорду дайындашканын белгилейт. 23-мартта болсо, толкундоолор Бишкек шаарында башталганын, 24-март күнү митингчилер өкмөт үйүн басып алгандыгын белгилеп өтөт. Автор макаласында жаңы өкмөттүн түзүлүшү К.Бакиев, Ф.Куловдордун ортос.ундагы тандоо, парламенттик таркатылышы, 2007-жылдын 21-октябрындагы элдик референдум ж.б. маселелер боюнча автор өзүнүн комментарийлерин жазган.

Белгилүү болгондой 2007-жылдын 21-октябрында өткөн элдик референдумда Кыргыз Республикасынын конститутциясына толуктоолор киргизилген. Ал эми 2007-жылдын 16-октябрындагы парламенттик шайлоо болуп өтүп, “Ак жол” партиясы парламентте көпчүлүк добушка ээ болушкан. Динара Омурахунованын пикирине таянган автор, референдум жана парламенттик шайлоодон кийин өлкөдө “тездик менен өлкө артка чегине баштаган.” [253,99] - Революциядан “күткөн үмүттөр” өзүн  актай албай баштаган. 4 жыл аралыгында оппозициянын граждандык  сектордун өкүлдөрүн куугунтуктоо башталган. Революциянын 4 жылдыгын жыйынтыктаган автор, “революция мен үчүн майрам эмес”,революцияга чейин жашоо жакшы эле! Бул мародерлордун майрамы болду!- деген ар кыл пикирлерди мисалга келтирип, март революциясын майрамдоо кезектеги митингдердин мезгилине туура келип жатат” [253,99] - деп өз пикирин жыйынтыктаган.

Интернет булактарынан март окуясынын 10 жылдыгына карата “РИА Новости” “Тюльпановая революция в Киргизии 2005” [255,101] - аттуу билдирүүсун табууга болот.  “РИА новостидеги” аталган материал, 2005-жылдын март окуясын хронологиялык түрдө сүрөттөп, революциянын келип чыгыш себептеринин бири 2005-жылдын 27-февраль жана 13-мартындагы

парламенттик шайлоонун өтүшү болгондугун белгилейт. Шайлоо “кара технологияларды” колдонуу жолу менен жүргөндүгүн баса белгилеп өткөн [255,101].

“РИА новости” тарабынан “Сработает ли киргизский закон в других республиках региона?” [251,97] - аттуу макала кызыгууну жаратат. Айрым массалык маалыматтардан айырмаланып “РИА новости” – 2005-жылдагы март революциясынын негизги себептеринин бири катары чет элдик мамлекеттер тарабынан кийлигишүү болгондугун белгилейт.АКШ жана Европалык өлкөлөрү Кыргызстандагы окуяга бир жыл мурун даярданышкан Республикада “мамлекеттик эмес уюмдардын” күчтүү очогу түзүлгөн, алардын көпчүлүгү америкалык фонддор тарабынан каржыланган”-деген жыйынтыка келген [251,97].

Массалык маалымат каражаттарынын ичинен 2005-жылдагы март революциясына кайрылган бул “Азаттык”радиосу болуп саналат. “Азаттык”радиосу март окуясынын алгачкы күнүнөн тартып, ушул күнгө чейин деле март окуяларына байланыштуу талкууларды, илимий макалаларды уюштуруп келет. Алсак, мындай булактардын катарына “Азаттык” радиосу тарабынан уюштурулган “Деги 2005-жылы революция болду беле?”(24-март,2020-ж) “24-марттагы окуялар: революциябы же төңкөрүшпү?(2006-жыл,23-март); “Март ынкылабы” ж.б. маалыматтарды табууга болот.

**Жыйынтык:**

Жыйынтыктап айтканда 1991-2010-жылдардагы Кыргызстандын саясий өнүгүүсүн чагылдырган тарыхый булактар кеңири. ал булактардагы маалыматтар төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү менен өз ара айырмаланат:

- Материалдардын мазмуну,көлөмү
- Официалдуу жана официалдуу эмес көз караштагы материалдардын орун алышы
- Бир эле тарыхый процесске карата көп түрдүү пикирлердин чагылдырылышы

- Саясий процесстерга карата чет элдик өкүлдөрдүн берген баасы ж.б.

## §2. Изилдөөнүн ыкмалары

Ар кандай илимий изилдөө иши тарых илиминин принциптерине жана изилдөө ыкмаларына таянуу менен жүргүзүлүшү зарыл. Илимий маселенин обьектисине, предметине жараша тийиштүү принциптер, тарых илиминдеги изилдөө ыкмалары тандалып алынып, изилдөө процессинде колдонуу талап кылынат. Илимий изилдөө обьектиси катары тандалып алынган "Эгемен Кыргызстандын саясий өнүгүүсү" туурасындагы илимий маселени изилдөөдө тийиштуу принциптерге, методдорго таянуу менен диссертациялык иштин максат, милдеттерин чечүүгө мүмкүндүк берет.

**Изилдөөнүн обьектиси катары** Эгемендүү Кыргыз республикасынын саясий өнүгүүсү болуп саналат. Эгемендүүлүк алган жылдардан тарта Кыргыз республикасынын саясий түзүлүшүндө бир катар саясий реформалар жүрүзүлө баштаган. Саясий реформалар СССР кулагандан кийинки коомдук-саясий өнүгүүнүн, өлкөнү демократиялаштыруунун, мезгилдин негизги талаптары болгон.

**Илимий изилдөөнүн предмети** катары 1991-2010жж. Эгемендүү Кыргыз республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тармактары болгон Президенттик башкаруу системасынын киргизилиши, Элдик референдумдардын өткөрүлүшү, көп партиялуу системанын жарылышы, мамлекеттик саясий кризистин жетилиши, 2005 жылдын март революциясы каралат

Тарых илиминин методолгогиясына арналып советтик мезгилде М.А.Барг, М.Блок, И.Д.Ковальченко [53,20]- ж.б.эмгектери жаралса, постсоветтик доордо болсо А. Дж. Тойнби, Л.Февр, К.Ясперс, О.Медушевская, И.И.Смоленский, И.Д.Парфенов,Г.И.Ипполитов, А.Г.Степанцев [127,93]- ж.б. белгилүү тарыхчы-окумуштуулар тарабынан тарых илиминин методологиясын

изилдеген көлөмдүү эмгектер жаралды. Аталган эмгектерде окумуштуулар тарых илиминин функцияларын, принциптерин, илимий изилдөөнүн структурасын, жана методторунун теориялык негиздерин сүрөттөшөт.

Тарых илиминде белгилүү болгон негизги үч принципке: тарыхыйлык принциби (принцип историзма); обьективдүүлүк жана себептүүлүк ( принцип причинность) принциптерине таянуу менен алдыга коюлган милдеттерди аткарууга аракет жасалды. Белгилүү болгондой тарыхыйлык принциби – бардык предметтерди, кубулуштарды өнүгүү катары кароо менен алардын тарыхын изилдөө, предметтердин, кубулуштардын, жаралышынын конкреттүү-тарыхый жагын кароо, ар бир окуянын, кубулуштун өз ара биримдигин, байланышын изилдөө талап кылынат. Бул онуттон алып караганда, 2005-жылдагы март окуясынын жаралышын изилдеп жатып, тарыхыйлык принципти колдонууга туура келет. Анткени март окуясынын жаралышын, Кыргызстандын саясий, социалдык- эконмикалык өнүгүүсүнүн, андагы тарыхый процесстердин жүрүшүнүн натыйжасында келип чыккан саясий окуя, саясий факт катары кароого болот. Аталган окуянын жаралышы башка бир саясий процесстин уландысы, натыйжасы, катары кароого болот. 2005-жылга чейинки тарыхый процесстердин башатында, 2002-жылдагы Аксы окуясы турган.Элдин бийлика карата болгон наразычылыгы ушул окуядан башталып, 2005жылдагы март ревоюциясынын жаралышына алып келген.

Аталган эки тарыхый окуянын, процесстин ортосундагы хронологиялык чек, өтө узак убакытты камтыбайт. 2002-жылдагы Аксы окуясы болбогондо, 2005-жылдагы март окуясы жаралышы мүмкүн беле?- деген суроо жаралат. Изилдөөбүздүн тарыхнаамалык бөлүгүндө белгиленгендей окумуштуулардын дээрлик көпчүлүгү март окуясынын келип чыгышына түздөн-түз себеп болгон тарыхый өбөлгө катары 2002-жылдагы Аксы окуясын эсептешет.2002-жылдагы Аксы окуясын, ал тарыхый фактынын, окуяны өнүгүүсу катары кабыл алып, тарыхыйлык принцип таризинде кароого болот.

Тарыхыйлык принципти колдонуу боюнча окумуштуу С.Л.Утченконун А.Т.Степанищевдин сунуштарына, гипотезаларына токтолуп кетүү зарыл.

Алсак, С.Л.Утченко: “тарыхыйлык бул-кубулушту өнүгүү катары кабыл алуу. Кубулуштун өнүгүүсү деген эмне? Бул деген, кубулуштун өткөндөгүсүн ( анын генезисин) жана азыркысын, башка кубулуштар менен болгон байланышын кароо зарыл. Кубулуш, факт, окуяны өнүгүү катары караганда гана ошол жерден тарых башталат”- деп жазган [130,96]. Ал эми тарыхыйлык принциптерге анализ жүргүзгөн окумуштуулардын бири Ю.Н.Арзамаскин “тарыхыйлык принцип окуянын (фактынын) башка фактылар менен болгон байланышын камсыздайт”- деп белгилейт[46,13]. Демек, 2002 жылдын 17 мартындагы  Аксы саясий окуясы 2005жылдагы март революциясын жаралышына өбөлгө, шарт түздү.Эки саясий окуя өз ара тыгыз  байланышта.

Тарыхыйлык принципти колдонуудагы маанилүү жагдайлардын бири – бул тарыхыйлык принцип тарыхты конкреттүү процесс катары кароо менен бирге анын маани-маңызы жана убактысы боюнча өзгөрүүгө дуушар болоорун белгилейт. Алсак, 2005-жылдагы март революциясынын келип чыгышын, жүрүшүн, анын натыйжаларын изилдеп жатып, окуяны изилдеп  ага баа берген окумуштуулардын көз караштардын өзгөрүүсүнө көңүл бурууну талап калат. Анткени изилдоочулор көпчүлүк мезгилде коомдон, ал коомдун институттарынан көз каранды болот. Ошондуктан айрым көз караштар сынга алынат, саясий коньюнктурага жараша өзгөрөт. Ошоло эле учурда окуя боюнча жаңы фактылардын жаралышы менен мурунку көз караштар өзгөрүүгө дуушар болушу мүмкүн. Изилдөөчү Н.И.Павленконун пикирине таянган Ю.Н.Арзамаскин мындай фактылар үчөө болушу мүмкүн экендигин белгилейт. Биринчиден, көз караштардын өзгөрүшү тарых илиминин жаңы талаптарынын негизинде өзгөрүшү ыктымал [46,13]. Алсак, убакыттын өтүшү менен 2002-жылдагы Аксы, 2005-жылы март революциясы боюнча жаңы материалдардын табылышы менен аталган окуяларга карата берилген тарыхый баа, көз караштар, илимий концепциялар өзгөрүүгө учурашы мүмкүн. Экинчиден, тарыхчынын ишмердиги коомдук-саясий чөйрөнүн таасири астында, жаңы жаралган идеологияга байланыштуу өзгөрүүгө дуушар болушу мүмкүн.

Маселен потсоветтик доордогу изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү 2005-жылды март тарыхый окуясына баа берүүдө анын мүнөзү боюнча – "окуя", "төңкөрүш" деп келүүдө. Маселен тарыхчы Ж.Джунушалиев 2005жылдагы март окуясын тонкоруш катары баалайт. Анткени окуя таптардын ортосунда болгон жок. Бир тап экинчи таптын женген жок деп эсептейт [192,38]. Бул пикирди баары эле колдой беришпейт. Убакыттын өтүшү менен аталган көз караштар тап-такыр өзгөрүлүп, ошол мезгилдин коньюктурасына жараша жаңыча тархый баа, көз караштар жаралышы ыктымал. Үчүнчүдөн, тарыхый ыкмалар жана концепциялар философиялык системанын таасири астында өзгөрүшү ыктымал. Маселен, тарыхчы-изилдөөчү теориялык- методологиялык билимдердин негизинде окуяга, процесске обьективдүү баа берүү максатында өткөн тарыхка карата баа берүүсү, өзгөрүүсү мүмкүн[46,13]. Алсак, жаңы теориялык-методологиялык талаптардын негизинде – Эгемендүүлүк Кыргызстандын саясий өнүгүүсүнө жаңыча баа берүү маселеси, коомдук өнүгүүнүн жүрүшүнө, философиялык системанын өзгөрүүсүнө жараша жаралышы ыктымал.

Тарыхый илимий изилдөөнүн негизги принциптеринин бири – бул обьективдүүлүк болуп саналат. Ар бир изилдөөчү чыныгы тарыхый фактынын негизинде тандап алган обьекти анын предмети боюнча обьективдүү көрүнүштү чагылдырууга, изилдөөгө милдеттүү. Илимдин тарыхый билимден айырмасы такталган, далилденген фактыларга гана таянууну талап кылат. Албетте, ар бир тарыхчы өзүнүн көз карашына жараша, окуяларды, кубулуштарды ар кандай чагылдырат, ага ар кандай баа, мүнөздөмө берет. Ошол эле учурда тарых илими идеологиялык күрөштүн аренасы да болуп келген, болуп да жатат [72,39] . Тарыхчылар мамлекеттин жүргүзүп жаткан саясатын актоо, колдоо максатында, айрым учурларда тарыхый фактыларды тенденциялуу сүрөттөп да келишкен.

Алсак, Эгемендүү Кыргызстандын тарыхында айрым тарыхчылар тигил же бул партиянын, топтун, партиянын кызыкчылыгын коргошуп, социалдык буйрукту аткарышып, тарыхый изилдөөлөрдө обьективдүүлүк принциптен четтеп кетишкендигин байкоого болот. Кыргызстандагы көп партиялуулуктун

шартында тарыхчыга бийлик, партия, анын лидери тарабынан социалдык буйрук берүү ыкмалары жок эмес. Ошондуктан “ар бир муун өз тарыхын жазат”- деген үчкүл сөз жашап келет[96.62]. Бирок, кандай гана илимий изилдөө болбосун анын негизги максаты, өткөн тарых тууралында чыныгы, анык маалыматты, билимди берүү болуп саналат. Илимий чындыктуулук, обьективдүүлүктү талап кылат.

Тарыхый процессти таанып- билүүдө обьективдүүлүккө жетүү үчүн, бир катар факторлор талап кылынат: а).Изилдөөчүгө байланышпаган тарыхый булактардын болушу. Аталган фактор боюнча Эгемендүүлүк доордун саясий өнүгүү тарабыхын чагылдырган бир катар булактар бар. Алсак, буйруктар, токтомдор, закондор мезгилдүү басма-сөз беттерине жарыяланган маалыматтар ж.б. Диссертациялык эмгекти жазууда колдонулган булактар тууралында, 2баптын, $.1. кеңири сүрөттөлөт. б).Изилдөөчү жана коомчулук тарабынан тарыхый факт тууралында чыныгы маалыматты алууга кызыктар болушу. Аталган фактор диссертациялык изилдөөбүзгө тийешелүү көрүнүш. Кыргызстандын 1991-2010-жылдардагы саясий өнүгүүсүнүн тарыхы боюнча чыныгы тарыхый далилдерди, фактыларды алуу изилдөөчү үчүн гана эмес, жалпы эле коомчулук үчүн да кызыгууну жаратат. Алсак, 1991-2010-жылдар аралыгында постсоветтик доордун тарыхында Кыргызстандын тарыхында төмөнкү ири саясий,соцалдык- экономикалык маанидеги өзгөрүүлөр болуп өттү:

- ССCРдин таркалышы менен социалдык-экономикалык кризистер тереңдеп, Кыргызстанда базар-экономикалык мамилелер орной башташы; жаңы базар экономикасынын киргизилиши менен “приватташтыруу” меселесинин жаралышы ж.б.
- Эгемендүү Кыргызстандын саясий чөйрөсүндө болсо: жаңы институттардын киргизилиши; Президенттик башкаруу институтунун түзүлүшү; көп партиялуулук системасынын жаралышы;2002жылдагы Аксы окуясы;2005-ж март революциясы ж.б. саясий процесстер.

Демек, жогорудагы тарыхый окуялар, өзгөрүүлөр, тарыхый жактан таанып билуунун талап кылган, коомчулуктун кызыгуусун жараткан, изилдөөнү талап кылган актуалдуу маселелер экендиги талашсыз көрүнүш. Жогорудагы саясий процесстерди терен изилдөөгө, анализ берүүгө багытталган эмгектердин бири катары А.Акуновдун көптөгөн макалаларын, монографияларын кошууга болот. Өзгөчө мамлекеттик бийлик системасынын жаңыланышы тууралындагы маалыматтар, окумуштуунун акыркы жарык көргөн эмгегинде кеңири чагылдырылган[45,12]. Обьективдуулук принцибинин негизги компененттеринин бири тарыхый фактыларды бурмалабай, күн мурундан даярдалган схемаларга жакындатпай, фактынын маани- маңызына таянуу аркылуу чындыкты сүрөттөө болуп саналат.

Тарых илиминдеги принциптердин бири- бул себептүүлүк принциби, тагыраак белгилесек детерминизм принциби болуп саналат. И.Д.Парфенов белгилегендей детерминизм принциби изилдөөчүгө тарыхый кубулуштардын жана процесстердин себептери, шарттары, байланышына көңүл буруууга талап кылат [114,80]. Демек, тарыхый изилдөөдө обьективдүүлүк принципти колдонуусу зарыл көрүнүш. Ошол эле учурда абсолюттук түрдөгү обьективдүүлүктү колдонууга жетүү мүмкүн эмес. Г.М.Ипполитов: “обьективдүүлүккө жакындоого болот. Чындап жакынырак” [72,39], - деп жазат. Анткени кандай гана обьективдүү көрүнүш, кубулуш, окуя субьект тарабынан чагылдырылат.Чындыгында тарыхтагы ар бир жаралган окуя, кубулуш өз ара аракетте болот. Ал эми тарыхчы болсо, ар бир кубулуштун, окуянын себеп- натыйжаларын ачып берүүгө, тигил же бул тарыхый кубулуштун факторлорун түшүндүрүүгө милдеттүү.

Илимий изилдөөбүздө детерминизм принциби колдонуу өтө маанилүү жагдайлардын бири болду. Алсак, Кыргызстандын тарыхында партиялык системанын жаралышынын бир катар себептери- натыйжалары бар экендигин белгилеп кетүү керек. КПСС Борбордук Комитетинин 1985-жылдагы тарыхый апрель пленумунан кийин башка союздук республикалар сыяктуу эле, Кыргызстанда демократиялык өнүгүүнү максат кылып, “айкындуулук”, “кайра

куруу”, “демократиялаштыруу” сыяктуу түшүнүктөр жаралып, республиканын коомдук-саясий турмушун өзгөртүүгө аракеттер башталган. 1990-жылдын башында кыргыздардын саясий жана илимий катмарларынын өкүлдөрү, жаштары этносоциалдык маселеден, этносаясий, этномаданий талаптарды койгон митингдерге өтүшкөн. Бишкекте пайда болгон“Ашар”, Ош шаарындагы “Ош аймагы” сыяктуу кыймылдары улуттук-экономиканы, тилди, маданиятты жана салт-санааларды жандандыруу, өнүктүрүү талаптарын коё башташкан [248,94]. Аталган бул кыймылдардын себеп-натыйжалары катары улуттук коомдук-саясий кыймылдардын, андан соң партиялардын жаралышына себеп болгондугун байкоого болот. Алсак,1990-жылы май айында болсо, 24 коомдук-саясий уюмдар биригишип КДК–Кыргызстан демократиялык кыймылын уюштурушкан.

А.Акунов белгилегендей убакыттын өтүшү мененКДКичинде ал уюм тузулуп, оз ишмердигин баштаган да эле байкалган. Анан убакыттын отушу менен куч алып, кеңейип келген үч саясий агым: радикалдык, улутчул-патриоттук, центристик [40,8]. Ушул агымдар бара-бара саясий партиянын денгээлине өсүп жетилишкен. КДКнын ичинен “Ата екен”, “Асаба”, “Эркин Кыргызстан” партиялары жаралган. 1993-жылы 25-майда КДК партиясы түзүлгөн. Демек, детерминизм принцибин колдонуу менен Кыргызстандагы көп партиялуулук системасынын жаралышынын себеп-натыйжаларын аныктоого мүмкүндүк берет.

Илимий изилдөөдогү маанилүү жагдайлардын бири бул- колдонулган методдор болуп саналат. Белгилүү болгондой илимде жалпы илимий методтор жана спецификалык методтор бар. Тарых илиминин изилдөөсүнүн методтору жөнүндө сөз болгондо, тарыхый реалдуулукту изилдеген методторду, же болбосо, тарыхтын бардык багыттарында колдонуучу тарых илимине тиешелүү болгон методторду түшүнөбүз. Белгилүү окумуштуу, академик, И.Д.Ковальченко өзүнүн акыркы илимий монографиясында тарых илиминдеги методторго төмөнкүлөрдү кошот: тарыхый-генетикалык, тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-системалык [3.132,183-б.]. Белгилей кетчу

корунуш, көрүнүктүү окумуштуунун И.Д.Ковальченконун аталган эмгегинде советтик тарыхнаамеде биринчи ирет тарых илиминин методологиялык маселелери, тарыхты изилдөөнүн методторун системалаштырып, жогорку деңгээлде тарыхты таанып билүү объектисинин процесстерине мүнөздөмө берилген. Тарыхый булактарга классификациялоо жүргүзүү менен тарыхты изилдөөдө математикалык методту колдонуу ыкмасын иштеп чыккан. Жогорудагы тарых илиминин методологиясына арналган эмгектердин негизине таянсак, кандай гана тарыхый илимий изилдөө болбосун ал –жалпы илимий жана спецификалык методдорго таянуу менен жүргүзүлүшү зарыл. Илимий проблеманын обьектисине, предметине жараша бир катар методологияны тандап алуу табигый көрүнүш.

Эгемендүү Кыргызстандын 1991-2010-жж жылдардагы саясий өнүгүүсүнүн изилдөөдө, биз тарабынан тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-генетикалык, тарыхый-типологиялык методдорду колдонуу зарылдыгы жаралды. Белгилүү методолог И.Д.Ковальченконун пикиринде: ”илимий метод- бул теориялык жактан далилденген нормативдик таанып билүүчү каражат”[80,47.] Метод бул милдеттерди чечүү үчүн инструменттердин жана талаптардын жыйындысы болуп саналат. Диссертациялык эмгекти жазууда талап кылынган жогорудагы аталган методдорго токтолуп өтөлү.

Тарыхый-генетикалык метод тарыхыйлык принциптин бир бөлүгү катары – жаралуу, түптөнүү, калыптануу, өнүгүү сыяктуу кубулуштарга баа берүүгө мүмкүндүк жаратат. Тарыхый- генетикалык методдун негизинде окуянын негизги себеп-натыйжалуулук байланышын тактоого, доорлордун шарттуу өзгөчөлүктөрү, социалдык катмарлардын өзгөчөлүктөрү, менталитетти, тарыхый процесске катышкан инсандын жекече мүнөздүү белгилерин тактоого жардам берет. Алсак, Кыргызстандагы көп партиялуулук системанын жаралыш генезисин изилдеп жатып тарыхый- генетикалык методду колдонуу аркылуу гана маселени изилдөө мүмкүн экендигин белгилеп кетмекчибиз.

Кыргызстандагы көп партиялык системанын калыптанышы өзүнүн жаралуу,калыптануу, өнүгүү этаптарын басып өттү деп айтууга негиз бар.

Кыргызстандагы алгачкы социал-демократиялык уюмдардын, партиянын пайда болуу тарыхый-озогу, 1917-жылдагы февраль буржуазиялык-революциясынан кийинки мезгилге туура келет. Алардын катарына 1917-жылы түзүлгөн – Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларындагы "жумушчу –солдат депутаттарынын уюму" кошууга болот.А.Акуновдун пикиринде Кыргызстанда партиялык системанын калыптануу процессинин так мезгили жана орду катары1917жылдын жайын, Пишпек шаарын толук айтууга негиз бар, деп эсептейт[45.12,282-б].

Ал эми,1918-1924-жж аралыгында Жети-Сууда жашап келген "Алаш" партиясынын жергиликтүү уюмдарын кошууга болот. Бирок, Совет бийлиги орногондон тартып 73 жылдан ашуун мезгил ичинде Кыргызстанда башка союздук республикалардай сыяктуу эле бир партиянын - коммунисттик партиянын үстөмдүгү орноп келди. Демек, көп партиялуулук системанын жаралышын изилдеп жатып, анын жаралышын түпкү-тегине, баштапкы озогуно анализ берүүдө тарыхый-генетикалык методду колдонуу аркылуу изилдөө жүргүзүүгө болот. Белгилүү окумуштуу А.Акунов хроногиялык жана тарыхый-генетикалык методдорду колдонуу аркылуу Кыргызстандагы көп партиялуулук системасынын жаралыш тарыхына терең анализ жүргүзө алган. Автор эмгегинде көп партиялык системанын калыптанышын төмөнкү баскычтарга бөлүп кароону сунуштайт:I баскыч. 1987-1991-жылдар: СССР мамлекетинин шартында жигердүү жүрүп, аларды укуктук жактан уюштуруу иштери колго алына баштаган;II баскыч.1991-1995-жылдар: СССРдин кыйрашы, КПССтин жоюлушу менен өз алдынча алгачкы саясий партиялар түзүлө баштаган;III баскыч. 1995-жылдан бүгүнкү күнгө чейин: демократиялык Кыргызстанды курууну өз максаты кылып алышкан саясий партиялардын көп түрдүүлүгү жана алардын идеологиялык багыттарынын атаандаштыгы байкалат[40,8]. Демек, тарыхый-генетикалык метод көп партиялуулук системасынын тарыхын, анын өнүгүү баскычтарын изилдөөгө көмөк берүүчү методдордун бири деп атоого болот.

Тарыхый-спецификалык методдордун катарына тарыхый-салыштырмалуулук методду кошууга болот. Алсак, диссертациялык иште изиденип жаткан маселелердин бири бул- 2005-жылдагы март революциясы болуп саналат. 2005-жылдагы март революциясынын себептери, хронологиясы, натыйжалары туурасында көптөгөн пикирлер кездешет. Алардын катарына отрициалдуу бийлик өкүлдөрүнүн көз караштары, оппозициялык күчтөрдүн коомдук активисттердин, граждандык коомдун өкүлдөрүнү, окуяга түздөн-түз катышкан активисттер,販мородёрлер, жабыр тарткандар, чет элдик жарандар, чет элдик мамлекет башчыларынын өкүлдөрү, ички-тышкы эксперттик топтун өкүлдөрү ж.б. аталгандардын көз караштары түрлүү маалымат булактарында жарыяланган жана жарыяланып келүүдө. Окуянын обьективдүүлүгүн чагылдыруу үчүн, аталган коомдук өкүлдөрдүн көз караштарын, эскерүүлөрүн тарыхый-салыштыруу методун колдонуу аркылуу гана изилдөө жүргүзүүгө болот. Бир эле тарыхый булак тигил жэ бул маселе боюнча так, ошол эле учурда так эмес маалыматарды бериши мумкун[74,41]. Демек, бир эле факт боюнча турлуу коз караштарды салыштырып, тарыхый булактагы камтылган объективтуу чындыкты чагылдыруу негизги максат болуп саналат. Тагыраак айтканда тарыхый-салыштырмалуулук методу кеңири таанып билүүчүлүк шартка ээ. Эн башкысы тарыхый салыштырмалуулук методу изилдеп жаткан көрүнүш, так, бүдөмүк болгон учурда, анын кубулушунун маңызын ачып берүүгө, ал кубулушка тиешелүү болгон жалпы жана кайталанган зарыл жана законченемдүү, ошол эле убакта бири-биринен айырмаланган көрүнүштөрдү аныктоого мүмкүндүк берет. И.Д.Ковальченко «бир типтүү жана көп типтүү, бир кылка шартта жана өнүгүүнүн ар кайсыл деңгээлиндеги объектилерди, кубулуштарды салыштыруу керек» [3.132,188-б.], - деп белгилейт.

**Жыйынтык:**

- Тарых илиминин методологиясынын принциптери, методдору изилдөө ишмердикти жүргүзүүдөгү чоң рол ойноочу негизги инструмент болуп саналат. Илимий практикада тастыкталган тийиштүү методдорду колдонуу аркылуу гана объективтуу чындыка жетүү мүмкүнчүлүгү жаралат. Илимий методсуз

изилдөө жүргүзүү тарыхый фактыларды фальсификациялоого, бурмалоого, “мифологиялаштырууга” шарт түзөт.

- тарых илиминдеги тийштуу илимий методдорду колодонуу аркылуу гана илимий иштин алдын коюлган максат, милдеттерди аткарууга, тийиштуу илимий гипотезаларды жаратууга, сунуштоого мүмкүндүк берет.

## III. Бап. ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТҮ АЛУУ ШАРТЫНДАГЫ ӨЛКӨНҮН САЯСИЙ СИСТЕМАСЫН РЕФОРМАЛООНУН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

### 3.1. XXк. 90-ж. башындагы өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаал. Саясий системаны өзгөртүү өбөлгөлөрү жана ага багыт алуу.

1985-жылдын апрелинде М. Горбачевдун демилгеси менен Советтер Союзунун кең аймагында башталган кайра куруу саясаты, алдыңкы реформалардан айырмаланып, бир өлкөнүн аймагында эле эмес, дүйнөлүк масштабда түп–тамырынан берки өзгөрүлөргө алып келди. Ошондой эле, СССРдин кулашы, анын курамындагы союздук республикалардын, анын ичинде Кыргыз ССРинин эгемендүү өлкөгө айланышын шарттады. 1991-жылдын 31-августунда Кыргызстандын жогорку мамлекеттик бийлик органы болгон Кыргыз ССРинин Жогорку Совети “Мамлекеттик көз карандысыздык жөнүндө” Декларация кабыл алып, Эгемендүү Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнө укуктук жол ачты. Эгемендүү Кыргыз Республикасы саясий, социалдык-экономикалык, маданий багыттагы демократиялык кайра курууларга багыт алды. Коомдун бардык чөйрөлөрүндө ишке ашырыла баштаган кайра куруулардын негизги багыттарынын бири – Кыргызстандын саясий системасын реформалоо болгон.

Кайра куруунун алгачкы жылдарында Горбачев өлкөдөгү кайра курууларды ошол мезгилдеги жалгыз уюшулган күч болгон КПССке таянып ишке ашырууга ишенген. Партиянын ишмердүүлүгүн аны демократиялаштыруу аркылуу жандандырууга аракет кылган. КПССтин XXVII съездинде (1986-ж. февраль-март) партиянын программасынын Жаңы редакциясы кабыл алынган. Бирок бул аракеттердин баары алгылыктуу натыйжа берген эмес.

М. Горбачевдун жана анын пикирлештеринин жогорку партиялык-мамлекеттик башкаруу эшелонунда жүргүзгөн кадрдык алмашуулары да абалды өзгөртө албаган. Мисалы, ар кандай өзгөрүүлөргө каршы турган, брежневдик саясатка бекем берилген В. Гришин, В. Романов сыяктуу саясий

ишмерлер Саясий бюронун курамынан чыгарылып, Саясий бюрого “жаңы реформаторлор” А. Яковлев, Э. Шеварнадзе ж.б. киргизилген.

Ушул эле толкундун күчү менен Кыргызстандын жогорку партиялык жетекчилиги алмашылган. Кыргызстан компартиясынын Борбордук комитетинин биринчи катчысы кызматын 24 жыл бою ээлеген жана бир топ кыргыздын белгилүү жогорку мамлекеттик жана партиялык кызматкери Т. Усубалиев кызматынан бошотулуп, анын ордуна А. Масалиев шайланган [97,63,240-б.]. Бирок, А. Масалиевде реформатордук сапатка караганда, консерватордук сапат көбүрөөк болгон.

Ошентип, 1985-жылдын апрель айында өткөн КПССтин пленуму кабыл алган өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүн тездетүү курсу бир жылдан кийин маңызын өзгөртө баштаган. Демократиялык көз караштагы партиялык жетекчиликке коомдук-саясий башкарууну демократиялаштыруусуз мурдагы калыптанып калган советтик-партиялык стандарттуу башкаруу ыкмасы менен эл чарбасынын өнүгүүсүн “тездетүү” мүмкүн эместиги айкын боло баштаган. Бул багыттагы маанилүү бурулуш 1987-жылдын январь пленумунан жана 1988-жылдын июнь айында өткөн Бүткүл союздук XIX партиялык конференциядан кийин башталган.

Январь (1987-ж.) пленумунун чечимдерине ылайык өлкө турмушунда айкындуулук, чарба жүргүзүнүн жаңы экономикалык ыкмалары, ар кандай рангдагы жетекчилерди шайлоо реалдуу жайылтыла баштаганда, элдин кайра куруу жараянына болгон көз карашы да өзгөрүүгө дуушар болгон. Элдин саясий активдүүлүгү жанданган.

1988-жылдын 28-июнь – 1-июль күндөрү өткөн КПССтин XIX Бүткүл союздук конференциясынын чечимдери өлкөдө кеңири саясий реформаларды баштоого жол ачкан. Бул жогорку партиялык форумдан кийин, өлкөдө массалык демократиялык кыймылдар күч алган. Анын таасири Кыргызстанга да тийген. Тарыхчы окумуштуу Ү. Чотонов белгилегендей: “1988-жыл социалдык күчтөрдүн өз ара бөлүнүүсүнүн (размежевание) жана массалык демократиялык кыймылдардын жаралуусу, идеялык платформалардын

калыптануусу (радикалдык-демократиялык, либералдык-реформатордук, консервативдик, улуттук-демократиялык, марксисттик-лениндик ж.б.) үчүн шарттарды даярдоонун жылы болуп калды” [141.106, 20-21-бб.].

Дал ушул мезгилде Кыргызстанда Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинде эң биринчилерден болуп демократиялык институттар жана башкаруучу коммунисттик партияга оппозициялык мүнөздөгү “бейформал” коомдук кыймылдар (клубдар, кружоктор, коомдук өзүн-өзү башкаруу комитеттери ж.б.) калыптана баштаган. Бейформал уюмдардын эң алгачкылары дискуссиялык клубдар катары түзүлүп, анда сынчыл ой жүгүрткөн жаштар тарабынан советтик системанын кемчиликтери жана учурдагы курч саясий, экономикалык маселелер талкууланган. Мындай клубдардын эң алгачкылары 1987-жылы борбор калаада орус тилдүү жаштар тарабынан түзүлгөн “Современник” (“Замандаш”) жана “Демос” (“Эл”) клубдары болгон. Ал эми, Ош шаарында тарыхчы Т. Бакир уулу “Стрелы Азии” дискуссиялык клубун уюштурган. Ушул эле аралыкта, борбордо жаш тарыхчылар К. Молдокасымов жана Т. Чоротегиндин демилгеси менен “Кыргызстан жаш тарыхчылар коому” уюшулган. “Кыргызстан жаш тарыхчылар коому” советтик тарыхнаамада улуттук тарыхыбыздын одоно бурмаланган фактыларын калыбына келтирүү, тарыхый чындыкты тактоо багытындаургалдуу иш алып барган. Азыркы учурдагы белгилүү илимпоз тарыхчылар: Т. Чоротегин, Д. Сапаралиев, К. Айдаровдор аталган коомдо активдүү иш алып барышкан. Аталган уюмдарда өткөрүлгөн дискуссиялар республиканын коомдук турмушунда чоң резонанс жаратып, Кыргызстан жаштарынын саясий көз карашынын, атуулдук позициясынын демократиялык баалуулуктардын негизинде калыптанышына, улуттук аң сезиминин өсүшүнө олуттуу салым кошкон.

Өлкөнүн саясий системасын реформалоо багытындагы маанилүү окуя 1990-жылдын 14-мартында өткөн СССР эл депутаттарынын кезексиз чакырылган III съезди болуп калды. Съезд “СССРдин Конституциясына (Негизги мыйзамына) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жана СССРдин Президентинин кызмат ордун түзүү жөнүндөгү” мыйзамды кабыл

алган. Мыйзам боюнча мамлекеттик эң жогорку кызмат катары президенттик пост киргизилген, Конституциядан, “КПСС совет коомунун саясий системасынын ядросу...” деп каралган 6-берене алып салынган жана көп партиялуулук жөнүндөгү жобо киргизилген.

Кабыл алынган мыйзамга ылайык, мамлекет башчысы катары президенттик кызмат орундун киргизилиши Жогорку кеңештин ыйгарым укуктарын бир топ чектесе, Конституциядан 6-берененин алынып салынышы жана көп партиялуулуктун киргизилиши Коммунисттик партиянын жеке бийлигине олуттуу сокку урган.

Ошентип, аталган мыйзам тарабынан киргизилген өлкөнүн саясий системасындагы өзгөрүүлөр советтик мамлекеттик тоталитардык саясий системаны жоюуга кеңири жол ачып, өбөлгө жараткан. Эл депутаттарынын III съезди СССРдин биринчи Президентин шайлаган. Президент болуп М.С. Горбачев шайланган. Кийинки окуялар көрсөткөндөй, ал СССРдин акыркы да президенти болуп калды.

Ошондой эле, аталган мыйзам коомдун экономикалык системасына да олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизген. Башкысы, менчик системасындагы мамлекеттин монополиялык укугу жокко чыгарылган. Негизги менчик катары атуулдардын менчиги каралган. Коллективдик менчиктин жаңы түрлөрү катары – арендалык жана акционердик менчиктер киргизилген.

Мыйзам менчиктик мамилелер системасындагы союздук мамлекеттин монополиялык укугун чектөөгө укуктук негиз түзгөн. Мамлекеттик менчик мыйзамга ылайык эми: жалпы союздук менчик, союздук, автономиялык республикалардын менчиги, автономиялык областтардын, автономиялык округдардын жана административдик-аймактык бирдиктердин менчиги деп бөлүнгөн [119.85,с.243].

Албетте, бул реформалар бир жагынан улуттук республикаларга карата адилеттүүлүктү калыбына келтирсе, экинчи жагынан борбор менен республикалардын ортосундагы саясий укуктук, карама-каршылыкты күчөткөн.

Борбордон качуу кыймылын (центробежные силы) жараткан. Улуттар аралык конфликттер күч алган.

1989-жыл Кыргызстанда жалпы союзда жүргөн саясий жараяндардын таасири астында антикоммунисттик жана антисоциалисттик, ошондой эле, улуттук маанайда түзүлгөн коомдук уюмдардын жаралышы менен белгилүү. 1989-жылдын жаз айларында ушундай маанайдагы “Мемориал” тарыхый-агартуучулук коому уюшулган. Ушул эле жылдын июнь айында коомдун уюштуруу (учредительный) курултайы өтүп, анда уюмдун уставы кабыл алынып, жетекчилери шайланган. “Мемориал” тарыхый-агартуучулук коому өзүнүн негизги максаты катары: сталиндик репрессиялардын курмандыктарынын эстелигин түбөлүккө калтыруу, сталиндик рецидивге каршы күрөшү, ошондой эле “бүт саясий жана экономикалык кыйынчылыктарга күнөөлү” деп эсептелинген социалисттик системаны тынымсыз сындоо маселелерин кабыл алган. “Мемориал” коому кийинки жылдардагы улуттук жана антикоммунисттик багыттагы бир катар өз алдынча студенттик уюмдардын түзүлүшүндө чоң роль ойногон.

Ошол эле учурда, политолог Э. Мамытова: “Биринчиден, бул бардык уюмдардын ишмердүлүгү КПССтин идеологиялык диктатынын шартында жүргөндүгүн, андыктан, алардын коомдук аң-сезимди калыптандыруудагы ролу алсыз болгондугун, экинчиден, “бейформал” акциялар борбор калаанын чеги менен гана чектелип, массалык колдоого ээ болбогондугун, үчүнчүдөн саясий аренада негизинен орус тилдүү саясий уюмдар жана клубдар гана болгондугун” белгилеп, бул уюмдардын коомдук жашоодогу орду белгилүү деңгээлде чектелүү болгондугу жөнүндө жыйынтык чыгарат [214.60,214-215-бб..]. Биздин кошумчаларыбыз, мындай тариздеги уюмдар борбор калаадан башка аймактарда да түзүлгөн. Мисалы, Ош шаарында (“Стрелы Азии”), бирок алардын бири-бири менен байланышы болгон эмес жана алар туруктуу иш алып барышпаган. Кийинчерээк дискуссиялык клубдар “бейформал” кыймылдардын негизги формасы катары ишмердүүлүктөрүн токтотушкан. Анткени, союздагы жана республикадагы саясий кыймылдар жаңы этапка өсүп

чыккан. Калктын саясий активдүүлүгү олуттуу өскөн. Эми кыргыз улуттук кыймылы күч ала баштаган. Жаңы түзүлгөн улуттук маанайдагы бирикмелер жана кыймылдар улуттук маданиятты кайра жаратуу жана өнүктүрүү, улуттук тил, кыргыз жаштарынын социалдык абалы сыяктуу маселелерди өздөрүнүн негизги талабы катары көтөрүп чыгышкан.

1989-жылды массалык демократиялык кыймылдардын өнүгүүсүндөгү бурулуш жыл катары кароого болот. Бул мезгилде, элдин, өзгөчө жаштардын саясий активдүүлүгү кескин жогорулаган. Демократиялык кыймылдар уюшкан мүнөзгө өтө баштаган. Эгерде буга чейин мындай кыймылдар жана уюмдар республиканын ичиндеги шаарлардын чегинде гана түзүлүп, иш алып барышса, эми Кыргызстандан сырткаркы аймактарда да түзүлө баштаган. Мисалы, Ленинград (азыркы Санкт-Петербург) жана Москва шаарларында кыргыз жаштары (негизинен студенттер) өздөрүнүн коомдорун түзүшкөн. Алар Ленинград шаарында уюшулган “Ак кеме” жана Москва шаарында түзүлгөн “Акыйкат” студент кыргыз жаштарынын коомдору болгон. Ошол жылдары Москва, Ленинград шаарларында окуган кыргыз жаштарынын басымдуу бөлүгү аталган коомдордун мүчөлөрү болушкан. “Ак кеме” жана “Акыйкат” коомдорунун жыйындарында кыргыз жаштары кыргыз элинин каада-салттарын, маданиятын, тилин сактоо жана өнүктүрүү, ошондой эле, учурдагы Кыргызстандын саясий, социалдык-экономикалык абалына байланышкан курч проблемаларды кызуу талкуулап турушкан. Кыргыз жаштарынын күчү менен Москва, Ленинград шаарларында бир катар маданий иш чаралар уюшулуп, өткөрүлгөн. Мына ушул окуялар жана прибалтика республикаларындагы элдик-демократиялык революциялар Кыргызстанда социализмден баш тартууну талап кылган демократиялык кыймылдардын жогорулашына чоң таасирин тийгизген.

Ушул аралыкта Кыргызстанда социалдык жана улуттук чыңалуу өтө күчөгөнүн белгилөөгө болот. Совет мезгилинде айыл кыштактардан шаарга иштегени келген, же шаардан окууну бүтүп, ушул жерде иштеп калган кыргыздардын басымдуу бөлүгү жылдап, кээде өмүр бою да өздүк менчик

турак жайына ээ боло албай, батирден-батирге көчүп жашап келишкен. Ал эми шаарга иштегени келген кыргыз жаштары жеке менчик турак жай жөнүндө эңсей да алышпаган. Мына ушул, совет мезгилинде көп жылдар бою өкүм сүрүп келген социалдык адилетсиздик, кайра куруу жылдарындагы коомдук турмушту демократиялаштыруу, айкындуулук шарттарында кыргыз жаштарын кыймылга келтирген. Жеке менчик үй куруу үчүн шаардын (Фрунзе, Ош) жака белинен жер тилкесин берүүнү талап кылган кыргыз жаштарынын массалык кыймылы башталган. Республиканын партиялык номенклатуралык жетекчилиги бул курч олуттуу маселени ыкчам чече алган эмес. Натыйжада кыргыз жаштары борбор калаанын жака белинен жеке менчик турак жай куруу үчүн жер участокторун өз алдынча басып алууга өтүшкөн. Бул кыргыз жаштары менен республиканын жетекчилигинин ортосундагы карама-каршылыкка алып келген. Бирок, проблема кыргыз жаштарынын пайдасына чечилген. Бул кыргыз жаштарынын бир учурда кол тийбестей көрүнгөн республиканын партиялык жетекчилигинин үстүнөн болгон алгачкы олуттуу жеңиши болгон. Мындай кырдаал, кыргыз жаштарын, массалык демократиялык кыймылдардын лидерлерин шердентип, алардын саясий активдүүлүгүнүн андан ары өнүгүшүнө түрткү берген [49.16,32-бб.].

Аталган массалык кыймылдардын активдүү бөлүгү өздөрүнүн уюмдарын түзө башташкан.  Алар: түндүктө - «Ашар» кыймылы, ал эми, түштүктө - «Ош аймагы» жана «Кыргызстандын улуттук демократиялык фронту», ошондой эле, өзбек улутунун өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн “Адолат” уюмдары болгон.  Бул албетте, өлкөдө башталган кайра куруу жараянынын элдердин улуттук аң-сезимин ойготкондугунун таасири эле. Ар бир улут, анын ичинде кыргыз улуту да улут тагдыры, анын азыркы дүйнөдөгү орду жөнүндө жаңыча ой жүгүртө баштаган. Улуттук кайра жаралуу башталган. Бирок бул жараян бирдей, оң мааниде гана өнүкпөдү, тилекке каршы, кээде ал улутчулдук, улуттук эгоизм сезимдери менен коштолду. 1990-жылы республикада жүз берген, көптөгөн бейкүнөө адамдардын өлүмүнө алып келген Ош, Өзгөн коогалаңдарынын келип чыгышы биринчиден, белгилүү деңгээлде жогорудагы “Ош аймагы” жана

“Адолат” коомдорунун, ошондой эле мурдунан алысты көрө албаган, улуттар аралык мамилеге жоопкерсиз мамиле жасаган өзбек улутунун өкүлдөрү болгон айрым бир белгилүү адамдардын ишмердиги менен байланышкан.

1990-жылдын 1-апрелинде “Ош аймагы” бейформал коому түзүлгөн. Анын негиздөөчүсү К. Бектемиров болгон [118.84,9-б.]. “Ош аймагынын” программалык документтеринде кыргыз атуулдарынын конституциялык укуктарын иш жүзүнө ашыруу, жерсиз жүргөндөрдү жер менен камсыз кылуу, б.а. социалдык маселелерин чечүү сыяктуу жакшы максаттар коюлган.

Өзүнүн башкы милдети катары жерсиз кыргыз жаштарына жер алып берүүнү көздөгөн “Ош аймагы” коомунун лидери К. Бектемиров жер алууну каалагандардан арыз чогулта баштаган. Тез эле арыз бергендердин саны 5 миңге жеткен. “Ош аймагынын” жетекчилери 23-апрель күнү обкомдун биринчи катчысы Ү. Сыдыковго жана облаткомдун төрагасы Ж. Бекболотовдорго жер берүү маселесин талкуулоо өтүнүчү менен кайрылышкан. Бирок областтын партиялык жана мамлекеттик жетекчилиги тарабынан бул кайрылууларга эч кандай жооп болбогон. Алар кыргыз жаштарынын проблемасын уккулары да келген эмес, алардын жашоо көйгөйлөрүнө текебер мамиле жасашкан. Эгерде, ошол күндөрү областтын жана республиканын жетекчилиги бул проблемага тийиштүү маани берип, кыргыз жаштарынын талаптарын сүйлөшүүлөр аркылуу ыкчам чечкенде, каргашалуу Ош, Өзгөн коогалаңы болбойт эле.

1990-жылы Ош, Өзгөн шаарларында болуп өткөн улуттар аралык коогалаңдар, ошол учурдагы республиканын, областтын партиялык жана мамлекеттик жетекчилери тутунган советтик ыкма менен башкаруунун терс жактарын ачыктап, алардын кыйын кырдаалдарда башкарууга жөндөмсүз экендигин көрсөттү жана советтик саясий системаны алмаштыруу маселесин күн тартибине койду.

Бул республикадагы советтик саясий системанын кризисинин тереңдеп бараткандыгынын ачык көрсөткүчү эле. Ошол эле учурда түндүктөгү массалык демократиялык кыймылдардан айырмаланып, көп кан төгүлгөн улуттар аралык

конфликттин борборунда болуп калган “Ош аймагы” бейформал коому оор кырдаалда өзүнүн саясий жөндөмсүздүгүн көрсөтүп, ишмердүүлүгүн токтотууга аргасыз болгон.

Ал эми борбордогу массалык демократиялык коомдук кыймылдардын өнүгүүсү 1990-жылдын жай айларында Кыргызстандын демократиялык кыймылы (КДК) республикалык коомдук бирикмесинин түзүлүшүнө алып келди. Белгилөөчү жагдай, борбор калаада жашаган көп жылдардан бери үйсүз жашап келген кыргыз жаштарынын жеке турак жай салуу үчүн борбор калаа Фрунзенин (Бишкек) жака белинен жер участогун алуу акциясы 1989-жылы эле стихиялык түрдө башталган жана Оштогу мекендештеринен айырмаланып, алар республикалык, шаардык партиялык жетекчиликтин каршылыгына карабастан, жер участокторун алууга жетишишкен. Мына ушул окуялардын таасири менен түштүк жаштарынын жер алуу аракеттери башталган эле. Бирок, ал жогоруда белгилегендей, кайгылуу конфликтке алып келди.

Борбор калаадагы стихиялык мүнөздө башталган кыргыз жаштарынын кыймылы акырындап уюшкан формага өтө баштаган жана “Ашар” коому түзүлгөн. 1989-жылдын 15-июлунда баштапкы 32 топтон 250 делегат катышкан анын Уюштуруу конференциясы өтүп, уюмдун Уставы кабыл алынып, башкаруучу органдары: Кыймылдын кеңеши (төрагасы Ж. Усупов) жана аткаруу комитети (төрагасы Ж. Жекшеев) шайланган [63.30,87-б.].

Бийлик тарабынан “Ашар” коомунун мүчөлөрүнө көптөгөн кысымдардын жасалышы кыймылдын саясатташуусуна түрткү берген. Ашардын лидерлери республиканын аймагынан сырткары жактагы демократиялык кыймылдар менен байланыш түзүүгө жетишишкен. Бул албетте, алардын саясий аң-сезиминин өсүшүнө жана саясий активдүүлүгүнүн жогорулашына чоң салым кошкон. Мисалы, алар, Ленинград (Санкт-Петербург), Челябинск, Вильнюс шаарларында өткөн Демократиялык уюмдардын аймактар аралык ассоцияциясынын (МАДО) конференцияларына катышып келишкен [116,82,88,93-94-бб.]. Кийинчерээк, “Ашар” коомунун саясатташууга багыт алган жана саясатка аралашууну каалабаган мүчөлөрүнүн ортосунда жиктешүү

жүргөн. Коомдун саясий канатынын лидери Ж. Жекшеев болуп калган. Бийлик тарабынан аны кугунтуктоо уланган, атүгүл, ага карата “болбогон шылтоо” менен кылмыш иши да козголгон. Бийликтегилер коомдун лидеринин башка республикалардагы демократиялык уюмдардын конференцияларына катышуусун “криминал” катары кабыл алышкан [47.14, 89-б.].

Ошентип, Кыргызстанда курамынын басымдуу бөлүгү титулдук улуттун өкүлдөрү болгон эң алгачкы массалык коомдук бирикме пайда болгон. “Ашар” коомдук бирикмеси өзүнүн жүргүзгөн иш-аракеттери менен республиканын коомдук-саясий кырдаалына, коомдук-саясий турмушту демократиялаштырууга олуттуу таасир эткен.

1990-жылды республикадагы демократиялык кыймылдардын өнүгүүсүндөгү жаңы этап катары баалоого болот. Бул жылы жаштар кыймылынын демократиялык күрөшүнүн жаңы формасы – массалык митингдер уюшула баштаган. Мисалы, 1990-жылынын 25-26-январында өкмөт үйүнүн алдында 4 миңге чукул адам катышкан жаштардын массалык митинги өткөн. Митингчилер жаштардын социалдык шартын жакшыртуу, тышкы миграцияны токтотуу, кыргыз тилинин функцияларын кеңейтүү ж.б. талаптарды коюшкан. Ошол эле учурда, бир катар улутчулдук маңыздагы ураандар да болгон. Бирок, митингде чыгып сүйлөгөндөрдүн жакшы иштелген  так, даана программасы болгон эмес [49.16,32-33-бб.].  Бийликтегилер митингди мыйзам рамкасында кармап калууга жетишкен менен, андагы ачык көтөрүлгөн антикоммунисттик ураандарга, республиканын жетекчилигин бийликтен кетүүсүн талап кылган талаптарга тоскоолдук кыла албай калган. Көп өтпөй, бул ураандар, талаптар жалпы элдик колдоого ээ болгон. Бул, окуялар, Кыргызстандагы партиялык-советтик башкарууга каршы турган улуттук жана демократиялык күрөштүн жаңы этапка өткөндүгүнөн кабар берген.

Массалык митингдердин натыйжасы - улуттук-демократиялык маанайдагы “Асаба” жана “Атуулдук демилге” сыяктуу саясий кыймылдардын түзүлүшүнө алып келген [186.32,52-б.]. 1990-жылдын апрель айында түзүлгөн “Асаба” улуттук демократиялык кыймылынын негизги талаптары: коомдук

турмушту демократиялаштыруу, калктын түпкүлүктүү жана башка топторунун жашоосунун социалдык-экономикалык абалын теңдештирүү, мектептерде жана мектепке чейинки мекемелерде кыргыз тилин окутууну жайылтуу, улуттук жумушчу табын калыптандыруу ж.б. болгон. Кыймылдын башкаруучу органдары – Кеңеш жана аткаруу комитети болгон.

Мындан сырткары саясий мүнөздөгү бир катар союздар, улуттук уюмдар, саясий партиялар түзүлгөн. Мисалы, Жалал-Абад шаарында шаардык интеллигенция тарабынан Демократиялык союз, Токмок шаарында – «Адилет» улуттук уюму, Майлы-Суу шаарындагы электролампа заводунда иштеген техникалык интеллигенция тарабынан “Майлы-Сай шаарынын кыргыз демократиялык партиясы” түзүлгөн. Программалык документинде жазылгандай, аталган партия өзүнүн негизги максаттары катары: “... Мекенди коргоо жана кайра жаратуу, анын коомдук түзүлүшүн жалпы демократиялык негиздерге таянып кайра куруу, адам укуктарынын Декларациясынын жоболоруна дал келген, көп партиялуулукка негизделген демократиялык укуктук суверендүү мамлекетти түзүү” [204.50,20-б.] идеяларын жарыялаган. Ошондой эле, улуттук демократиялык багыттагы уюмдар Ош, Чолпон-Ата, Кара-Балта, Талас шаарларында, атүгүл, Кемин, Базар-Коргон сыяктуу райондордун аймактарында да түзүлүп, иш алып баргандыктарын изилдөөчү З. Галиева өз китебинде белгилейт [3.50.- 90-б.]. Бирок ал уюмдардын аталыштары белгисиз бойдон калган. Ал эми, В. Пономарев болсо өз китебинде алардын өсүү динамикасынын таблицасын берген (№1 таблицаны караңыз).

Таблица №1 [116.82,89-91-бб.]

**Кыргызстандагы саясатташкан уюмдардын саны**

| **Аймак** | **1987** | **1988** | **1989** | **1990** | **Баары** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бишкек (Фрунзе)** | 1 | 7 | 10 | 14 | 32 |
| **Ош областы** | - | 2 | 2 | 5 | 9 |
| **Башка аймактар** | - | - | 1 | 11 | 12 |
| | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Баары** | 1 | 9 | 13 | 30 | 53 |

Мына ушул коомдук демократиялык уюмдардын саясий активдүүлүгүнүн өсүшү, ишмердүүлүгүнүн масштабынын кеңейиши 1990-жылы “Кыргызстан” демократиялык кыймылынын түзүлүшүнө алып келди. Биз болсо, бул ошол жылдардагы Кыргызстандын саясий турмушундагы демократиялаштыруу процессинин өнүгүүсүндөгү мыйзам ченемдүү көрүнүш болгондугун белгилемекчибиз.

Ошентип, 1990-жылдын жай айларында, бул мезгилге карата Кыргызстандын аймагында иштеп турган бир катар коомдук бейформал уюмдардын саясий биригүүсүнүн натыйжасында “Кыргызстан” демократиялык кыймылы (КДК) түзүлгөн. Ошол учурдагы 22 бейформал уюмдардан 301 делегат катышкан, анын Уюштуруу конференциясы, июнь айында Бишкек шаарында өтүп, анда КДКнын жетекчилик органдары, т.а. Кеңеш жана Башкармалык түзүлгөн. Т. Тургуналиев, К. Акматов, Ж. Жекшеев, Т. Дыйканбаев, К. Матказиевдер теңтөрага болуп шайланышкан [42.10,8-б.]. Негизинен, КДКга жалпы 30дан ашык уюм бириккен [145.110,56-б.]. З. Джаныбекованын пикири боюнча бул мезгилде КДК өз курамына 10 миңден ашуун адамды бириктирген. Арийне алардын 50%ы Бишкекте турушкан [186.32,53-б.]. КДКнын түзүлүшүн, бир жагынан, республиканын жетекчилигинин демократиялык процесстерге колдон келишинче жасап жаткан бут тосуулары, саясий, социалдык-экономикалык проблемаларды чечүүдөгү алардын ыкшоолугу жана консервативдик позициясы, күн тартибиндеги курч маселелерди чечүүгө жөндөмсүздүгү, өзгөчө Ош жана Өзгөн кандуу окуяларына жол бергендиги, экинчиден, республиканын ар кайсы аймагында түзүлүп, иш жүргүзүп жаткан бейформал уюмдардын ишмердүүлүгүн координациялоо зарылдыгы шарттаган. Бул абал, кыймылдын программалык документинде КДКнын жаралышы эң ириде, “бийлик структураларын демократиялаштыруу боюнча эч кандай кадамдардын жасалбай жаткандыгы, административдик башкаруунун сакталышы, коомдук жашоодогу жаңы

көрүнүштөргө консервативдик мамиле, “төмөнкүлөрдүн” пикирине текебер кароо, сынды кабыл албоо, сөз эркиндигинин чектелүүсү, түпкүлүктү калктын проблемаларынын чечилбегендиги менен түздөн-түз байланыштуу” [204.50,20-б.] деп так, даана жазылган.

Ошондой эле, документте кыймылдын негизги максаттары катары: демократиялык, укуктук, суверендүү көз карандысыз кыргыз мамлекетин түзүү, кыргыз элин, анын улуттук духун жана өзгөчөлүгүн кайра жаратуу, республиканын партиялык жетекчилигин бийликтен кетирүү, коомду демократиялаштыруу маселелери коюлган [144.109,94-б.]. Республиканын партиялык жетекчилигин кетирүү талабынын коюлушу программалык документте: “Туура эмес постулаттарга (борборлоштурулган пландуу чарба жүргүзүү, бир партиялык система, өндүрүш каражаттарына коомдук менчик ж.б.) негизденген компартия экономикада, улуттар аралык мамилелерде жана адамдардын социалдык абалында курч кризистик кырдаалдардын топтолушуна алып келди. Ал, экономикалык жана улуттар аралык карама-каршылыктар чырмалышкан Ош трагедиясында ачык көрүндү” [144.109,94-95-бб.] деп түшүндүрүлгөн.

Белгилөөчү жагдай, ушул эле аралыкта Кыргызстандын жогорку партиялык эшелонунда демократиялык жана консервативдик маанайдагы күчтөрдүн идеологиялык жиктешүүсү жүргөн. Демократиялык күчтөр республиканын саясий системасын реформалоону, президенттик башкарууну киргизүүнү, бийликтин бутактарын бөлүштүрүүнү талап кыла башташкан.

Ал эми, А. Масалиев башында турган консервативдик маанайдагы партиялык номенклатура, коомдук-саясий кырдаалдын олуттуу өзгөрүүгө дуушар болгонуна маани бербей, президенттик башкаруунун киргизилишине катуу каршылык көрсөтүшкөн. Бирок, союздун аймагындагы саясий окуялардын өнүгүшү, айрым республикалар тарабынан (Армения, Грузия, Азербайжан, Өзбекстан ж.б.) президенттик башкаруунун киргизилиши, коомчулуктун, демократиялык күчтөрдүн (КДК) жана демократиялык маанайдагы депутаттардын талап кылуусу, ошондой эле республикада

мыйзамдуулукту жана тартипти бекемдөө зарылдыгы кыргыз парламентин президенттик башкарууну киргизүү маселесин кароого мажбур кылган. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин кезексиз чакырылган II сессиясы 1990-жылдын 24-октябрында "Кыргыз ССРинде президенттик кызматты киргизүү жөнүндөгү" мыйзамды кабыл алып, ага ылайык, 27-октябрь күнү альтернативалык негизде Кыргызстандын тунгуч президентин шайлаган. Республиканын президенти болуп, ал мезгилде көпчүлүккө али анчейин белгилүү боло элек А. Акаев шайланган [147.112,365-, 124-б.]. Президенттик башкаруунун киргизилиши советтик саясий системаны жоюуга кеңири жол ачкан жана ага артка кайткыс мүнөз берген. Бул багыттагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнө Кыргызстандын массалык демократиялык кыймылдары да өздөрүнүн ар түрдүү саясий акциялары менен өбөлгө түзүшкөн.

**Жыйынтык:**

Бөлүм боюнча изилдөөбүздү жыйынтыктап, төмөнкү корутундуларды чыгарууга болот:

-1985-жылы башталган кайра куруу жараяны өлкөдөгү саясий, социалдык-экономикалык кризисти тереңдетип, мамлекеттин саясий системасын реформалоонун зарылдыгын жаратып, советтик тоталитардык системаны реформалоого өбөлгө түзгөн;

-Өлкөнүн саясий системасын реформалоого 1987-1988-жж. баштап багыт алынган. Бул жараянга кабыл алынган бир катар мыйзам актылар укуктук негиз түзгөн. Ошол эле мыйзамдар бейформал уюмдардын, массалык улуттук демократиялык кыймылдардын жаралышына өбөлгө жараткан.

-Өлкөдөгү, Кыргызстандагы саясий, социалдык-экономикалык реформалардын жай жүрүшү, курч проблемаларды чечүүдөгү жогорку партиялык номенклатуранын чечкинсиздиги жана ыкшоолугу массалык демократиялык кыймылдардын саясий активдүүлүгүнүн жогорулашына алып келген.

-Массалык демократиялык кыймылдардын жогорку саясий активдүүлүктө жүргөн ишмердүүлүгү саясий реформаларды тереңдеткен жана тездеткен.

-Кыргызстанда Ош, Өзгөн аймактарындагы улуттар аралык кандуу кагылыш (1990-ж.), "Кыргызстан" демократиялык кыймылынын түзүлүшү (КДК) республиканын саясий системасынын реформалоону тездетүүгө, партиялык жетекчиликтин бийликтен кетүүсүнө өбөлгө жараткан.

-СССРде (март, 1990-ж.), Кыргызстанда (октябрь, 1990-ж.) президенттик башкаруунун киргизилиши советтик тоталитардык саясий системанын жоюлушуна кеңири жол ачып, ага артка кайткыс мүнөз берген.

## 3.2. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүктү алышы. Президенттик башкаруунун киргизилиши жана бекемделиши

Кыргыз Республикасынын өз эгемендүүлүгүн алышы кайра куруу жылдарындагы саясий реформалар жана алардын жыйынтыгы алып келген СССРдин кулашы менен түздөн-түз байланышкан. Башкача айтканда, эгемендүүлүктүн өбөлгөлөрү кайра куруу жылдарында эле калыптана баштаган. Бул багытта 1990-жылдын март айында өткөн СССРдин эл депутаттарынын III съезди чоң роль ойногон. Анда Президенттик башкаруу киргизилип, Конституциядан КПСС жөнүндөгү 6-берене алынып салынган жана көп партиялуулук киргизилген. Бул саясий реформалар советтик тоталитардык саясий системанын пайдубалы болгон КПССтин бийликтен кетүүсүн жана СССРдин кулашын тездетип, улуттук республикалардын өз эгемендүүлүктөрүнө жетишүүсүнө кеңири жол ачкан. 1990-жылдын 26 -апрелинде кабыл алынган "ССР Союзу менен федерациянын субъектеринин ыйгарым укуктарын аныктоо жөнүндөгү" жана ушул эле жылдын 25 майында кабыл алынган "Өлкөнүн экономикалык абалы жана башкарылуучу рыноктук экономикага өтүүнүн концепциясы жөнүндөгү" СССРдин мыйзамдары союздук

республикалардын эгемендүүлүктү алуу багытында өнүгүшүнө укуктук өбөлгө жараткан. Анткени, бул мыйзамдар союздук республикаларга экономикалык жана маданий маселелерди өз алдынча чечүү укугун берген. Ушул факторлордун таасири менен Кыргызстанда 1990-жылдын жаз айларынан баштап эле, кремлдин тыкыр көзөмөлүнөн чыгуу, эгемендүүлүктү алуу аракеттери башталган. Мындай аракеттер Кыргызстанда калыптана баштаган демократиялык күчтөрдүн ишмердүүлүгүнө жана 1988-жылдын акыркы айларында кабыл алынган демократиялык альтернативалык шайлоо системасын киргизген жаңы мыйзамдарга байланыштуу жаралган.

1990-жылдын 25-февралында Кыргызстанда 12-чакырылыштагы Жогорку Кеңешке эң биринчи альтернативалык демократиялык шайлоо өткөн. Өзүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжасында эгемендүү Кыргызстандын тарыхында "легендарлуу парламент" деген сыймыктуу аталышка ээ болгон бул Жогорку Кеңеште эки саясий агым пайда болгон. Биринчиси, консервативдик, же партиялык-номенклатуралык. Бул канатта депутаттардын басымдуу көпчүлүгү болгон. Экинчиси, демократиялык, бул агым аз санда болуп, ага алгач 10дон ашпаган депутаттар кирген [147.112,44-б.].

Кыргыз ССРинин 12-чакырылыштагы Жогорку Кеңешинин биринчи сессиясы 1990-жылдын 10-15-апрелинде өткөн. Мына ушул сессияда Ж. Сааданбековдун пикири боюнча Жогорку Кеңештин трибунасынан демократиялык маанайдагы депутаттардын (алардын аз болгондугуна карабастан) авторитаризмге каршы эң алгачкы ачык чыгып сүйлөөлөрү болгон. Мисалы, депутаттар Ө. Текебаев жана К. Акматовдор сессиянын күн тартибине ошол учурдагы чоң саясий мааниси бар проблемалар- улуттук суверенитетти жана көз карандысыздыкты алуу, республикада Президенттик постту киргизүү ж.б. жөнүндөгү маселелерди киргизүүнү талап кылышкан [122.82,336-б.]. Бирок ал Жогорку Кеңеште А. Эркебаев белгилегендей, "Чексиз мыйзамсыздык жана партиялык-номенклатуралык диктат үстөмдүк кылгандыктан" [147.112,3-б.] сунуш кылынган маселелерге көңүл бурулбай, сессия ал кездеги Кыргызстан Компартиясынын биринчи катчысы, Жогорку Кеңештин төрагасы

А. Масалиев (ал сессиянын жыйындарынын төрагасы болгон) каалагандай багытта өткөн. Ошентсе да, республиканын эң жогорку мыйзам чыгаруу органы – Жогорку Кеңештин сессиясынын мурдагы жыйындардан кескин айырмаланган кырдаалда өтүшү, бир жагынан, партиянын жеке бийлигинин пайдубалында жарака кеткендигин көрсөтсө, экинчи жагынан, бийликтин жогорку эшелонунда демократиялык күчтөрдүн жарала баштагандыгын кабарлаган.

Ошентип, Кыргызстандын эгемендүүлүгүн алуу маселеси демократиялык маанайдагы депутаттар тарабынан 1990-жылдын жаз айларынан баштап эле көтөрүлө баштаган. Ошондуктан, россиялык журналист В. Пономаревдун ошол мезгилдеги Кыргызстанды “Белгисиз республика” [147.112,21-б.] деп атоосун, республиканын ичиндеги жүрүп жаткан саясий жараяндарды туура чагылдырбаган баа катары кароого болот. Анын пикирин республиканын А. Масалиев башында турган партиялык-номенклатуралык жетекчилигине карата айтылган баа катары кароого болот.

1990-жылы Союздун аймагында болуп өткөн окуялар (Прибалтика республикаларынын толук суверендүүлүгүн жарыялашы), Ош, Өзгөн кандуу коогалаңы республикадагы демократиялык күчтөрдүн, анын ичинде ЖКнын демократиялык маанайдагы депутаттарынын радикалдашуусун шарттаган жана партиялык жетекчиликтин кадыр-баркын болуп көрбөгөндөй кетирген. Советтик саясий системанын өлкөнү кризистик абалдан алып чыгууга жөндөмсүздүгүн көрсөткөн. Бирок, партиялык жетекчилик көшөргөн каршылыгын уланта берген.

Мына ушундай кырдаалда, Жогорку Кеңештин радикалдык маанайдагы 114 депутаты 1990-жылдын 18-сентябрында “Советская Киргизия” газетасына өздөрүнүн кайрылуусун жарыялашкан. Анда республикада түзүлгөн кырдаалга сынчыл талдоо берилип, андан чыгуунун төмөнкү комплекстүү радикалдык саясий чаралары сунушталган:

1. президенттик институтту киргизүү;

2. президентке жана Жогорку Кеңештин төрагасына жалпы элдик тике шайлоолорду өткөрүү;

3. атуулдук тынчтыкка жана ынтымакка жетишүү;

4. менчиктин көп түрдүү формаларын жана тең укуктуулугун орнотуу ж.б. [249.95].

Бул депутаттык демократиялык күчтөрдүн өлкөнүн саясий системасын реформалоо багытындагы аракеттери кийинки күндөрү уланып, ушул эле жылдын 22-30-октябрында өткөн Жогорку Кеңештин кезексиз чакырылган экинчи сессиясында Кыргызстанда Президенттик институтту киргизүү маселесин атайы кароого жетишишкен. Сессияда демократиялык маанайдагы депутаттар аталган маселе боюнча партиялык–номенклатуралык консерватордук топтун каршылыгын жеңип чыгышкан жана 24-октябрда сессия "Кыргыз ССРинде Президенттик кызмат орунду киргизүү жана Кыргыз ССРинин Конституциясына (Баш мыйзамына) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү" мыйзамды кабыл алган [1.1990,248-б.]. Мыйзамга ылайык сессия Кыргызстандын тунгуч Президентин шайлаган.

Республикада Президенттик институттун түзүлүшү реалдуу көз карандысыздыкты алуу жолундагы эң маанилүү кадам болгон, өзгөчө кийинки, союздук мамлекет кулаган кырдаалды эске алганда. Ошондой эле, Кыргызстанда президенттик институттун киргизилиши: биринчиден, партиялык жетекчилик бийликтин бардык бутактарын (мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот) тыкыр көзөмөлдөп турган советтик бир партиялуу саясий системанын доорунун аякташын, экинчиден, мамлекеттик бийликтин партиялык структурадан бошонуусун, үчүнчүдөн, союздук жана республикалык бийликте түзүлгөн боштукту жоюуну, төртүнчүдөн, чыныгы мамлекеттик суверенитетке жана көз карандысыздыкка өтүүнү, бешинчиден, саясий жана социалдык-экономикалык реформалар аркылуу мамлекетти кайра куруу жараяны көптөгөн оор кризистик абалдан алып чыгууну тездеткен [147.113,59-б.].

Кыргыз ССРинин 12-чакырылыштагы кезексиз II сессиясында (1990-жыл. 22-30-октябрь) Президенттик институттун киргизилиши Кыргызстандагы партиянын жеке бийлиги үстөмдүк кылган советтик саясий системаны бузууга старт берген маанилүү тарыхый окуя болгондуктан, анын жүрүшүнө тыкыр талдоо жүргүзүү максатка ылайык деп ойлойбуз.

Кабыл алынган мыйзамга ылайык, республиканын президенттигине кандидатураны эл депутаттары көрсөткөн жана президентти депутаттык корпус шайлаган. Көрсөтүлгөн кандидатуралардын 50дөн кем эмес эл депутаттарынын колдоосуна ээ болгону гана президенттик шайлоого катыша алган жана шайлоодо эл депутаттарынын жалпы санынын жарымынан көбүнүн добушуна ээ болгон кандидат Президенттикке шайланды деп эсептелинген. Шайлоо жашыруун добуш берүү аркылуу өткөн. Кыргыз ССРинин Президенти 5 жылдык мөөнөткө шайланган [120.86,42-б.].

Сессиянын жүрүшүндө эки депутаттык: партиялык жана демократиялык топтордун катталышы, маселелердин кызуу жана принципиалдуу талкууланышы Жогорку Кеңештеги күчтөрдүн жайгашуусундагы өзгөрүүнү көрсөткөн жана кыргыз парламентинин ишмердүүлүгүндө чоң өзгөрүүлөрдүн башталгандыгынан кабар берген.

337 депутат катышкан жашыруун добуш берүнүн натыйжасы төмөнкүдөй болгон: Аманбаев - 83 добуш, Жумагулов - 96 добуш, Масалиев - 154 добуш алган. Ошентип, бирөө да жетиштүү добуш ала алган эмес. Эки талапкер (А. Масалиев, А. Жумагулов) катышкан шайлоонун экинчи туру да маселени чечкен эмес. Экинчи турдун жыйынтыгы боюнча: А. Масалиев – 172 добуш, А. Жумагулов 160 добуш алып, экөө тең Президенттикке өтпөй калышкан. Президенттикке шайлануу үчүн 176 добуш алуу керек болгон. Шайлоонун жыйынтыгына албетте, КДКнын ачарчылык акциялары жана пикеттери да чоң таасир эткен.

Ошол эле учурда шайлоо партиянын БК Бюросунун ынтымагынын деңгээлин жана А. Жумагуловдун кандай партиялык функционер экендигин даана көрсөткөн. Ошондой эле, Жогорку Кеңеште Кыргызстандын биринчи

президентин шайлоодо А. Масалиевге каршы максаттуу “иш алып барылгандыгын” белгилөөгө болот.

Мыйзамга ылайык, ошол эле күнү жаңы талапкерлер катышкан жаңы шайлоо өткөн. Алгач президенттикке 12 адамдын талапкерлиги көрсөтүлгөн. Алар: Н. Исанов, А. Акаев, Э. Дүйшеев, Ж. Түмөнбаева, Ж. Асанкулов, Т. Койчуев, С. Аблесов, А. Муралиев, Б. Осмонов, Ч. Баекова, М. Шеримкулов, М. Асейиновдор болушкан. Талкуу учурунда алтоо: Ж. Түмөнбаева, Ж. Асанкулов, Т. Койчуев, Ч. Баекова, М. Шеримкулов, М. Асейиновдор өздөрүнүн талапкерлигин алып салышкан. Алардын үчөө (Түмөнбаева, Асанкулов, Баековалар) депутаттарды А. Акаевдин кандидатурасын колдоого чакырышкан. Шайлоонун биринчи турунда бир да талапкер жетиштү добуш алган эмес. Н. Исанов жана А. Акаев катышкан экинчи турда 179 добуш алуу менен А. Акаев жеңип чыккан. Н. Исанов 62 добуш алган [121.87,362-б.; 147.112,124-б.]. Жыйынтыгында, 1990-жылдын 27-октябрында, өтө кеч, Кыргызстандын биринчи президенти болуп, тагдырдын эрки менен, али эч кимге белгисиз А. Акаев шайланган.

1990-жылдын 10-15- декабрында Жогорку Кеңештин III сессиясы өтүп, анын 14-декабрдагы жыйынында “Кыргыз ССРинин мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын системасын кайра түзүү жана Кыргыз ССРинин Конституциясына (Баш мыйзамына) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” мыйзам кабыл алынган. Мыйзамда президенттик бийликти бекемдөөгө багытталган чаралар каралган: вице-президенттик кызмат орун киргизилген, Министрлер Совети президенттин алдындагы Министрлер кабинети болуп кайра түзүлгөн, жергиликтүү советтер жана алардын аткаруу комитеттери областтарда, райондордо жана шаарларда президенттик бийликтин вертикалдык системасы болуп калышкан. Ага байланыштуу элдик көзөмөл органдары жоюлган, конституциялык көзөмөл комитетинин ордуна Кыргыз ССРинин Конституциялык соту түзүлгөн. Мыйзам мамлекеттик кызмат орунду ар кандай башка партиялык жана коомдук – саясий кызмат орду менен бириктирүүгө тыюу салган, б.а. Кыргызстанда СССРде биринчилерден болуп,

мамлекеттик жана партиялык бийликти укуктук негизде бөлүштүрүү ишке ашкан. Ошол эле күнү "Кыргыз ССРинин Өкмөтүнүн структурасын кайра түзүү жөнүндө" жана республиканын административдик–аймактык түзүлүшүн өзгөрткөн мыйзамдар кабыл алынган [122.88,371-б.]. Бул мыйзамдар республикада эски саясий системаны өзгөртүү чечкиндүү башталгандыгын билдирген.

1990-жылдын 15-декабрында Жогорку Кеңештин III сессиясы Кыргызстан элинин тарыхындагы маанилүү тарыхый документ - Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик суверенитети жөнүндөгү Декларацияны кабыл алган.

Декларация – Советтер Союзунун чегинде өзүнүн жаңы тартиптерине жана милдеттеринее ээ жаңы улуттук мамлекетти куруунун негизги принциптерин жана мыйзамдарын расмий жарыялаган республикабыздын эң алгачкы мыйзамдык документи болуп калган жана Кыргызстандын толук көз карандысыздыгын алуусуна укуктук өбөлгө жараткан.

Мына ушундай кырдаалда 1991-жылдын 31-августунда Жогорку Кеңештин кезексиз чакырылган VI сессиясы "Кыргыз республикасынын мамлекеттик көз карандсыздыгы жөнүндө" Декларацияны кабыл алды. Ошентип, Кыргыз республикасынын жана анын элинин тагдырындагы жаңы тарыхый доор – чыныгы эгемендүүлүк доору башталган.

Кыргыз республикасынын өз эгемендүүлүгүн алышын кайра куруу доорунда жүргөн саясий процесстер шарттады жана алардын тике жыйынтыгы болду. Ошол эле учурда, тарыхый өтүүчүлүк алкагында караганда, эгемендүүлүккө жетишүү фактында совет доорунун белгилүү орду бар. Арийне, Совет мезгилинин болгондугу, ошол доордогу улуттук мамлекеттүүлүгүбүздүн түптөлүп, өнүгүүсү, саясий, социалдык-экономикалык жетишкендиктери 1991-жылы эч кандай саясий эксцессиз эгемендүүлүгүбүздү алууга өбөлгө жаратты. Бул талашсыз тарыхый факт.

Ошентип, СССРдин кулашы мурдагы союздук республикалардын, анын ичинде Кыргызстандын өз эгемендүүлүктөрүн алышына алып келди. Аны

менен жалпы авторитардык системаны кыйратуу, коомдун коммунисттик идеологиядан бошонуу, рыноктук экономикага өтүү доору башталды. Булардын баары Кыргызстандын кийинки тагдырын аныктоочу бир катар тарыхый чечимдерди кабыл алууну талап кылган.

Түзүлгөн жаңы саясий кырдаалда, жогоруда келтирилген милдеттерди турмушка ашыруу, мамлекет башчысынын бийлигин жалпы элдик шайлоо аркылуу мыйзамдаштырууну жана бекемдөөнү талап кылган. Ага байланыштуу Кыргызстан президентин биринчи жалпы элдик шайлоо 1991-жылдын 12-октябрында өткөрүлгөн. Президенттикке Жогорку Кеңеш тарабынан жалгыз А. Акаевдин  кандидатурасы көрсөтүлүп, башка талапкер болгон эмес. Бул кырдаалды тарыхчы изилдөөчүлөр З. Галиева жана Н. Эсенкуловдор төмөнкүдөй баалашат: “Көпчүлүк, альтернативасыз шайлоолордо саясий жашоо процесс катары жок деп эсептешет, чындыгында андай эмес, шайлоодо 95,3% кыргызстандыктар (1млн 968миң 781 адам),  президентке өздөрүнүн аң-сезимдүү саясий колдоосун көрсөтүшкөн, анын кадыр-баркы республикада өзүнүн эң жогорку көрсөткүчүнө жеткен. Анын жүргүзгөн экономикалык реформалары эч кандай натыйжа бербегендигине карабастан, ар түрдүү социалдык катмарлар жана электораттык топтор, анын ичинде мурда үмүттөрүн коммунисттер менен байланыштырган патерналисттик маанайдагылар да коомдогу бардык позитивдүү  өзгөрүүлөрдү аны менен байланыштырышкан” [63.30,114-115-бб.; 148.113,62-63-бб.].

Республиканын баш мыйзамы кабыл алынганга чейин, “Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндөгү” мыйзамга ылайык Президент өкмөт башчысы менен мамлекет башчысынын ыйгарым укуктарын бириктирген республикадагы жогорку кызмат адамы болуп эсептелинген. 1995-жылдын 5- майында Жогорку Кеңештин 12-сессиясында кабыл алынган Эгемендүү Кыргызстандын биринчи Конституциясы Жогорку Кеңештин жана анын төрагасынын ыйгарым укуктарын Президенттин ыйгарым укуктары менен дээрлик теңдештирген.

Кыргызстандын биринчи Конституциясы республиканын авторитардык режимден демократиялык режимге өтүүсүн юридикалык жактан бекиткен. Бул Негизги мыйзамга ылайык Президент кеңири укуктарга ээ болгон, ошол эле учурда күчтүү парламент түзүлгөн. Мамлекет башчысы катары президент премьер-министрди жана Конституциялык соттун мүчөлөрүн (депутаттардын макулдугу менен) дайындаган, мыйзам чыгаруу, бийликтин мыйзам чыгаруу органдарынын чечимдерине вето коюу ж.б. укуктарга ээ болгон [19.21.]. Бирок, парламент да президентке басым жасоо рычагдарын берген өзүнүн ыйгарым укуктарын кеңейткен. Ошондуктан, Ж. Сааданбеков белгилегендей, мындай абал убакыттын өтүшү менен парламент менен аткаруу бийлигинин ортосунда олуттуу тирешүүгө алып келүүсү таң калыштуу эмес эле [122.88,374-б.].

1993-жылдагы Конституциянын теориялык жоболору менен саясий бийликтин практикада иштеп жаткан моделинин ортосундагы карама-каршылыктар, коомчулукта мөөнөтүнөн мурда президенттик жана парламенттик шайлоолорду өткөрүү идеясын жараткан. Мөөнөтүнөн мурда шайлоону талап кылгандар өз позицияларын жаңы Конституция кабыл алынгандан кийин, президенттик бийлик мыйзамдуулугун жоготкондугу менен түшүндүрсө, алардын оппоненттери, логика боюнча, президенттик бийликти мыйзамсыз деп жарыялоо, республиканын бардык коомдук-мамлекеттик түзүлүшүн мыйзамсыз деп жарыялоого алып келерин айтышкан. Ошентип, өлкөдө саясий туюк кырдаал түзүлгөн. Президент мындай абалдан чыгуу жана өзүнүн бийлигинин мыйзамдуулугун далилдөө үчүн жалпы элдик Референдум өткөрүү демилгесин көтөргөн. Референдум 1994-ж.ылдын 30-январында өткөн. Референдумга президенттин мыйзамдуулугун ырастоо жөнүндөгү бир гана маселе коюлган. У. Чиналиев билдиргендей, элдик добушка Жогорку Кеңеш жөнүндөгү маселени да койсо туура болмок [106.102,25-б.]. Референдумдун жыйынтыгында шайлоочулардын 97%ы президенттин бийлигинин мыйзамдуулугун ырасташкан [258.104.].

Бирок, президент менен парламенттин, өкмөт менен парламенттин ортосундагы каршылашуу муну менен токтогон эмес. Аталган бийлик бутактарынын ортосундагы тирешүү улана берген, атүгүл курч мүнөзгө айланган. Президент А. Акаев жана өкмөт жүргүзүп жаткан реформалар жакшы натыйжа бербей, калктын социалдык абалы кескин начарлап кеткендиктен, Жогорку Кеңеште реформаларга каршы чыккан оппозициялык күч пайда болгон. Парламент тарабынан өкмөттүн жана мамлекеттик чиновниктердин ишмердүүлүгүндөгү одоно мыйзам бузууларды текшерген эки депутаттык комиссия түзүлгөн. Биринчи комиссия республиканын алтын запасын пайдалануудагы көптөгөн мыйзам бузууларды таап чыгып, натыйжада, 1993-жылдын декабрь айында республиканын премьер-министри Т. Чынгышев жана анын өкмөтү отставкага "кетирилген" [26.28,45]. Бул окуя, президент менен парламенттин ортосундагы өз ара мамилени ого бетер курчуткан. Мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинин ортосундагы каршылашууну 1994-жылы приватташтыруу процессин текшерүү боюнча экинчи депутаттык комиссиянын түзүлүшү дагы тереңдеткен. Ал көптөгөн мыйзам бузууларды аныктаган. Текшерүнүн жыйынтыгын Жогорку Кеңештин күзгү сессиясында кароо пландаштырылган. Президент жана аткаруу бийлиги үчүн коркунучтуу кырдаал жаралган. Ошондуктан, кылган кыянаттык иштеринин Жогорку Кеңеш тарабынан ачылышына жол бербөө үчүн, аны, бейтарапташтыруу зарыл эле. Ошентип, парламенттин жасалма кризиси уюштурулган. Жасалма кризис депутаттык топ "105тин арызы", А. Жумагуловдун өкмөтүнүн отставка суроосу жана 1994-жылдын 2-сентябрында президентти колдогон 143 депутаттын парламенттин жыйындарына катышуудан баш тартуулары аркылуу уюштурулган. Мында Жогорку Кеңеш "...жалпы элдик шайлоо аркылуу шайланган президентти бийликтен кетирүгө аракеттенип жатат" деп күнөөлөнүп, "парламентти мөөнөтүнөн мурда таркатып, жаңы эки палаталуу парламентке шайлоо өткөрү..." сунушталган [26.28.; 14.15.].

Жасалма түрдөгү мамлекеттик бийлик кризисинен чыгуу үчүн президент ырааттуу эки кадамга барган:

1. Жогорку Кеңештин ишмердүүлүгүн мөөнөтүнөн мурда токтотуу, б.а. аны таркатуу;

2. Референдум аркылуу Жогорку Кеңештин структурасын реформалоо, б.а. эки палаталуу перламентти түзүү [63.30,139-б.]. Аларды ишке ашыруу үчүн президент 1994 - жылдын 5-сентябрында “Кыргыз Республикасында саясий стабилдүүлүктү камсыз кылуу жана социалдык-экономикалык мүнөздөгү кечиктирилгис иш чаралар жөнүндө” жарлык чыгарган [14.15.]. Анын негизинде “легендарлуу парламент” таркатылып, жаңы эки палаталуу парламент шайланган, президенттин ыйгарым укуктарын күчөткөн референдум өткөн жана өкмөт отставкага жөнөтүлгөн.

Жогорку Кеңештин Президиуму 1994-жылы 13-сентябрда чукул чакырылган сессиясын чакырып, республиканын мыйзам чыгаруу органын сактап калууга аракет кылган, бирок кворум болбогондуктан, сессия болбой калган: сессияга депутаттардын үчтөн бири гана келген(125 депутат).

Саясат таануучу Р. Абазовдун пикири боюнча, парламенттин таркатылышы советтик типтеги акыркы парламенттик институтту жоюу багытында туура болгону менен, мыйзамдуулук (конституциялык) мааниде алганда туура эмес болгон [155.1,27-б.]. Чындыгында, КРдин 1993-жылдагы Конституциясында президенттин өзүнө парламентти таркатууга укук берген норма болбогон, ал жерде референдум жөнүндө да айтылган эмес [19.21.; 106.102,27-28-бб.].

Референдум 1994-жылдын 22-октябрында өткөн. Референдумга эки маселе коюлган: биринчиси, Кыргыз Республикасынын Конституциясына, мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жана башка мамлекеттик маанилүү маселелер референдум аркылуу чечилүүсү, экинчиси, эки палаталуу парламентти түзүү [188.34.]. Референдумдун жыйынтыгында шайлоочулар биринчи маселеге 85, 23%, экинчи маселеге 84, 43% добуш беришкен [228.74.]. Ошентип, бир палаталуу парламенттин ордуна мыйзам чыгаруучу - 35 жана эл өкүлдөр жыйынынан - 70 депутаттан турган эки палаталуу парламент киргизилген. Ошондой эле, жаңы можаритардык шайлоо

системасы киргизилген. Эки палаталуу Жогорку Кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоолор 1995-жылдын 5-февралында өткөн. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, парламенттин экиге бөлүнүшү "чөнтөк" парламентти түзүү жана жеке адамдын бийлигин орнотуу жолундагы инструмент болгон [63.30, 143-б.].

Көп өтпөй, ушул жылдын аягында, 24-декабрда президенттик шайлоо өткөн. Мөөнөтү боюнча президенттик шайлоо бир жыл кийин өтүш керек эле. Анткени, А. Акаев жалпы элдик шайлоо менен 1991-жылы 12-октябрда

5 жылга шайланган. Президенттик шайлоону эртелетүүнүн себеби, биздин пикирибизче, биринчиден, 1995-жылдан баштап, А. Акаевдин саясий рейтингинин төмөндөө тенденциясы байкалган, ошондуктан, Акаев жана анын жакындары, анын рейтингинин дагы төмөндөшүн күтпөй, шайлоону эртелетип, анын бийлигин бекемдеп, мыйзамдаштырып алууну көздөшкөн. Ошентсе да, бул ирет, жалпы элдик президенттик шайлоо биринчи жолу альтернативалык негизде өткөн. Бул анын өзгөчөлүгү болгон. Шайлоого үч талапкер катышкан: А. Акаев жана эки оппозиция өкүлдөрү - А. Масалиев жана М. Шеримкулов. Шайлоонун жыйынтыгы төмөнкүдөй болгон:

Президент А. Акаев – 71,65% добуш,

А. Масалиев - 24,4% добуш

М. Шеримкулов - 1,7% добуш алган [122.88,414-б.].

А. Акаевдин экинчи президенттик мөөнөткө мандат алышы менен республиканын саясий өнүгүсүндө олуттуу өзгөрүлөр башталган. Анын башкысы – бир жагынан президенттик бийликтин ыйгарым укуктарын кеңейтүү, күчтөндүрүү болсо, экинчи жагынан алсыз жана тил алчаак парламентке ээ болуу болгон. Бул максатын А. Акаев Референдум аркылуу ишке ашырган. 1996-жылдын 3-январында мамлекет башчы референдум өткөрүү жөнүндө жарлыгын чыгарган. Референдум 10-январда өтүп, ага "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү" мыйзамдын долбоору сунушталган жана жыйынтыгында колдоого ээ болгон. Натыйжада, президенттин ыйгарым

укуктары олуттуу кеңейген. Эң башкысы, Баш мыйзамга киргизилген толуктоолор менен өзгөртүүлөр көрсөткөндөй, мурдагы салттык үч бийлик бутагына алардын үстүнөн турган, бирок, бир да бийлик бутагына кошулбай, мамлекеттик бийлик органдарынын системасында өзгөчө орунду ээлеген мамлекет башчысы – президенттин бийлиги түзүлгөн. Бул бийликти бөлүштүрү принцибинин бузулушуна алып келген жана иш жүзүндө президенттин жеке бийлигин орноткон.

Ошентип, Кыргызстанда бийликтин мыйзам чыгаруу бутагынын ыйгарым укуктарын кыскартуунун эсебинен, президенттик бийликти күчөтүү тенденциясы башталган. Бул тенденция Кыргызстанда Конституцияга кийинки оңдоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүдө (октябрь 1998, декабрь 2001, февраль 2003, декабрь 2006, октябрь 2007) уланган. Натыйжада, алар республикада авторитардык бийликтин орношуна алып келген. Бул көрүнүштөр, бир жагынан кландык, үй-бүлөлүк бийликтин орношу менен коштолсо, экинчи жагынан социалдык-экономикалык реформалардын терс натыйжалары калктын социалдык абалынын начарлашына, элдин бийликке болгон ишениминин жоголушуна, социалдык чыңалуунун курчушуна алып келди. Булардын баары 2005-жылдагы март окуясына өбөлгө жаратты. Элдик толкундоонун натыйжасында бийликке келген бакиевдик бийлик, акаевдик режимдин бардык каталарын кайталады жана тереңдетти, ал апрель (2010-ж.) окуясынын чыгышын шарттады. Убактылуу өкмөт тарабынан 2010-жылдын 27-июнунда Референдум аркылуу кабыл алынган Конституция республикада жеке бийликтин орношуна бөгөт катары парламенттик башкарууну киргизди. Бирок, тилекке каршы, бүгүнкү күндө парламенттик башкаруунун алгылыктуу иштей албай жаткандыгы турмуш чындыгы.

**Жыйынтык:**

Бөлүм боюнча изилдөөбүздү жыйынтыктап, төмөнкү корутундуларды чыгарууга болот:

-Кыргызстандын советтик саясий системасын жоюу жана аны демократиялык багытта реформалоо концептуалдык негизде батыштын

үлгүсүндөгү президенттик башкарууну киргизүү жана бийликти бөлүштүрүү принцибин орнотуу аркылуу кабыл алынган;

-Кыргызстанда президенттик башкаруунун киргизилиши анын саясий системасын реформалоо жолундагы маанилүү кадам болгон. Ал советтик саясий системаны жоюу, аны жаңы демократиялык саясий система менен алмаштыруу жараянына артка кайткыс мүнөз берген.

-Кыргыз Республикасынын саясий системасын реформалоо өзүнүн демократиялык маңызын 1990-жылдардын ортосуна чейин сактаган. Ал 1993-жылы КРдин Конституциясында жана башка мыйзамдарда чагылдырылган.

-1996-жылдан баштап, демократияны кемитүү (свертывание), мыйзам бузуу жолдору менен жеке авторитардык бийликти күчөтүү тенденциясы башталган. Ал Референдумдар аркылуу ишке ашырылган. Натыйжада, республикада жеке авторитардык, үй-бүлөлүк бийлик орногон, ал өлкөнүн коомдук-саясий турмушунда терс көрүнүштөрдүн терендешине, социалдык чыңалуунун курчушуна, акыры март(2005-ж.) жана апрель (2010-ж.) окуяларына алып келди.

-2010-жылдын июнь айындагы Кыргыз республикасынын Конституциясын өзгөрткөн Референдум Кыргызстандын саясий системасына олуттуу өзгөртүү киргизди. Президенттик башкаруу парламенттик башкаруу формасы менен алмашылды. Бирок, система жаңы, башкаруу ыкмасы, кадрлар, аң-сезим эски болгондуктан, башкаруу формасынын өзгөртүлүшү алгылыктуу натыйжа бере элек.

## 3.3. Республикада көп партиялуу системанын калыптанышы жана анын өлкөнүн саясий өнүгүүсүндөгү орду

Азыркы Кыргызстандын саясий системасында саясий партиялар маанилүү орунду ээлешет. Эгемендүүлүк жылдарындагы Кыргызстандын бардык чөйрөсүндө жүргөн өзгөрүүлөрдү саясий партиялардын активдүү

ишмердүүлүгүсүз элестетүү мүмкүн эмес. Анткени, кыргыз коомунун саясий системасы калыптанып жаткан жаңы шарттарда, Кыргызстандын демократиялык багытта өнүгүүсүнүн пайдубалын негиздеген саясий күч саясий партиялар болушкан.

Эгемендүү Кыргызстандын саясий партияларынын түзүлүшүнө кайра куруу доорундагы коомду, анын саясий системасын демократиялаштыруу жараяны негизги өбөлгө жараткан. Кыргызстанда пайда болгон алгачкы саясий партиялардын айрымдары өткөн кылымдын 80-жылдарынын акырында республикада пайда болгон массалык демократиялык кыймылдардан өсүп чыккан, б.а. саясий кырдаалдын жана талаптардын өзгөрүшү, коомдук демократиялык кыймылдардын жаңы сапатка өсүп чыгышы саясий партиялардын түзүлүшүн шарттаган. Саясат таануучулар белгилегендей, саясий партиялардын коомдук кыймылдардан негизги өзгөчөлүгү, алардын башкы максаты – бийлик үчүн күрөшүү экендиги болуп саналат. Ал эми партиялык система - алардын (саясий партияларды-Р.К.) курчап турган социалдык чөйрө менен мамилеси, ошондой эле, саясий партиялардын ортосундагы өз ара мамилелеринин принциптери менен аныкталат [105.71,231-б.].

Коомдо партиялык система акырындык менен калыптанат жана анын конфигурациясы көптөгөн факторлордон көз каранды. Алар: тарыхый традиция, улуттук менталитет, жана конкреттүү саясий кырдаалдын өзгөчөлүгү ж.б. Ар бир өлкөнүн партиялык системасы өзүнүн өзгөчөлүгүнө ээ. Ошол эле учурда, ар түрдүү өлкөлөрдүн партиялык системасынын түзүлүшүндө көптөгөн окшоштуктарды табууга болот. Башкача айтканда, ар түрдүү өлкөлөрдүн реалдуу партиялык системалары тиги же бул деңгээлде туура келген партиялык системанын типтүү үлгүсү бар. Мындай үлгүгө бир партиялуулук жана көп партиялуулук системаларын кошууга болот.

Бир партиялык система коомдо бийлик үчүн болгон күрөштө эч кандай реалдуу атаандаштыкка жол бербеген бир партиянын болушу менен мүнөздөлөт. Мунун классикалык үлгүсү катары советтик саясий системаны көрсөтүүгө болот. Ал эми, бир партиялуулукту алмаштырган көп

партиялуулук системасында башкысы, бийликке монополиянын жана саясий партиялардын ортосунда реалдуу саясий атаандаштыктын болбошу шарт. Классикалык көп партиялуу система, анда, анык саясий фавориттин жоктугу менен мүнөздөлөт. Бийлик үчүн күрөштө бир нече партиялар бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болот жана алардын бирөө да толук жана чечкиндүү жеңишке жете албайт.   Жогоруда белгилегендей, СССРдеги бир партиялык система коомдук өнүгүүнү сенектикке кабылтып, союздун кулашына, анын ордуна бир катар эгемендүү республикалардын пайда болушуна алып келди. Постсоветтик республикаларда, анын ичинде Кыргызстанда да саясий реформалардын натыйжасында советтик саясий система өзгөрүүгө дуушар болду, партиялык система да өзгөрдү.

Ошентип, бир партиянын (КПССтин) чексиз саясий үстөмдүгү өкүм сүргөн 70 жылдан ашуун убакытка созулган советтик доордон кийин, Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунда демократиялык жараяндардын, саясий плюрализмдин жайылышы менен, республиканын тарыхында укуктук жактан мыйзамдаштырылган көп партиялуулук системага жол ачылган. Эгемендүү Кыргызстандын 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган биринчи Конституциясынын (Баш мыйзамынын) 8-беренесинде көп партиялуулук принциби бекитилген [19.21.]. Анда, партиялардын мамлекеттик иштерге катышуусунун төмөнкү формалары көрсөтүлгөн:

- Жогорку Кеңешке, мамлекеттик кызматтарга жана жергиликтү өзүн-өзү башкаруу органдарына өздөрүнүн талапкерлерин көрсөтүү;
- өкүлчүлүк органдарында фракцияларды түзүү ж.б.

Укуктук жактан көп партиялуулук принциби республиканын атуулдарынын саясий көз караштарына ылайык саясий партияларга биригүүсүнө, бардык саясий партиялардын тең укуктуулугуна, алардын ишмердигинин эркиндигине мамлекеттин кепилдик берүүсүн (гарантия) жана таануусун билдирет. Ошол эле учурда, көп партиялуулук принциби улуттук, расалык, диний жана социалдык каршылашууга, учурдагы мыйзамдуу мамлекеттик бийлик органдарын кулатууга үндөгөн (чакырган), же башка

жолдор менен аракеттеги мыйзамдарды бузган партияларга компетенттүү мамлекеттик органдар тарабынан мыйзам чегинде тыюу салуу жана таратуу укугун четке какпаган [102.68,283-284-бб.].

Бирок бул жараяндын башталышы, өлкөдө тез арада толук маанидеги көп партиялуулук система калыптанды дегенди билдирген эмес. Көп партиялуулук система, кийинки өнүгүүбүз көрсөткөндөй, татаал жана көп мезгилди талап кылган жараян болду. Анын өнүгүү жолунда бир катар тоскоолдуктар жана карама-каршылыктар жаралды. Алардын олуттуулары: коомдук аң-сезимдин жана саясий маданияттын жетиштүү деңгээлде болбогондугу, коомдук өнүгүүнүн максаттары жана идеалдар боюнча коомчулукта саясий консенсустун жоктугу, калктын саясий жана социалдык активдүүлүгүнүн төмөндүгү, партиялык курулушта практикалык тажрыйбанын жоктугу [63.30,180-б.].

Аталган тоскоолдуктарга карабастан, Кыргызстан 1991-жылдан баштап, көп партиялуулук системага кадам таштаган. Бир катар саясий партиялар түзүлө баштаган. Саясий партиялардын түзүлүшү бир жагынан, Кыргызстан коомундагы саясий активдүүлүктүн жогорулагандыгынан кабар берсе, экинчи жагынан, саясий плюрализмдин маанилүү көрсөткүчү болгон. Республикабызда саясий партиялардын түзүлүшүнө Кыргызстан демократиялык кыймылынын (КДК) салымы чоң. Анткени, 1991-1992-жж. аталган коомдук кыймылдан үч саясий партия: “Эркин Кыргызстан”, “Асаба” жана “Ата Мекен” өз алдынча партия болуп бөлүнүп чыгышкан.

Кыргызстандагы эң алгачкы катталган саясий партия - «Эркин Кыргызстан» прогрессивдүү-демократиялык партиясы болгон. Аталган партия 1991-жылдын 4-декабрда каттоодон өткөн. “Эркин Кыргызстан” партиясынын негизги максаттары болуп төмөнкүлөр кабыл алынган:

-адамдын эркин өнүгүшү, Кыргыз Республикасынын атуулдарынын кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо жана аны ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү;

-чыныгы укуктук, демократиялык мамлекетти куруу. Ага өтүүнү зордук – зомбулуксуз, парламенттик жол, мамлекеттик бийликтин шайлоо органдарына катышуу аркылуу ишке ашыруу;

-Элдин генофондун жана калктын аз камсыз болгон катмарларын, ошондой эле өлкөнүн экологиясын коргоо [23.25,75-б.]. ж.б.

-Саясий партиялардын парламенттик шайлоолорго катышуусу, анда алган депутаттык мандаттарынын саны, алардын өлкөнүн саясий турмушундагы ордунун, таасиринин көрсөткүчү болуп саналат. Албетте, мында ар бир өлкөнүн шайлоо системасындагы жана мыйзамындагы кемчиликтерди, тоскоолдуктарды, чектөөлөрдү да эске алуу абзел.

“Эркин Кыргызстан” партиясы 1995-жылдагы парламенттик шайлоого катышып, 2 депутаттык орун, 2000-жылдагы шайлоодо дагы 2 депутаттык мандатка ээ болгон. Мындан аталган партия 5 жылдык саясий ишмердүүлүгүндө калк арасында өзүнүн саясий таасирин жогорулата албагандыгын көрүүгө болот. Бул албетте, партиянын саясий ишмердигинин активдүүлүгүнө, ошондой эле партиянын лидеринин саясий кадыр-баркына байланыштуу деген пикирдебиз.

2010-жылы партиялык тизме менен өткөн парламенттик шайлоодо

“ Эркин Кыргызстан” партиясы “Ар-намыс” партиясы менен биригип чыкты жана анын мурдагы лидери Т. Бакир уулу депутаттык мандатка ээ болду.

Республикадагы катталуу мөөнөтү боюнча экинчи орунда турган партия, бул “Асаба” - улуттук кайра жаралуу партиясы болгон. Ал 1991-жылдын 30-декабрында катталган. Анын негизги максаты Көз карандысыз демократиялык Кыргыз мамлекетин куруу, кыргыз элинин улуттук, экономикалык, саясий кызыкчылыктарын коргоо, улуттук тилди жана маданиятты ар тараптуу заманга ылайык өнүктүрүү болуп саналат. Партиянын социалдык-экономикалык тармактагы саясаты ”менин жыргалчылыгым өзүмдүн гана колумда” деген принципке негизделген. “Эмгекке жөндөмдү ар бир ден соолугу соо адам өз жыргалчылыгын өзү гана түзүш керек, ал эми мамлекеттин жыргалчылыгы ар бир адамдын жыргалчылыгынан келип чыгат” [ 23.25,73-б] деп жазылган

партиянын программалык документинде. “Асаба” партиясы максаттарынын мыктылыгына карабастан, парламенттик шайлоолордо республиканын парламентинен орун ала албады. Мындан, партиянын республикалык, жалпы улуттук деңгээлде саясий таасиринин анчейин жогору эместигин белгилөөгө болот.

1992-жылдын 17-сентябрында мурдагы советтик Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын мураскору, жаңы саясий шарттарда анын ишин улантуучу катары-мурдагы Кыргызстан КП БКсынын биринчи катчысы (1985-1990-жж.), Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин төрагасы (апрель – декабрь 1990-ж.), белгилүү саясий ишмер А. Масалиев жетектеген Кыргызстан коммунисттик партиясы кайра каттоодон өткөн.

Ал эми 1992-жылдын 17-сентябрында Кыргызстан Компартиясы Кыргызстан коммунисттеринин партиясы деген жаңы аталыш менен кайрадан каттоодон өткөн. 1993-жылдын март айында Москвада өткөн КПССтин XXIX съездинде Коммунисттик партиялардын союзу түзүлүп, Кыргызстан коммунисттеринин партиясы ага тең укуктуу мүчө болуп кирген. Коомдо антикоммунисттик, антисоветтик маанай күч алып турган кырдаалдагы бул көрүнүштү, бир жагынан, ошол адамдардын коммунисттик идеяга бекем берилгендиги, принциптеринин туруктуулугу жана алардын саясий эрки катары баалоого, экинчи жактан, демократиянын жеңиши катары баалоого болот.

Кыргызстан коммунисттеринин партиясынын негизги максаты болуп мурдагы мезгилдеги эмгекчилердин эмгеги менен жаралган экономикадагы, маданияттагы жана руханий жетишкендиктерди сактап калуу жана өнүктүрүү, элдердин достугун, руханий байланыштарын бекемдөө, шовинизмге, фашизмге, улуттук сепаратизмге каршы чыгуу, саясий жана социалдык теңдик, элдердин достугу үчүн, эмгекчилердин интернационалдык тилектештиги үчүн күрөшүү, адамзаттын келечеги болуп эсептелген коммунизмдин идеалына умтулуу болуп эсептелген [23.25,14-15-бб.].

Коммунисттер партиясынын Кыргызстандын саясатындагы таасири башка партияларга салыштырмалуу бир топ жогору болгон. Ал, төмөнкү №1

таблицада берилген 1995-жылы жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоонун жыйынтыктары да тастыктап турат (№1 табл. караңыз).

№ 1 таблица [4.119. -23-б.] Саясий партиялардын Кыргызстандын саясатындагы таасири (1995 жылга карата)

| **Саясий партиялар** | **Таасири олуттуу** | **Таасири начар** | **Эч кандай таасири жок** | **Айта албайм** |
|---|---|---|---|---|
| Агрардык партия | 7,9 | 18,4 | 44.7 | 17,1 |
| ЭрК | 11,8 | 42,1 | 19,7 | 15,8 |
| Асаба | 18,4 | 36,8 | 19,7 | 11,8 |
| КДК | 19,7 | 23,7 | 31,0 | 11,9 |
| Кыргызстан биримдиги партиясы | - | 23,7 | 40,8 | 19,7 |
| Коммунисттер партиясы | 46,1 | 26,3 | 9,2 | 7,9 |
| КРЭП | - | 19,7 | 46,1 | 22,4 |
| Социал-демократиялык | 21,1 | 27,6 | 21,1 | 15,8 |
| Эл-бей бечаралар | 6,6 | 22,4 | 43,4 | 15,8 |
| Агрардык-эмгек | 2,6 | 15,8 | 44,7 | 23,7 |
| Аялдар демократиялык | 6,6 | 34,2 | 36,8 | 11,8 |
| Ата Мекен | 15,8 | 38,2 | 23,7 | 13,2 |
| Экономикалык биримдик партиясы | - | 7,9 | 47,4 | 28,9 |
| Манас эли | 3,9 | 3,9 | 46,1 | 34,2 |

Таблица көрсөтүп тургандай, респонденттер Коммунисттер партиясынын (46,1%), Социал-демократиялык партиянын (21,1%), КДКнын (19,7), “Асаба” партиясынын, Ата Мекен партиясынын (15,8) олуттуу таасирин белгилешкен. Ал эми, Кыргызстандын республикалык элдик партиясынын (КРЭП), Кыргызстан биримдиги партиясынын, Экономикалык биримдик партиясынын,

Агрардык-эмгекчилер партиясынын, Манас эли партиясынын таасири начар болгон.

Кыргызстандын коммунисттеринин партиясы 1995-жылдагы парламенттик шайлоодо – 2, 2000-жылкы шайлоодо – 6 мандатка ээ болгон. Бул албетте, анын коомдогу саясий таасиринин көрсөткүчү болгон.

Ошол мезгилдеги таасирдүү партиялардан болгон Ата Мекен партиясы 1992-жылдын 16-декабрында катталган. Партия социалисттик багыттагы партия. Анын негизги милдеттери: укуктук демократиялык мамлекетти куруу, экономикалык реформаларды ишке ашыруу, коомду эволюциялык жол менен реформалоо.

Ал эми Кыргызстандын социал-демократиялык партиясы (КСДП) 1993-жылдын 1-октябрында катталган жана партиянын лидери А. Атамбаев болгон. Партиянын программалык документинде: "...партия ар кандай революциялык идеологияны четке кагат, себеби, ал саясий экстремизмдин пайда болушу үчүн бирден- бир жана шексиз негиз болуп эсептелет. Өзүнүн ишмердигинде партия туура акыл-эске, прагматизмге, центризмге, радикализмдин ар кандай көрүнүштөрүнөн баш тартууга, саясий жана социалдык кайра куруулардын эволюциялык мүнөзүнө, экономикалык жана саясий реформалардын бардык этаптарында социалдык адилеттүүлүктүн жана корголуунун кепилдиктерин камсыз кылууга, ошондой эле өлкөдө атуулдук жана улуттар аралык ынтымакты чыңдоого, адептүүлүккө жана саясаттын ачык–айкындуулугуна таянат" [23.25,47-б.] деп жазылган. Бирок. Кыргызстандын кийинки өнүгүүсү көрсөткөндөй, саясий кырдаалдын өзгөрүшүнө байланыштуу, партия өзүнүн айрым принциптеринен чегинген.

Партиялар катышкан эң алгачкы мажоритардык система менен өткөн парламенттик шайлоодо КСДП шайлоого катышкан 9 партиянын ичинен эң көп 3 мандатка ээ болгон [24.26,195-200-бб.].

Ошентип, Кыргыз республикасынын эки палаталуу (Мыйзам чыгаруу жыйыны-35 жана Эл өкүлдөр жыйыны-70) парламентине 1995-жылдын 5- жана 19-февралында эки тур менен өткөн шайлоодо токсонунчу жылдардын биринчи

жарымында түзүлгөн №1-таблицада келтирилген 14 каттоодон өткөн партиялардын 9у өз талапкерлерин өткөрүгө жетишишкен. Алар: КСДП – 3 мандатка, Эркин Кыргызстан, Кыргызстан биримдиги, Кыргызстан коммунисттери партиясы жана Ата Мекен партиялары – 2ден мандатка, КДК, КРЭП, Агрардык жана Агрардык-эмгекчи партиялары – 1 ден мандатка ээ болушкан [24.26,195-200-бб.].

Парламенттик шайлоо партиялардын саясий ишмердигин активдештиргендигине карабастан, шайлоонун жыйынтыгы алардын таасири коомдо, шайлоочулар арасында начар экендигин көрсөткөн. Партиялар 105 депутаттык корпустун 12 мандатын гана алышкан. Шайлоо алдында жана учурунда түзүлгөн партиялардын жана коомдук уюмдардын шайлоо блоктору да эч кандай роль ойной алышкан эмес. Мисалы 1994-жылдын сентябрь айында оппозициялык партиялар тарабынан түзүлгөн Демократиялык күчтөрдүн конгресси  тез эле тарап кеткен. Эксперттер мындай абалдын негизги себеби мажоритардык шайлоо системасы деп эсептешет, алардын пикири боюнча анын эч кандай өзгөрүүсүз сакталышы “партиялык системанын өнүгүшүн тосот” [64.31,92-б.]

Ошол эле учурда, партиялардын саясий таасиринин начардыгы ошол учурдагы республикадагы партиялык системанын калыптануу спецификасына, партиялардын ишмердигине, лидеринин коомдогу кадыр-баркына, партиялардын өз ара байланышына, саясий аң-сезимдин, саясий маданияттын деңгээлине жана шайлоо кампаниясынын таза, ачык-айкын, мыйзамдуу өтүшүнө түздөн-түз байланыштуу болгон.

Кыргызстандын партиялык системасынын калыптанышына мүнөздүү көрүнүш партиялардын санынын өсүшү алардын сапатына эч кандай таасир этпегендигинде болгон. Бул көрүнүш азыркы күндө да сакталууда.

Саясий партиялар үчүн 2000-жылдагы парламенттик шайлоо чоң сыноо болгон. 1998-жылы партиялык системанын калыптанышына мыйзамдуулукка таянган стабилдүүлүк берүү максатында Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынына эл өкүлдөрүн шайлоонун аралаш системасы киргизилген. Жаңы

шайлоо мыйзамына ылайык Мыйзам чыгаруу жыйынынын 60 депутатынын 15и пропорционалдык принцип боюнча, б.а. партиялардан шайланган. Ошентип, 2000-жылы Кыргызстандын саясий партиялары биринчи жолу мамлекеттин мыйзамдуулук базасын калыптандырууга таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушуп, алар үчүн бийлик рычагына эшик ачылган. Партияларга алардын негизги максаты болгон бийликке келүү жана ал аркылуу өз идеяларын, максаттарын ишке ашырууга шарттар түзүлгөн [132.98,33-б.]. Албетте, ал максаттарды ишке ашыруу үчүн бөлүнгөн мандаттар даана жетишсиз болгон, ошентсе да шайлоо системасындагы бул өзгөрүлөр, партиялык системанын калыптануу жолундагы олуттуу жылыш болгон. Б. Малабаевдин пикири боюнча, жаңы шайлоо тартиби демократиялык парламентти куруута, депутаттык фракциялардын жана топтордун калыптануусуна, саясий партиялардын саясий жана шайлоо жараяндарына катышуусунун ыкмаларын жана формаларын андан ары өнүктүрүгө олуттуу көмөк көрсөткөн... Ошондой эле, 2000-жылдагы шайлоо компаниясы кыргыз коомунун атаандаштыкка жөндөмдүү саясий элитасынын калыптанышына өбөлгө жаратып, аны идеялардын жана программалардын күрөшүнө багыттаган [213.59,83-б.].

2000-жылдагы парламенттик шайлоо саясий партиялардын коомдогу ролунун жана таасиринин деңгээлин талдоого жана ал жөнүндө жыйынтык жасоого мүмкүндүк берет. Парламенттик шайлоого карата республикада 27 партия каттоодон өткөн. Алардын 9унун түзүлгөнүнө 1 жыл болбогондуктан, аларга шайлоого катышууга уруксат берилген эмес. 4 партиянын программалык документтеринде Кыргыз Республикасынын шайлоолор жөнүндөгү кодексинин 92-беренесине ылайык [16.18.] шайлоого катышуу жөнүндөгү жоболору болбогондуктан, алар да шайлоо компаниясына катыша албай калышкан. Шайлоого катышууга укук алган 15 партиянын бешөө төмөнкү эки шайлоо блогуна биригишкен:

1. Демократиялык күчтөрдүн союзу (ДКС) – КСДП, Кыргызстан биримдиги партиясы, Экономикалык кайра жаралуу партиясы, «Адилет» партиясы.

2. «Манас» - Республикалык элдик партия, Өнөр жайдын, айыл чарбасынын кызматкерлеринин жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн кызыкчылыктарын коргоо партиясы. Шайлоо бюллетенине 9 партия жана 2 шайлоо блогу киргизилген. 5%дык барьерден ДКС жана 5 партия өткөн . Алар: Коммунисттик партия, Аялдар демократиялык партиясы, Афганстандагы согуштун ардагерлеринин партиясы, Ата Мекен, “Менин өлкөм”. Партиялык тизме боюнча шайлоого катышкан партиялар парламентте төмөнкүдөй мандатка ээ болушкан: Кыргызстан коммунисттеринин партиясы – 5, “Демократиялык күчтөр союзу” блогу – 4, Кыргызстан аялдарынын демократиялык партиясы – 2, Афганстандагы согуштун ардагерлеринин саясий партиясы – 2, Ата Мекен партиясы – 1, “Менин өлкөм” партиясы – 1. [1.15. - 354-355-бб.] Ошол эле учурда партия талапкерлери бир мандаттык округдардан да депутаттыкка өтүшкөн. 1995- жана 2000-жылдагы Жогорку Кеңештеги партиялардын депутаттарынын санына салыштырмалуу талдоо жүргүзсөк, 2000-жылдагы шайлоодо 1995-жылдагы шайлоого караганда парламенттеги партиялардын өкүлдөрүнүн саны эки эсеге өскөндүгүн көрүүгө болот. Эгерде 1995-2000-жж. парламентте ошол мезгилдеги 11 партиянын 9унун өкүлү болсо, 2000-2005-жж. иштеген кыргыз парламентине 27 партиянын 13 партиясынан депутаттар шайланган. 2000 жылга карата Кыргызстанда иш алып барган 27 партиянын 9у гана эки шайлоого (1995, 2000) тең катышкан. Алар: Кыргызстан коммунисттеринин партиясы, КСДП, ЭрК, Ата Мекен, Кыргызстан аялдарынын демократиялык партиясы, Агрардык партия, Агрардык-эмгек партиясы, Кыргызстандын республикалык элдик партиялары болушкан. Бирок, акыркы үч партия үчүн 2000-жылдагы шайлоо ийгиликсиз болгон. Ошол эле учурда, 2000-жылы парламенттик шайлоодо 1995-жылдан кийин түзүлгөн 4 партиянын өкүлү депутаттык мандат алышкан. Шайлоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй, 2000-2005жж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги “партиялык” депутаттардын саны 1995-2000-жж. иштеген Жогорку Кеңешке салыштырмалуу эки эсеге өскөн. Аны төмөнкү №2 таблицадан көрүгө болот.

№2-таблица [24.26.; 12.13.] КРдин Жогорку Кеңешиндеги саясий партиялардын өкүлчүлүгү

| №№ | Саясий партиялар | ЖКдагы депутаттардын саны | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 1995 | 2000 | |
| | | | Бир мандаттуу округдар | Көп мандаттуу округдар |
| 1 | Ата Мекен (1992)* | 2 | 2 | 1 |
| | **Демократиялык күчтөр союзу (2000)** | | | |
| 2. | Кыргызстан социал-демократиялык партиясы (1993) | 3 | 2 | |
| 3. | Кыргызстан биримдиги партиясы(1994) | 2 | 3 | |
| 4. | “Адилет” (1999) | - | 2 | |
| 5. | Экономикалык кайра жаралуу партиясы (1997) | - | 0 | |
| 6. | **“Манас” блогу** | | | 0 |
| | Кыргызстандын республикалык элдик партиясы (КРЭП)(1992) | 1 | 0 | |
| 7. | Өнөр жай,... кызыкчылыктарын коргоо партиясы(1996) | - | 0 | |
| 8. | Коммунисттер партиясы (1992) | 2 | 1 | 5 |
| 9. | Менин өлкөм (1998) | - | 2 | 1 |
| 10. | Аялдардын демократиялык партиясы(1994) | - | 0 | 2 |
| 11. | Эркин Кыргызстан(1991) | 2 | 2 | 0 |
| 12. | Афганстандагы согуштун ардагерлери партиясы(1994) | - | 0 | 2 |
| 13. | Агрардык партия (1993) | 1 | 0 | 0 |
| 14. | Коммунисттик партия (1999) | - | 0 | - |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 15. | Агрардык-эмгекчи партиясы(1994) | 1 | 0 | 0 |
| 16. | КДК (1993) | 1 | 0 | Алынган |
| 17. | Асаба (1991) | 0 | 0 | 0 |
| 18. | Эл (бей-бечаралар) партиясы(1995) | - | 2 | - |
| 19. | Кайран эл (1999) | - | 1 | - |
| 20. | Эмгекчи эл партиясы (1997) | - | 0 | - |
| 21. | Бишкек шаардыктар партиясы (1998) | - | 0 | - |
| 22. | Манас эл (1995) | - | 0 | - |
| 23. | Кооператорлор партиясы (1999) | - | 0 | - |
| 24. | Эл биримдиги жана ынтымагы партиясы (1999) | - | 0 | - |
| 25. | Ар-намыс (1999) | - | 0 | - |
| 26. | Дыйкандар (фермерлер) партиясы (1999) | - | 0 | - |
| 27. | Кыргызстандын республикалык партиясы (1999) | - | 0 | - |
| | Жыйынтыгы | 15 | 17 | 15 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, саясий партиялардын парламенттеги өкүлчүлүгү 2000-жылы 1995-жылга салыштырмалуу өскөндүгү менен жалпысынан алардын алган мандаттары өтө эле аз болгон жана “партиялык” депутаттар мыйзам чыгаруу ишине анчейин деле таасир эте алышкан эмес.

2000-жылдагы парламенттик шайлоонун жыйынтыгын талдоо партиялардын эл массасынан өтө эле алыс экендигин, алыскы айыл кыштактарда партиялык бөлүмдөр жок болгондуктан, партиялар, партиялардын ишмердиги жөнүндө жер-жерлерде эч кандай маалымат жок экендигин ачыктады. Көп партияларды алардын лидерлери аркылуу гана билишкен жана лидерлерине карата партияларга баа берилген.

Ошого карабастан Кыргызстанда партияларды түзүү жараяны улана берген. Бирок, жаңы партиялардын түзүлүшү, өлкөдөгү демократиялашуу жараянынын тереңдешин чагылдырган эмес. Акыркы он жылдыкта бийликте тургандар жана алардын жакындары өз партияларын түзүп, бардык

мамлекеттик ресурстарды колдонуп, парламенттик корпуска өткөрүп, алар аркылуу бийлик рычагдарын колго алуу аракеттери болуп жаткандыгын белгилөөгө болот. 2005-жылы парламенттик шайлоого катышкан Акаевдин үй-бүлөлүк “Алга Кыргызстан” партиясы, 2007-жылы парламенттик шайлоого катышып, одоно мыйзам бузуу жолдору менен 71 депутаттык орунга ээ болгон бакиевдик “Ак жол” партиялары мунун ачык күбөсү. 2007-жылдын 16-декабрда өткөн парламенттик шайлоо биринчи жолу толук партиялык тизменин негизинде өткөн. Пропорционалдык (партиялык тизме менен) шайлоо системасы мажоритардык системага салыштырмалуу демократиялык мүнөздө деп эсептелгенине карабастан, бул шайлоо өтө чоң мыйзам бузуулар менен таза эмес өттү.

**Жыйынтык:**

Бөлүм боюнча изилдөөбүздү жыйынтыктап, төмөнкү корутундуларды чыгарууга болот:

-Ошол эле учурда саясий партиялардын санынын өсүшү, алардын сапаттык жактан өсүшүн чагылдырбайт. Саясий партиялардын ишмердигинде, өз ара мамилелеринде, мамлекеттик бийлик органдары менен мамилесинде, саясий маданиятында чечүүнү талап кылган бир катар проблемалар али да бар. Ошондуктан, Кыргыз Республикасында толук кандуу көп партиялык системанын калыптангандыгы жөнүндө сөз кылууга али эрте.

-Партиялардын өлкөнүн саясий, социалдык-экономикалык актуалдуу маселелердин чечүүдөгү ролунун жогорулашында саясий аң-сезимдин, маданияттын деңгээлин өстүрүүнүн, практикалык тажрыйбанын, саясий эрктин жана принциптердин туруктуулугунун орду маанилүү экендигин белгилемекчибиз.

-Саясий партиялардын түзүлүшүндө жана ишмердигинде кландык, трайбалисттик көрүнүштөргө жол берилбөөсү зарыл. Партиялардын башкы максаты жалпы улуттук кызыкчылыктын негизинде гана аныкталышы абзел, бул алардын конъюктуралык партия эмес жалпы улуттук партияларга айланышына негизги өбөлгө жаратат;

-Азыркы күндө да уланып жаткан айрым саясий лидерлердин билйликке келүү максатында өздөрүнүн жаңы партияларын түзүү практикасын токтотуу абзел. Азыркы Кыргызстанга өлкөнүн чыныгы өнүгүү багытын аныктаган, ал маселеде өздөрүнүн маңыздуу прогрессивдүү идеяларына жана программаларына ээ, аларды турмушка ашырууда белгилүү тажрыйбасы бар 5 же 7 ири саясий партиялардын болушу максатка ылайык.

# IV Бап. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК КРИЗИСИ. МАРТ РЕВОЛЮЦИЯСЫНАН КИЙИНКИ ӨЛКӨНУН КООМДУК-САЯСИЙ АБАЛЫ

## 4.1. Өлкөнүн коомдук-саясий өнүгүсүндөгү терс көрүнүштөрдүн тереңдеши жана бийлик кризиси

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан башталган саясий, социалдык-экономикалык чөйрөдөгү реформалар күткөн натыйжаны бербегендиги 90-жылдардын экинчи жарымынан баштап байкала баштаган. Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүн реформалоонун натыйжасында калыптанган саясий система коомдо жаралган көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмсүздүгүн көрсөткөн, тескерисинче, аларды тереңдетип, эл массасынын нааразычылыгын күчөткөн, б.а. 1990-жылдары түзүлгөн саясий система, эффективдүү мамлекеттик башкаруу институттарын калыптандыра албады. Аларды мезгил-мезгили менен модификациялоо жана өзгөртүү акаевдик режимди сактап калуу үчүн жүргүзүлгөндүгүн реалдуулук көрсөттү .

Коомду демократиялаштыруу багытындагы кайра куруулар республикада 1990-жылдардын ортосуна карата демократиянын бөтөнчө моделин түзгөн. Өлкөнүн саясий системасынын негизги элементтеринен болгон президенттик институтту бийликтин күчтүү борборуна айландыруу тенденциясы өлкөнүн саясий өнүгүүсүнүн багытын аныктаган жана бийлик кризисине өбөлгө жараткан. Бул тенденциянын андан ары өнүгүшү президенттин бийлигин авторитардык мүнөзгө айландырган. Президентке мамлекеттик башкаруунун бардык түзүмдөрү баш ийип, парламент, өкмөт сот органдары жана башка саясий жана атуулдук институттар президенттик институттун формалдуу коштондусуна айланган. Ошентип, авторитардык советтик саясий системаны жоюп, демократиялык башкаруу системасын түзүүгө багыт алган реформалар, иш жүзүндө кайрадан авторитардык башкарууну орноткон. Тагыраак айтканда, өткөн кылымдын акыркы 10 жылдыгында жүргүзүлгөн саясий реформалар

Кыргызстанда саясий плюрализмдин жана эркиндиктин айрым элементтери киргизилген авторитардык башкарууга алып келген [63.30,229-б.].

Адилеттүлүк үчүн белгилөөчү жагдай, 1990-жылдардын ортосуна чейин жүргүзүлгөн демократиялык реформалар батыш прессасында Кыргызстанды Борбор Азиядагы «демократия аралчасы» деп атоого негиз болгон. Бирок, демократиялаштыруу жараянынын андан ары өнүгүшү тескери багытта, авторитаризмди орнотуу багытында жүрө баштаган. Өлкө турмушундагы, анын саясий системасындагы демократия квазидемократияга айланган.

1994, 1996, 1998, 2003 - жылдардагы президент А. Акаевдин "каалоосу" жана демилгеси менен жүргүзүлгөн Конституциялык реформалар авторитардык бийликтин калыптанышына, акырындап барып, үй-бүлөлүк, кландык башкаруунун орношуна алып келген. Президенттик, парламенттик шайлоолордо мыйзам бузуучулук күч алган. Бийликти мурастык мүнөзгө айландыруу аракеттери көрүлө баштаган. Бийлик системасында, сот системасында коррупция, адилетсиздик кадимкидей эле көрүнүш болуп калган. Коррупция жөргөмүштүн желесиндей бийлик структурасынын бардык тармагын камтыган. Кадр саясатындагы негизги критерий акча жана тууганчылык факторлору болуп калган. Мамлекеттик кызмат орундары кадимкидей эле сатыла баштаган.

Мына ушул көрүнүштөрдүн баары өлкөнүн экономикасынын, элдин социалдык абалынын кескин начарлоосу менен коштолгон. Шашылыш, ойлонулбай жүргүзүлгөн экономикалык реформалар өлкөнүн экономикасын бүлүндүргөн. 1990-1996-жж. Кыргызстандын экономикасы 2 эсеге төмөндөгөн. Өнөр жай ишканалары токтоп, жабылып, талоонго учураган. Квалификациялуу инженерлер, жумушчулар (негизинен орус тилдүү) өлкөдөн кете баштаган. Натыйжада жумушсуздук күч алган. Ички, тышкы миграция күчөгөн. Агрардык реформа айыл чарбасын түп тамырынан бүлүндүргөн. Менчиктештирүү саясатынын натыйжасында калктын аз гана тобу байып, көпчүлүгү жакырланууга дуушар болгон. Айрыкча айыл калкынын жашоо деңгээли өтө төмөндөгөн. Кара курсактын айынан жумуш издеп башка өлкөгө кеткен

мекендештерибиздин саны 2002 - жылга карата 0,5 млндон ашып кеткен. Тилекке каршы, бул процесс азыр да уланууда.

Албетте, бул көрүнүштөр элдин нааразылыгын күчөткөн жана бийлик кризисине, акыры барып анын кулашына алып келген. Анткени, жогоруда белгилегендей, А. Акаев башында турган реформаторлор түзгөн бардык деңгээлдеги мамлекеттик башкаруу системасы коомдогу курч көйгөйлөрдү ыкчам чечүүгө жөндөмсүз болуп чыккан. “Бийлик бийик трибунадан бирди айтып, иш жүзүндө башка нерсени жүргүзгөн, атүгүл кээде жалпы улуттун кызыкчылыгына зыяндуу аракеттерди жасаган” [63.30,230-б.]. Албетте, бир катар пайдалуу демилгелер жана узак мөөнөттүк программалар жарыяланган, бирок алар кагаз бетинде гана калып, эреже катары турмушка ашырылган эмес. Алардын катарына 2002-жылы Кыргызстанды “адам укугунун өлкөсү” деп жарыялоону жана Аксы трагедиясынан кийин кабыл алынган “Жакырчылыкты жоюу боюнча комплекстүү программаны” ж.б. кошууга болот. Алардын бирөө да турмушка ашкан жок.

Т.Койчумановдун пикири боюнча бийлик түзүмдөрүндөгү аткаруучулуктун эң эле төмөндөшүнүн башкы себептери төмөнкүлөр болгон:

1. мамлекеттик башкаруу системасын максаттуу реформалоонун жоктугу;

2. мамлекеттик чиновниктердин кош стандарттуулугун жоюу аракетинин болбогондугу.

Реформа жүргүүзүгө бийликтегилердин кызыкчылыгынын жоктугу, кабыл алынган чечимдердин сапатынын начардыгы чиновниктер чөйрөсүндө даана байкалган, алар тигил же бул чечимди таптакыр аткарышкан эмес, же мыйзам актыларынын маңызын бурмалоо менен өздөрү каалаган деңгээлде гана аткарышкан. Мындай көрүнүш ошол кездеги өкмөттүн ишмердүүлүгүнө өзгөчө мүнөздүү болгон [206.52,27-б.]. Биздин кошумчаларыбыз, мындай абал, мамлекеттик бийлик жана башкаруу түзүмдөрүнүн дээрлик баарына мүнөздүү болгон жана ал расмий бийликтин өлкөнү башкарууга жана өзүнүн саясий чечимдерин эффективдүү ишке ашырууга жөндөмсүздүгүн көрсөткөн. Бул жерде, Т. Койчумановдун: “...эгерде өкмөт начар иштесе жана бир натыйжага

жетишпесе, анда ал көрүнүш эртеби же кечпи саясий жана экономикалык кризиске алып келет” [206.52,25-б.] деген пикирине кошулбай коюуга болбойт.

Мамлекеттик институттардын алсыздыгы жана коомдогу курч проблемаларды чечүүгө жөндөмсүздүгү өлкөдө коррупциянын гүлдөп өсүшүнө өбөлгө жараткан. Коррупция экономиканын, саясий чөйрөнүн бардык тармактарын, жогорку кызматтагы чиновниктерди жана президенттин үй-бүлөсүн, анын айланасындагылардын баарын кучагына алган. Реформаларды ишке ашырууда байлыгын сактап калуу, баюу жогорку мамлекеттик чиновниктердин чөйрөсүнө кирген шартта гана мүмкүн болгон кырдаал түзүлгөн. Бул болсо колу таза эмес адамдардын, криминалдык чөйрөнүн өкүлдөрүнүн бийлик түзүмдөрүнө келүүсүн күчөткөн. [156.2.]. Бийлик түзүмдөрү менен криминалдын биригип кетүү (сращивание) жараяны башталган. 2005-жылда жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоодо респонденттердин 35,9%ы коррупция бийликтин бардык органдарын камтыгандыгын билдиришкен [157.3,87-б.]. Бул элдин наразычылыгын туудуруп, бийлик кризисин тереңдеткен негизги факторлордон болуп калган.

Экономикалык тармакта ишке ашырылган реформалар, өзгөчө таза эмес жүргүзүлгөн менчиктештирүү, приватташтыруу саясаттары элдин басымдуу көпчүлүгүнүн жакырданышына, мамлекеттин, элдин байлыгынын аз гана адамдар тарабынан ыймансыздык менен талап-тонолушуна алып келген.

Президенттин жана анын кеңешчилеринин ою боюнча, мындай негизде байыган атуулдар жаңы саясий режимдин таянычы жана коргоочулары болуп калуулары керек болгон. Республиканы А. Акаев башкарган жылдарда мамлекеттик жана жалпы элдик менчиктерди арзан баада менчиктеп алган бай адамдар пайда болгон. Менчиктештирилген объекттер аларга жана режимдин башкаруучуларына олуттуу киреше алып келген. Мамлекеттик мүлк комитетинде көп учурда адис эмес, колу таза эмес адамдар иштешкен. Комитеттин жетекчилерин Акаев өзү дайындаган жана өзү бошоткон. Бул структура иштеген алгачкы 7 жылдын ичинде эле анын 6 жетекчиси алмашкан.

Мамлекеттик мүлк комитетинин берген маалыматы (так эмес жана бир нече эсе төмөндөтүлгөн) боюнча 5 жыл ичинде приватташтырылган объектилердин баасы 14 млрд сомду түзгөн. Бирок, мамлекеттин казынасына аталган сумманын 2,2%ы, б.а. 0,3 млрд сом гана түшкөн. Калган 13,7 млрд сом дайынсыз жоголгон. Эң кызыктуусу жана өкүнүчтүүсү бул чектен чыккан факт боюнча эч ким жоопко тартылган эмес.

Мамлекеттик өнөр жай объектилерин менчиктештирүү одоно мыйзам бузуулар менен ишке ашырылган, аларда иштеген эмгек коллективинин миңдеген мүчөлөрүнүн укуктары, кызыкчылыктары, акырында жалпы мамлекеттин кызыкчылыгы эске алынбаган. Ош шаарындагы совет мезгилинде өз продукцияларын чет мамлекеттерге кирешелүү экспорттоп турган миңдеген жумушчулар (эркек, аялдар) иштеген Ош насос заводу, Ош Жибек комбинаты ж.б. ушундай жол менен менчиктештирилип жоюлган. Азыр алардын ордунда (территориясында) менчик базарлар иштөөдө.

Ош Жибек комбинаты реформа жылдарында “PESAC” программасынын алкагында алгач “Ак-Жибек” акционердик коому, андан кийин, “Жибек” мамлекеттик акционердик коому болуп кайра түзүлүп, кийинчерээк мамлекеттик пакети жеке ишкерге сатылып, ал мамлекеттик акционердик коом катары жоюлган. Комбинатты кайра түзүү жана жоюу процесси Кыргыз Республикасынын ишканаларды кайра түзүү жана жоюу боюнча мамлекеттик Комиссиясынын 1995-жылдын 5-сентябрында чыккан №47 токтому менен мыйзамдаштырылган. Аталган комиссиянын төрагасы ошол учурдагы Кыргызстандын премьер-министри А. Жумагулов болгон. Комбинат Бангладеш мамлекетинин атуулу Ф. Чоудхуриге сатылып, жоюлган.

Комбинаттын сатуу алдындагы баланстык баасы эң төмөндөтүлгөн баада 66 млн сомго бааланган, ал эми чет элдик атуулга (Ф. Чоудхуриге) 1,9 млн сомго сатылган. Ошол эле учурда, комбинатка таандык болгон 6 эле КАМАЗдын баасы 2,5 млн сом болгон. Натыйжада 1500дөн ашык жумушчулар (негизинен аялдар) жумушсуз калышып, жакырчылыкка кабылышкан [97.63,114-115-бб.]. Албетте, мындан белгилүү топтор туйтунушкан. Мындай

мамлекеттик объектилерди менчиктештирүү жана приватташтыруу жараянындагы элге, мамлекетке каршы кыянаттык ыкма өкмөткө, мамлекеттик бийлик органдарына болгон ишенимди жокко чыгарган, реформа идеяларынын беделин кетирип элге жаман көрсөткөн. Элдин арасындагы нааразычылык күчөгөн.

Адилеттүүлүк үчүн белгилей кетчү жагдай, 1996-жылдан баштап, айыл чарба өндүрүшүндө бир аз өсүү байкалган. Ал төмөнкүдөй көрсөткүчтөрдү көрсөткөн: 1997-ж. – 112,2%, 1998-ж.- 102%, 1999-ж. – 108,7% [148.113,105-б.]. Бирок пайда болгон жеке менчик, фермердик, дыйкан чарбалардын материалдык – техникалык базасы начар болгондуктан, кымбат баалуу күйүүчү майлоочу материалдардын, финансылык ресурстардын жетишсиздигинен көптөгөн айдоо аянттары жана жайыттар азыркы күндө да иштетилбей калып келүүдө.

Ошентип, экономиканы жогоруда белгилегендей, каракчылык жол менен реформалоонун натыйжасында Кыргызстандын калкынын басымдуу бөлүгү өздөрүнүн жумушчу орундарынан ажырашып, келечекке болгон ишенимдерин жоготуп жакырчылыктын чегинде калган. Элдин социалдык абалы кескин төмөндөгөн.

Чет өлкөлүк финансылык жардамдарга карабастан, эгемендүүлүк жылдарында калктын жашоо деңгээли олуттуу төмөндөй берген. Ар бир кишинин жылдык орточо кирешеси 1992-жылдагы 1550доллардан 2005-жылы 270 долларга түшкөн, б.а. 6 эсеге азайган [219.65,42-б.].

Расмий маалыматтар боюнча калктын жашоо деңгээли өтө төмөндөгөн. 2002-жылы калктын 52,3%ы жарды, 17,8%ы өтө жарды катмарга кирген. Эгерде 1997-жылы калктын 51%ы жардылыктын чегинде жашаса, 2006-жылы ал көрсөткүч 70%ды түзгөн [250.96.].

Өлкөнүн ички дүң продукциясын (ВВП) өнүктүрүүнүн көлөмү ар бир кишиге эсептегенде 1990-жылга салыштырмалуу 2000-жылы 3280,67 АКШ долларынан 268,75 АКШ долларына кыскарган [97.63,68-б.]. Башкача айтканда, эгемендүүлүктүн биринчи 10 жылдыгында Кыргызстандын ички дүң

продукциясы 12 эсеге азайган. Мындай көрүнүш постсоветтик бир да республикада болгон эмес. Өзүнүн социалдык-экономикалык өнүгүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча биздин республика эң артта калган.

Экономикалык реформалардын натыйжасында 1996-жылы Кыргызстан өлкөнүн экономикасынын негизги көрсөткүчтөрү боюнча (ВВП, улуттук киреше) 1970-жылдын деңгээлине түшүп калган, б.а. 25 жылга артка кеткен [148.113,102-б.]. Ушундай оор кырдаал коррупциянын гүлдөп өсүшү менен коштолгон. Приватташтыруу көп учурда “номенклатуралык”, коррупциялашкан түс алып, арзан баада массалык “таркатуу” мүнөзүндө жүргөн. Статистикалык изилдөө институтунун маалыматы боюнча ички дүң продукциядагы терс (теневой) экономиканын салыштырмалуу салмагы: 1993-ж. – 3,2%ды, 1994-ж. – 6,0%ды, 1995-ж. – 8,4%ды, 1996-ж. – 9,4%ды, 1997-ж. – 10,3%ды, 1998-ж. – 11,9%ды, 1999-ж. – 12,3%ды түзгөн [18.20,85-86-б.]. Бирок, бул маалыматтар изилдөөчү Н. Эсенкуловдун пикири боюнча өтө төмөндөтүлүп берилгендиги талашсыз [148.113,103-б.].

2002-жылдын 9 -октябрындагы донорлор менен болгон жолугушууда А. Акаев эки жүздүлүк менен: “Өлкөнүн саясий, экономикалык жана социалдык турмушунда бул жылдары олуттуу өзгөрүүлөр болду. Реформалардын көп багыттары, алардын темптери жана тереңдиги боюнча биздин өлкө постсоветтик айдыңда алдыңкы орунда турат” [97.63,68-б.] деп айткан. Бул изилдөөчү З. Галиеванын каралып жаткан жылдары республикада эки “саясаттын” жана эки экономиканын болгондугу жөнүндөгү пикирин даана тастыктап турат. Чындыгында, акаевдик башкаруу жылдарында кош саясат жүргөн: өкмөт тарабынан кыргызстандыктар жана дүйнөлүк коомчулук үчүн жүргүзүлгөн мамлекеттин расмий саясаты, жана мамлекеттик башкаруунун жана экономиканын терс (теневой) секторундагы “оюн эрежесин” жана иерархиясын аныктаган чыныгы саясат [63.30,231-232-бб.]. Мына ушундай саясат бийлик кризисинин тереңдешине алып келген жана мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч жараткан, бийлик карапайым элдин жана акыл-эстүү саясий элитанын колдоосунан ажыраган. Муну кыргыз эли, терең

философиялык маңыздагы: “Калптын казаны кайнабайт” деген сөз менен айтып койгон.

Өлкөдөгү курч көйгөйлөрдү чечүү багытында иш алып баруунун ордуна, президент Акаев өзүнүн жандоочуларынын жана кошоматчыларынын жардамы аркылуу мыйзам бузуу жолу менен өзүнүн жеке жана үй-бүлөлүк бийлигин бекемдөө менен алек болгон.

2000-жылы өткөн президенттик шайлоо өлкө башчысы бийликте калуу үчүн өзү гарант болгон Конституциянын (Баш мыйзамдын) жоболорун бузуудан да кайра тартпастыгын даана көрсөткөн Шайлоо бийликти мыйзамдуу демократиялык жол менен алмаштыруу салтын киргизип, республиканын саясий аренасында олуттуу өзгөрүлөргө алып келмек, бирок андай болгон жок. Эки мөөнөт (1990/1991-1995жж., 1995 – 2000жж.) президенттик кызматты ээлеген А. Акаевдин Конституция боюнча, үчүнчү жолу өз кандидатурасын коюуга укугу болгон эмес. Бирок, анын администрациясы, мындай мүмкүнчүлүктү таап берүү үчүн ар кандай жолдор менен мыйзамдан жылчык издей баштаган. 1997-1998-жж эле “өкмөттүк” депутаттар, анын үчүнчү мөөнөткө шайланышына мүмкүндүк түзүү үчүн Конституцияны өзгөртүүгө үндөшкөн, ал эми, анын радикалдык маанайдагы тарапкерлери президенттик мөөнөттү өмүрүнүн акырына чейин киргизүүгө чакырышкан. Маселени ушундай жол менен чечүүнү кызуу сунушташкан “дүжүр” саясатчылар чыккан.

Бирок маселе, күтпөгөндөй эң жөнөкөй жол менен чечилген. 1998-жылы Конституциялык сот А. Акаевдин 2000-жылдагы президенттик шайлоого катышууга укугу бар, анткени ал, конституцияга ылайык (1993-ж.) президент болуп, 1995-жылы бир жолу гана шайланган, демек, ал өз кандидатурасын экинчи жолу (чындыгында ал 1990-жылдан 2000- жылга чейин президент болгон) коюуга укугу бар деген чечим “токуп” берген. Ошентип, 2000-жылдын 9-октябрында өткөн президенттик шайлоого А. Акаев үчүнчү жолу өз кандидатурасын коюп, бул псевдошайлоодо өзүнүн олуттуу атаандаштарын шайлоодон четтетип, жеңишке жетишкен.

2000-жылдагы президенттик шайлоо, Кыргызстанда орногон президенттик моноцентристтик бийлик, шайлоолордун демократиянын институту сапатындагы маңызын бузгандыгы, мында алар, кимдин бийликке келишине таасир эте албаган квазидемократиялык, формалдык актыга айлангандыгы жөнүндөгү эл аралык серепчилердин пикирлерин биротоло бекемдеген [208.54,37-б.].

Ошентип, бийлигин референдумдар аркылуу чексиз бекемдеп алган А. Акаев, акырында келип конституциялык жоболорду жана элдин пикирин четке кагып, мамлекеттик аппаратты оппозицияга жана көз карандысыз прессага каршы колдонууга, атуулдардын конституциялык укуктарын тебелеп-тепсөөгө өткөн. Бул элдин нааразычылыгын күчөтүп, бийлик кризисинин тереңдешин тездеткен.

Өлкөдөгү салыштырмалуу саясий стабилдүүлүктүн бузулушуна, акаевдик режимдин чыныгы жүзүн ачып, саясий системанын кризисинин тереңдешине алып келген дагы бир олуттуу фактор – Аксы трагедиясы болгон.

Аксы окуясы кыргыз-кытай чек арасын тактоо маселесине жана аны иликтөөгө алган, ошол мезгилдеги Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты А. Бекназаровдун ишмердигине байланыштуу келип чыккан.

Кыргызстан менен Кытайдын мамлекеттик чек араларынын расмий такталуу тарыхы тээ XIX кылымдын экинчи жарымынан башталат. Ага чейин Кыргызстан менен Кытайды бөлүп турган мамлекеттик чек ара болгон эмес. Россия империясы Кыргызстанды каратып алгандан кийин, азыркы кыргыз-кытай чек арасы Россия империясынын мамлекеттик чек арасынын бир бөлүгү катары Пекин (1860-ж.), Чугучак (1864-ж.), Петербург (1881-ж.), Кашкар (1882-ж.), жана Жаңы Маргылан (1884-ж.) келишимдеринин негизинде бекиген [68.35,18-б.]. Ушул орнотулган чек араны Совет өкмөтү мурастап калган. Совет бийлиги мезгилинде (1917-1991-жж.) совет-кытай чек арасынын бул бөлүгү эч кандай өзгөрүүгө дуушар болгон эмес. Бирок өткөн кылымдын 20-жылдарында кытай тарап чек араны кайрадан тактоо маселесин көтөргөн, анткени, алардын

пикири боюнча “түзүлгөн чек ара линиясы мурдагы падышалык өкмөттүн согуштук агрессиясынын натыйжасы” болгон.

Өткөн кылымдын 60-70-жылдарындагы бул маселени чечүү аракеттери натыйжа берген эмес. 1987-1991-жж. сүйлөшүлөрдө гана алга жылуу башталган. Бирок СССРдин кулашы менен ал токтоп калган.

Эгемендүү Кыргыз Республикасына СССРдин Кыргызстандын аймагындагы укуктуу мураскери катары кыргыз-кытай чек арасындагы мына ушул маселени кийинки муунга калтырбай чечүү милдети турган. Бул маселени эки тараптын тең кызыкчылыктарын эске алуу менен чечүү кыргыз-кытай мамилелеринин туруктуу болушуна жана бекемделишине укуктук негиз түзмөк. Көп күчтүү талап кылган эки жактуу сүйлөшүлөрдөн кийин, 1996-жылдын 4-июлунда Бишкек шаарында келишимге кол коюлуп, ага ылайык, “талаш” деп эсептелинген территориянын 70%ы кыргыз тарапка, 30%ы кытай тарапка өткөн. Бул келишимди Кытай Эл Республикасынын мыйзам чыгаруу органы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ратификациялаган [68.35,20-21-бб.].

Мына ушул маселе боюнча 2001-жылдын жаз айларында, ошол мезгилдеги Жогорку Кеңештин Мыйзам Чыгаруу жыйынынын депутаттары А. Бекназаров, Б. Асанов, И. Исаков, И. Кадырбеков, А. Мадумаров, А. Масалиев, А. Проненко ж. б. депутаттык изилдөө жүргүзүшүп, бул келишимдин мыйзамсыз түзүлгөндүгүн жана макулдашуунун натыйжасында Кыргызстан Хан-Тенгри (Хан Тоо) чокусунан, Эңилчек түбөлүк муз массивинен, Жаңы Жер участогунан (Сары Жаз дарыясынын жээктери), Боз-Айгыр – Ак-Жээктен (Какшаал дарыясынын жээги) жалпы аянты 358,71 чарчы км жеринен айрылганын аныкташып, ачыкка чыгарышкан. Ошондой эле, 1999-жылдын 26-августундагы А. Акаев менен Цзянь Цземин кол коюшкан Үзөңгү-Кууш өрөөнү боюнча кошумча келишим кол коюлган бойдон жаткандыгы далилденген. Жогорку депутаттык топтун катуу каршылыгына карабай, акаевдик бийлик 2001-жылдын 10- майында Мыйзам Чыгаруу жыйыны аркылуу 36 добуш менен Үзөңгү-Кууш боюнча келишимди да ратификациялоого жетишишкен.

Ошентип, кыргыздар “Үзөңгү-Кууштан түбөлүккө айрылган» [54.21,90-94-бб.]. Депутат А. Бекназаров “Акаевдин мыйзамсыз жашыруун эл аралык келишимге кол койгонун, ал биздин улуттук, мамлекеттик кызыкчылыктарыбызга каршы келээрин” айтып, “А. Акаевге импичмент жарыялоону” сунуштаган [63.30,237-б.].

Мына ушундан кийин А. Бекназаровду куугунтуктоо башталган. Аксыда, Бишкекте депутаттын бошотулушун талап кылган ачарчылык башталган. 6-февраль күнү 32 адамдын катарында ачарчылык жарыялап отурган Шералы Назаркулов дүйнөдөн өтүп кеткен [54.21,208-210-бб.]. Бул оор факты дагы, бийликтин окуяга карата аракеттерин өзгөрткөн эмес. Бир катар укук коргоо уюмдарынын жана жергиликтүү талдоочулардын пикири боюнча: “бийлик, өкмөт тарабынан жүргүзүлүп жаткан саясатты сындоочуларды ачык муунтууга өткөн” [63.30,238-б.]. “А. Бекназаровдун СИЗОдо катуу токмоктолгондугу” жөнүндөгү кабар элдин толкундоолорун, айрыкча Аксыда күчөткөн. 18-19- февраль күндөрү бийликке наразычылык жарыялап, депутаттын бошотулушун талап кылып чыккан Бекназаровдун шайлоочулары Кара- Суу айылында райаким Ш. Осмоновду, райондун билим берүү жана маданият бөлүмүнүн башчысын жана бир топ райондук аткаминерлерди барымтага алышкан. Аларды эки күндөн кийин гана коё беришкен [54.21,218-б.]. Мындай кырдаалда, Эл аралык уюмдардын тынчсызданган билдирүүлөрүнө карабастан, бийлик маселени тез чечүү аракетин көргөн эмес.

2002-жылдын 11-мартында Токтогул шаарчасында А. Бекназаровдун үстүнөн сот иши башталган. Мамлекеттик айыптоочу Ч. Сыдыков соттолуучуну 7 жылга эркинен ажыратууну сураган. Сот процесси 13- мартка чейин улантылып, 13-март күнү сот өкүм чыгарууну 18-мартка калтырып, кеңешүүчү бөлмөгө чыгып кеткен. А. Бекназаров өз китебинде жазгандай: “18-март күнү боло турган сот иши болбой калган. 19- мартта судья Б. Момбеков сот залына келип, Бекназаровдун баш коргоо чарасын өзгөртүү жөнүндөгү токтомду окуп, белгисиз мөөнөткө танапис жарыялап чыгып кеткен.”

[54.21,218-б.] Анткени, бул күндөрү бийлик өз элине ок атып, чындыкты, адилеттүлүктү талап кылган бейкүнөө адамдардын каны төгүлгөн эле.

16-март күнү Аксы районунун Кара-Суу, Кожо-Ата, Кара-Жыгач айылдарынын жашоочулары жыйын өткөрүшүп, ага областтын губернатору С. Урманаевди жана райаким Ш. Осмоновду чакырышкан. Алар аталган жетекчилер элдин талабын жогорку мамлекеттик жетекчиликке жеткизет деген ишенимде болушкан. Бирок, эч ким келген эмес, кечке күткөн эл, эртеси 17-март күнү үч багытта: Таш-Көмүр шаарына, Разан-Сай айылына жана райондун борбору Кербенге жөө-жалаң жол тартышкан

Кербен шаарына келе жатышкан наразычылык тынчтык маршынын катышуучуларын Бозпиек айылынын жанынан жергиликтүү бийлик өкүлдөрү тосуп , аларды артка кайтууларын катуу талап кылышкан. Беш мүнөт өтүп-өтпөй автоматтан жана табелдик куралдан элге карата ок атыла баштаган. Ок жеген К. Сапаралиев жана С. Тагаев экөө ошол эле жерде жан беришкен, Э. Четимбаев менен С. Уркумбаев экөө кийин, ооруканада өлүшкөн. Ондогон адамдар октон жарадар болушуп, дагы жүздөгөнү ырайымсыз токмоктолгон. Бул кагылышуунун келип чыгышына милиция кызматкерлери күнөөлү болгон [54.21,61-б.].

Тынчтык демонстрациясынын атылышы жөнүндөгү кабар, көптөгөн адамдардын наразычылык маршына кошулуусуна алып келген 18-19- мартта демонстранттар менен укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин ортосундагы кагылышуу Кербенде уланган, мында спецназдар түнү бою элди кууп, токмоктоп, атышкан, “качкан адамдарды номери жок УАЗ машинасы менен кууп, автомат менен атып жүрүшкөн” [133.99,29-б.]. Көпчүлүгүн кармап, РИИБге алып келишип, ал жерде аларды дубинкалар, автоматтын кундагы менен урушкан. Натыйжада, дагы эки адам өлгөн: Э. Үмөталиев октон, М. Бекмуратов мыкаачылык менен токмоктоодон [117.83,5-6-б.].

Ошентип, А. Акаев башында турган бийлик, 2002-жылдын 17-, 18- жана 19-март күндөрү өз депутатын коргоп, анын үстүнөн адилет сот болушун талап кылып, тынчтык митингине чыккан карапайым куралсыз элди атып, канын

төктү. Бул бийликтин өз элине каршы чыгып, элден алыстагандыгын, анын кризисинин тереңдегендигин ачык көрсөткөн.

Жогоруда белгилегендей, бийликтин саясий кырдаалды жумшартуу максатында 19-мартта А. Бекназаровду камактан бошотуусу, абалды оңдогон эмес. Анткени, өз элине ок аткан бийлик, күнөөсүн мойнуна алгандын ордуна, тескерисинче, Аксы трагедиясында оппозициялык күчтөрдү, айрым депутаттарды “саясий экстремизмде” күнөөлөп, Аксы трагедиясынын жоопкерчилигин аларга оодарууга аракеттенген.

Президент Акаев Аксы окуясын иликтөө боюнча түзүлгөн мамлекеттик, парламенттик жана көз карандысыз коомдук комиссиялардын жыйынтыктарын күтпөй эле, 2002-жылдын 21-мартында “Независимая газетасына” берген интервьюсунда: Жалал-Абад окуясында эки күч катышты. Бир жагынан – кырдаалды компромисстин негизинде жөнгө салууга жөндөмсүздүгүн көрсөткөн жергиликтү бийлик жана милиция. Экинчи жагынан – элди баш аламандыкка, бийликке жана мыйзамга баш ийбөөгө тукурган жоопкерчилиги жок саясатчы сөрөйлөр” [63.30,242-б.] деп айткан.

Бийликтин мындай позициясы элдин наразычылыгын кайра күчөткөн. Кубаттуу элдик кыймылдын катышуучулары эми, “Акаевдин отставкасын” , “Мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоо өткөрүүнү” талап кылган жалпы улуттук ураан менен чыгышкан. Ошол эле учурда, “Ата Мекен”, “Ар Намыс”, “Эркиндик”, Коммунисттер партияларынын лидерлери жана парламенттик “Кыргызстан” тобунун өкүлдөрү Бишкекте жолугушуу өткөрүшүп, А. Акаевди отставкага кетүүгө чакырышкан [223.69,31-б.]. Бул биздин пикирибизче, Аксы трагедиясына Акаев күнөөлү дегенди билдирген. Ошону менен бирге, 2002-жылдагы саясий кризис учурунда саясий партиялар өздөрүнүн ачык позициясын билдире алышкан эмес, атүгүл, оппозициялык партиялар массалык наразычылыкка чыккан эл менен тыгыз байланыш түзө албаган [90.55,4-б.].

Аксы трагедиясын иликтөө боюнча түзүлгөн мамлекеттик (жетекчиси Н. Танаев), парламенттик (жет. А. Мамбеталиева) жана көз карандысыз коомдук (жет. Т. Тургуналиев) комиссиялар окуянын себептерин туура аныктаганы

менен чыныгы күнөөкөрдү (президентти жана анын айланасындагыларды) ачык, так айта алышкан эмес.

Аксы кризисинин учурунда биринчи жолу оппозициялык күчтөр биригишип (2002-ж.ылы 14 августта) "Акаевди отставкага кетирүү жана эл үчүн реформа жасоо" кыймылы түзүлгөндүгүн жарыялашкан. Бирок бул кыймыл да олуттуу иш алып бара алган эмес.

Ошентип, 2002-жылдагы март окуялары саясий митингдердин, протесттердин толкунун жараткан, "Акаевди отставкага!" деген ураан пайда болгон, бул жалпысынан бийликтин перманенттик саясий кризисине алып келген. Ошол эле учурда, 2002-жылдагы саясий кризис өлкөдө калыптанган саясий системанын алсыздыгын, трансформациялык процесстердин карама-каршылыктуулугун ачык көрсөткөн [133.99,89-б.]. Бул саясий кризис мамлекеттик башкаруу системасын оптималдаштыруунун өтө зарылдыгын дагы бир ирет даана тастыктаган. Бул багыттагы реформаларды жасоону каалабаган акаевдик бийлик 2005-жылдын мартында кайрадан терең кризиске кабылган.

**Жыйынтык:**

Бөлүм боюнча изилдөөбүздү жыйынтыктап, төмөнкү корутундуларды чыгарууга болот:

-Кыргызстанда эгемендүүлүктүн алгачкы 10 жылдыгында түзүлгөн саясий система, эффективдүү мамлекеттик башкаруу институттарын калыптандыра албады. Аларды мезгил-мезгили менен модификациялоо жана өзгөртүү акаевдик режимди бекемдөө жана сактап калуу үчүн жүргүзүлгөндүгүн турмуш реалдуулугу көрсөттү .

-Авторитардык советтик саясий системаны жоюп, демократиялык башкаруу системасын түзүүгө багыт алган реформалар, иш жүзүндө кайрадан авторитардык башкарууну орноткон. Тагыраак айтканда, өткөн кылымдын акыркы 10 жылдыгында жүргүзүлгөн саясий реформалар Кыргызстанда саясий плюрализмдин жана эркиндиктин айрым элементтери киргизилген

авторитардык башкарууга алып келген. Президентке мамлекеттик башкаруунун бардык түзүмдөрү баш ийип, өлкөдө “супер президенттик” башкаруу орногон.

-Президент А. Акаевдин “каалоосу” жана демилгеси менен жүргүзүлгөн Конституциялык реформалар президенттин эле жеке бийлигин бекемдебестен, үй-бүлөлүк, кландык башкаруунун орношуна алып келген.

-Экономикалык жана социалдык чөйрөдө жүргүзүлгөн реформалар көптөгөн мыйзам бузуулар менен коштолуп, калктын социалдык жиктешүүсүнө, анын басымдуу бөлүгүнүн социалдык абалынын кескин начарлашына алып келген.

-Кыргыз-кытай чек ара маселесине байланышкан маселе, депутат А. Бекназаровдун камакка алынышы, Аксы трагедиясына алып келген. Чындыгында, Аксы кризиси элдин жакырчылыкка, элдин абалын жакшыртууга бийликтин аракетсиздигине, адилетсиздигине карата чыккан нааразычылык болгон.

-Аксыда өздөрүнүн конституциялык укуктарын талап кылып чыккан тынчтык митингинин бийлик тарабынан атылышы, бийликтин элге каршы мүнөзүн көрсөткөн жана чыныгы жүзүн ачыктаган. Аксы трагедиясы саясий системанын кризисин тереңдеткен негизги факторлордун бири болгон.

## 4.2. 2005-ж. Элдик толкундоолор: себептери, жүрүшү, натыйжасы. Март революциясынын өзгөчөлүктөрү

Аксы трагедиясынан башталып, кийинки айларда улантылган саясий кризис, мамлекеттик башкаруу системасын оптималдаштыруу зарыл экендигин көрсөткөн. 2002-жылдагы элдик толкундоолор депутат Бекназаровду колдогон эле акциялар болгон эмес, чындыгында алар элдин басымдуу бөлүгүн камтыган жакырчылыкка, бийликтин элдин көйгөйлөрүнө жасаган текебер мамилесине, башкаруучу элитанын тар чөйрөсүнүн бийликтин бардык бутактарын узурпациялап алып, анын натыйжасында түзүлгөн өздөрүнүн чексиз

мыйзамсыз бийлигин, ар кандай сындардан авторитардык ыкмалар менен коргоо аракеттерине каршы чыккан нааразычылык болгон.

Түзүлгөн кризистик абалдан чыгуу максатында Акаев “демократиялык кайра куруулар” программасын сунуштап, Конституцияга жаңы өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү демилгеси менен чыккан. Кийинки окуялар, бул Акаевдин саясий оппозиция менен диалогго (соодалашуу) барымыш болуп, кандай гана болбосун өз бийлигин сактап калуу аракети болгондугун көрсөттү. Анын буйругу менен Конституциялык кеңешме түзүлүп, ал бир катар конституциялык өзгөртүүлөрдү сунуштоого тийиш болгон. Көпкө созулган талаш-тартыштардан соң, Кеңешме төмөнкү реформаларды ишке ашырууну сунуштаган:

1. Президенттин бийлигин олуттуу чектөө жана парламенттин ролун жогорулатуу;

2. Премьер-министрдин жана анын кабинетинин укуктарын кеңейтүү;

3. Эки палаталуу парламентти бир палаталуу парламент менен алмаштыруу ж.б.

Аталган сунуштар ишке ашканда, коомчулук белгилүү деңгээлде тынчып, саясий кризистен чыгууга шарт түзүлмөк.

Бирок президент өз чечиминен чегинип, эксперттик комиссия түзгөн. Комиссия Кеңешменин вариантынан олуттуу айырмаланган оңдоолорун киргизген. Алар төмөнкүлөр болгон:

1. Президенттин кеңири укуктары сакталган;

2. Иш жүзүндө президенттик импичмент мүмкүн болбой калган, себеби, аны мурдагыдай парламенттин үчтөн экиси эмес, бештен төртү колдошу керек болгон;

3. Президенттин бийликтен кеткенден кийинки иммунитети кеңейтилген (ал, кызматтык милдетин аткарууга байланышкан аракеттери үчүн жоопко тартылуудан бошотулган).

2003-жылдын 2-февралында өткөн Референдумга эксперттик комиссиянын варианты коюлган. Референдумга коюлган экинчи маселе

президенттин полномочияларын анын мөөнөтү бүткөнгө чейин (2005-ж.) сактоо маселеси болгон. Референдумдун жыйынтыгы алдын ала эле белгилүү болгон.

Борбордук шайлоо комиссиясынын билдирүүсүнө ылайык, референдумга катталган шайлоочулардын 86,68%ы катышып, алардын 76,61%ы конституциялык өзгөртүүлөр жөнүндөгү биринчи маселени колдошкон, 78,74%ы президенттин полномочиесин 2005-жылга чейин сактоо жөнүндөгү экинчи маселеге колдоо көрсөтүшкөн [224.70.] Чындыгында байкоочулар белгилегендей, референдумга катышкандардын саны 40%дан ашкан эмес [232.78.] жана референдум бийликке көнүмүш болуп калган мыйзам бузуулар, махинациялар менен өткөн. Ошентип, Акаев дагы бир ирет, элдик референдум, конституцияны реформалоо жолу аркылуу өз бийлигин сактап кала алды. Элдин жана саясий оппозициянын чыдамынын акыркы тамчысы жана акаевдик бийликтин кулашына алып келген элдик толкундоолордун башталышы одоно мыйзам бузуучулук жана зөөкүрдүк менен өткөн 2005- жылдын 27-февралындагы (биринчи тур) жана 13-мартындагы (экинчи тур) Кыргыз Республикасынын бир палаталуу Жогорку Кеңешине болгон шайлоолор болду. 2005-жылдагы парламенттик шайлоонун жүрүшү республиканын бүт аймагын камтыган элдик толкундоолордун келип чыгышына түрткү болду, ал эми анын себептери бир топ терең жана кенен болуп, бир канча жыл илгери башталган.

Акаевдик бийликти кулаткан элдик толкундоолордун чыгышына алып келген негизги себептер жалпысынан төмөнкүлөр болгон:

- **Бийликтин элден ажырымы,** өлкөнүн президенти башында турган бийликтегилер өздөрүнүн жеке баюусу менен гана алектенип калышкан, өлкөдөгү приватташтыруу саясаты тар чөйрөдөгү мамлекеттик чиновниктер тарабынан (акаевдин туугандары жана жакындары) республиканын “майлуу” объектилерин “прихватташтыруусуна” айланган. Бул коомдун социалдык адилетсиздиктин негизинде жүргөн мүлктүк жиктешүсүнө алып келген;

- **Элдин жакырданышы,** бул аралыкта калктын социалдык абалы жыл өткөн сайын начарлай берген, Кыргызстандын калкынын 70%ы

жакырчылыктын чегинде калган. Жумушсуздук кескин көбөйгөн. Калктын ички жана тышкы миграциясы күч алган. Жашоого каражат издеген адамдар коңшу өлкөлөргө, негизинен, Казакстан менен Россияга кете башташкан. Ал эми республикада болсо, “кул базарлары” пайда болгон. 2004-жылы 11-15 жаштагы балдардын 12%ы жана 15-16 жаштагы өспүрүмдөрдүн 19%ы жокчулуктун айынан мектепке баруу мүмкүнчүлүгүнөн ажырашып, оор жумуш кылып жүрүшкөн. Ошол мезгилдеги бийлик тарабынан жүргүзүлгөн адилетсиз социалдык саясат, элдин бийликке болгон ишенимин биротоло жокко чыгарган.

- **Коррупциянын болуп көрбөгөндөй өсүшү,** мамлекеттик бийликтин бардык түзүмдөрү, коом коррупциянын кучагында калган. Мамлекеттик бардык кызматтар сатылган, атүгүл, эл арасында да тигил же бул мамлекеттик кызматтын “баасы” белгилүү болгон. Бул жөнүндө эң жогорку мамлекеттик кызматкерлер да айтышкан. Мисалы, ошол мезгилдеги республиканын премьер-министри Т. Чынгышев эң бийик трибунадан: “Бизде жалкоолор менен жиндилер гана пара албайт” деп айткан. Ал эми, президент Акаев: “ ... коррупция Ак үйдүн жетинчи кабатына жеткендигин” белгилеген [146.111,8-б]. Ал мезгилде Ак үйдүн жетинчи кабинетинде өлкө президентинин кабинети жайгашкан. Ал эми кээ бир ЖОЖдордо пара алуу “демөөрчүлүк” формасында легалдашууга да жеткен.

- **Өлкөнү үй-бүлөлүк башкаруу,** кыргыз коому салттуу, толеранттуу коомго кирет, бирок бул көрүнүш, кыргыз коому, өзгөчө саясий элита тарабынан өтө оор кабыл алынган. Президенттин үй-бүлөсүнүн (аялынын, уулунун, кызынын) мамлекеттик башкаруу ишине, айрыкча, кадр маселесине кийлигишүүсү, коомчулукта алгач жымсалданган, кийин ачык эле күчтүү нааразычылыкты туудурган. Элдин чыдамынын акыркы чеги президенттин уулунун жана кызынын (Айдар Акаев, Бермет Акаева) парламентке өздөрүнүн талапкерлигин койгондугу болуп калган.;

- **Кыргызстандын саясий элитасынын жиктешүүсү,** Жогорку бийлик А. Акаевдин жана анын үй-бүлөсүнүн эң жакындарынын колуна топтолгон. Кыргызстандын саясий элитасынын белгилүү бөлүгү үчүн жогорку бийликке

жол жок болгон, алардын айрым өкүлдөрү тигил же бул себептерге байланыштуу бийликтен четтетилгендер болушкан. Ошентип, жалпы бийлик системасына эмес, Акаевдин бийлигине каршы оппозиция жаралган.

- **Терең руханий жана нравалык кризис,** жогоруда келтирилгендердин баары коомдун нравалык баалуулуктарына терс таасирин тийгизген. Чынчылдык, адилеттүүлүк, тазалык, патриоттуулук сыяктуу түшүнүктөр адамдарда мыскылдуу жылмаюуну пайда кылган. Эки жүздүүлөрдүн, алдамчы-уурулардын, митаамдардын заманы келген (Өкүнүчтүүсү мындай көрүнүш азыр деле уланууда). Акаевдин башкаруу жылдарындагы биздин коомдун эң чоң жоготуусу мына ушул руханий жоготуу болду, анткени ал, адамдардын аң-сезимин, психологиясын, дүйнө таанымын жаралайт, аны калыбына келтирүү үчүн бир нече муун талап кылынат.

Жогоруда белгилегендей, эл массасынын акаевдик режимге каршы чыгышына түрткү берген фактор одоно мыйзам бузуулар менен өткөн адилетсиз парламенттик шайлоо болуп калды. Бермет Акаева (президент Акаевдин кызы) башында турган мамлекеттик органдар шайлоонун жүрүшүнө одоно жана мыйзамсыз кийлигишип, өз адамдарын өткөрө башташкан. Бул элдин ансыз да толуп ташып турган чыдам чөйчөгүнүн акыркы тамчысы болуп калды. Март айынын башында башталган элдик толкундоолор, кыска мөөнөттүн ичинде республиканын бүт аймагын кучагына алып, 24-мартта Ак үйдү алуу жана А. Акаевдин жана анын үй-бүлөсүнүн өз өлкөсүн таштап, жашыруун качып кетүүсү менен бүттү.

Ошентип, 2005-жылдын 27-февралына өлкөдө Жогорку Кеңештин жаңы курамына шайлоолор жарыяланган. Ошол эле күнү беш оппозициялык блок "административдик ресурстарга каршы туруу" максатында коалиция түзүлгөндүгүн жарыялаган. Коалицияга К. Бакиев жетектеген Кыргызстандын элдик кыймылы, Р. Отунбаева башында турган "Ата Журт" коомдук-саясий кыймылы, М. Иманалиевдин "Жаңы багыт" коомдук-саясий кыймылы, Ф. Кулов жетектеген "Ар-Намыс" партиясы курамында болгон А. Атамбаевдин Кыргызстандын Элдик Конгресси жана мурдагы Коопсуздук кеңешинин

катчысы М. Ашыркулов 2004-жылдын май айында түзгөн "Таза шайлоо үчүн" Атуулдук союзу кирген [146.111,13-б.].

Шайлоо эки турдук мажоритардык система менен өткөн. 14 Саясий партия шайлоого катышарын билдиришкен жана саясий партиялардын атынан 64 талапкер катталган. Бийлик "чөнтөк парламент" түзүү максатын ишке ашыруу багытында оппозициянын белгилүү лидерлерин шайлоого катыштырбоо үчүн ар кандай тоскоолдуктарды жасашкан. Мисалы, отурукташуу цензин бетке тутуу аркылуу мурдагы элчилер талапкерлердин тизмесине киргизилген эмес. Алардын катарында М. Шеримкулов, Р. Отунбаева, М. Абылов, Ү. Сыдыковдор болушкан [63.30,265-б.]. А. Мадумаровго карата да ушуга окшогон тоскоолдуктар жасалган [225.71,.].

Шайлоонун биринчи турунун жыйынтыгы боюнча БШК тарабынан 32 депутат өттү деп таанылган. Алар төмөнкүлөр болушкан: 1. К. Байболов; 2. К. Жолдошбаев; 3. Шин Роман; 4. Олег Журавлев; 5. М. Мукашев; 6. М. Салымбеков; 7. Ю. Данилов; 8. Б. Эркинбаев; 9. А. Бекназаров; 10. О. Артыкбаев; 11. А. Хакимов; 12. К. Ташиев; 13. К. Батыров; 14. А. Салымбеков; 15. С. Жээнбеков; 16. С. Малабаев; 17. А. Төлөнов; 18. И. Абдрасулов; 19. А. Сабиров; 20. Б. Мурзуибраимов 21. Д. Сабиров; 22. М. Мамасаидов; 23. А. Абдуллаев; 24. Ө. Бабанов; 25. А. Акаев; 26. Н. Абдылдаев; 27. К. Иманалиев; 28. Т. Сариев; 29. Д. Өскөнбаев; 30. С. Попов; 31. Т. Субанбеков; 32. К. Исабеков [3.45. -478-б.]. Бул шайлоодо, БШКнын расмий маалыматы боюнча саясий партиялардан көрсөтүлгөн талапкерлерден 24 талапкер депутаттыкка өтүшкөн. Алардын ичинде: Акаевдин үй-бүлөлүк партиясы, президенттин кызы Бермет жетектеген "Алга Кыргызстан" партиясынан – 18 депутат, алар: Журавлев Олег, Салымбеков Мамытбай, Салымбеков Аскар, Шадиев Аскарбек, Бурканов Арзыбек, Тагаев Айтибай, Хакимов Абдумиталип, Мамасаидов Махамаджан, Марипов Асамидин (булар кийин "Ак жол" бакиевдик партиясынан депутат болушкан), Төрөбаев Эргеш, Абдуллаев Абдурахман, Абдалдаев Нурдин, Керимкулов Айдарбек, Момункулов Авасбек, Өскөнбев Дамир, Сарпашев Тайирбек, Артыкбаев Осмонбек. "Адилет" партиясынан 4

депутат: Жолдошбаев Камчыбек, Мурзуибраимов Бектемир, Өмүркулов Иса, Эсеналиев Замирбек. “Коммунисттер партиясынан 1 депутат - Масалиев Искак. «Жаңы күч” аялдар жана жаштар партиясынан 1 депутат – Исабеков Кубанычбек депутат болушкан [11.12,184-б.].

2005-жылдын 28-февралында, шайлоонун эртеси күнү КМШнын байкоочулары Кыргызстанда өткөн парламенттик шайлоо легитимдү, эркин жана ачык болгондугун билдиришкен. Ошол эле учурда, шайлоолорду көзөмөлдөө боюнча эл аралык миссиянын өкүлдөрү өткөн шайлоонун биринчи туру ОБСЕнин алдындагы милдеттенмелерге жана башка эл аралык стандарттарга туура келбегендиги жөнүндө билдиришкен. Ошондой эле башка байкоочулар да шайлоонун жүрүшүн сынга алышып, анын таза жана адилет өтпөгөндүгүн көрсөтүшкөн.

Бийлик парламенттин жаңы курамына өзүнүн таасирдүү тарапкерлерин эле эмес, жакын туугандарын – тун уулун, кызын, агасын, аялынын эже-сиңдилерин өткөрү үчүн жан далбастап аракеттенген, көз көрүнөө одоно мыйзам бузууларга барган. Көптөгөн байкоочулар белгилегендей, бул башкаруучу режимдин ыйманынын эң төмөндүгүн көрсөткөн. Чындыгында, бийлик өзүнүн стратегиялык максатына жетүү үчүн, эң жөнөкөй адамдык жүрүм-турум, ыйман эрежелерин четке кагып, бардык ыкмаларды колдонууга өткөн. Бул элдин бийликке болгон кыжырдануусун, нааразычылыгын күчөткөн.

Шайлоонун жүрүшү жана жыйынтыгы токтоосуз элдик толкундоолорго алып келген. Массалык элдик нааразычылык дээрлик бүткүл Кыргызстанды каптаган. Башында, республиканын түштүгү, биринчи иретте – Жалал-Абад жана Ош областтары саясий чыңалуунун борборуна айланган. Наразы болгон эл нааразычылык митингдерине чыгышып, анда шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгарууну талап кылышкан. Тез эле ага “акаевди бийликтен кетирүү” талабы кошулган. Саясий кырдаал курчуй баштаган.

Нааразычылык пикеттери ошондой эле Бишкек шаарында да өткөн. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын кайра кароо талабына кийинчерээк, президент Акаевди отставкага кетирүү талабы кошулган. 2005-жылдын 5-

мартында элдик кыймылдын лидери К. Бакиев, 27- февралдагы шайлоолор таза эмес өткөндүгүн билдирип, Акаевдин режимин коргоп жаткан укук коргоо органдарынын кызматкерлерин митингчилердин тарабына өтүүгө чакырган. Ошондой эле, ал Жогорку Кенештин кезексиз сессиясын чакырып, анда мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоо өткөрүү маселесин кароону сунуштаган. Ал алгач, мамлекет башчысынын мөөнөтүнөн мурда шайлоосун өткөрүп, андан кийин парламенттик шайлоо өткөрүү туура болоорун билдирген [238.84.]. Анын чакырыгы оппозициянын башка лидерлери тарабынан колдоо тапкан.

2005-жылдын 10-мартында оппозициялык партиялардын өкүлдөрү К. Бакиев башында турган Эл биримдигинин Координациялык кеңешин түзүшкөн [389.56,23-б.]. Саясатчы бирикменин максаты парламенттик шайлоолордун биринчи турунун жыйынтыктарын жокко чыгаруу үчүн чыгып жаткан эл массасынын башкы талабын чечүүгө көмөк көрсөтүү экендигин билдирген.

Ушул эле күнү ЖКнын Мыйзам Чыгаруу жыйынынын бир топ депутаттары чукул жыйын өткөрүү демилгеси менен жыйналышкан, бирок ЖКнын төрт эшиги тең алдын ала “ичинен чоң-чоң доскалар менен мыкталып бекитилгендиктен, чогулган 20дай депутат, ЖКнын борбордук эшигинин сыртында жыйын өткөрүүгө мажбур болушкан.” [54.21,478-б.]. Жыйынга чогулушкан МЧЖнын депутаттары Кыргызстан элине кайрылуу кабыл алышкан. Анда, 15 жыл бийликте турган президент, дагы эле өз бийлигин сактап калуу максатында парламенттик шайлоону өз кызыкчылыгына пайдаланууга, ал максатта, кезектеги чакырылыштагы парламентти үй-бүлө мүчөлөрүнөн жана ага берилген адамдардан түзүүгө аракет жасап жаткандыгы. Максатын ишке ашыруу үчүн бийлик одоно мыйзам бузууларга, административдик ресурстарды кеңири пайдаланууга барып жаткандыгы айтылган.

Депутаттар Боршайкомго ишеним көрсөтпөгөндүктөрүн билдиришип, А. Акаевден өлкө президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону 2005-жылдын

июль айына дайындоосун жана аракеттеги парламенттин ишин 2005-жылдын ноябрь айына чейин узартууну талап кылышкан [220.66.].

Бул аралыкта өлкөнүн түштүгүндөгү абал олуттуу курчуп бараткан. 2005-ж. 4-мартында Жалал-Абад шаарынын борбордук аянтына митингге чогулган эл областтык администрацияны ээлеп алышкан. Аянттагы эл “Акаев токтоосуз отставкага кетсин!”, “Таза шайлоо болгон жок!”, “Эл бийликке ишенбейт!” - деген сөздөр жазылган плакаттарды көтөрүп, “Акаев кетсин!” деп кыйкырып турушкан [92.58,14-15-бб.]. Бул көрүнүштөр башка аймактарда, т.а. Ошто, Өзгөндө, Кара-Суу районунда кайталанган. Нарында. Таласта, Бишкекте жалалабаттыктарды колдогон митингичилер чыгышкан.

2005-жылдын 13-мартында шайлоонун экинчи туру өткөн. Ага байланыштуу ММКлар шайлоонун экинчи турунда кыргыз оппозициясы чындап жеңилүүгө дуушар болду деп билдиришкен. Жаңы чакырылыштагы депутаттардын болгону бешөө гана оппозициянын өкүлдөрү болушкан. Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматы боюнча Жалал-Абад областынын №25 Кара-Үңкүр шайлоо округунан өз кандидатурасын койгон К. Бакиев парламенттик шайлоонун экинчи турунда ишкер Сайрулла Нышановдон жеңилип калган.

ОБСЕнин байкоочулар миссиясы таркаткан билдирүүдө, кыргыз парламентине болгон шайлоолордун экинчи турунун жүрүшүндө, дагы эле олуттуу мыйзам бузуулар аныкталгандыгы айтылган. Оппозиция да шайлоолордун жыйынтыгы менен макул болбогон жана А. Акаевди президенттик үй-бүлөнүн кызыкчылыгын коргоого жөндөмдүү Жогорку Кеңешти түзүү үчүн депутаттыкка өзүнүн жакын туугандарын өткөрүү аракетинде болгондугу үчүн күнөөлөшкөн.

Добуш берүүнүн жыйынтыгынын жарыяланышы өлкөнүн түштүгүндө кийинчерээк, “жоогазын революциясы” деген аталышка ээ болгон жаңы элдик толкундоолордун башталышына алып келген. Мындай аталышты элдик кыймылдын лидерлеринин бири Роза Отунбаева берген [3.104. -59-б.]. Бир жумага жетип жетпей, Кыргызстандын бүт түштүгү бийликке баш ийбей

калган. Бул Акаевдин бийлигинин терең кризисин көрсөткөн. Ага карабастан, өлкө башчысы Боршайкомдун төрагасы эки жүздүүлүк менен "... бул шайлоолор демократиянын жана элдик бийликтин салтанаты" [63.30, 277-б.] болгондугун жарыялашкан. Бирок эл бийликтин мындай сөздөрүнө ишенбей калган. Тескерисинче, расмий бийликтин мындай билдирүүлөрү элдин кыжырдануусуна, элдик толкундоолордун күчөшүнө алып келген.

2005-жылдын 15-мартында Жалал-Абадда, ал эми 19-мартта Ошто Элдик курултай өтүп, Жалал-Абад облусунун элдик губернатору болуп Ж. Жээнбеков, [222.68.]. Ош облусунун элдик губернаторлугуна А. Артыков [54.21,489-б.] шайланган. Ошентип, республиканын түштүгүндө альтернативалык бийлик орногон. Бийликтин күч колдонуп (ОМОНдорду), бийликти кайра алууга жасаган аракеттеринен майнап чыкпай калган. А. Артыковдун эскерүүсү боюнча: "...Оштогу обладминистрациянын мекемесин бошотууга аракеттенген учурда ОМОНдор аялдарды, карыяларды ырайымсыз уруп-согушкан. Көпчүлүк элдин колу, буту сынган. Өздөрүнүн мындай мамилеси менен алар элди ого бетер кыжырдантып, конфликтке от жагышкан [61.28,17-б.]. Окуялар баш ийбеген мүнөзгө айланган. Көп өтпөй, өзүн "элдик бийлик" деп жарыялаган советтер Нарын жана Талас областтарынын айрым райондорунда түзүлгөн. Түштүктөгү окуялар саясий окуялардын өнүгүшөндө чукул бурулушка алып келген. Тынчтык митингдеринин жана манифестациялардын мезгили бүтүп, радикалдуу аракеттердин этабы башталган. 2005-жылдын март айынын 20-числосуна карата республикада "кош бийлик" түзүлгөн. Өлкөнүн Түндүгүндө президенттик администрациянын бийлиги сакталса, ал эми Түштүк анын саясий оппоненттеринин көзөмөлүнө өткөн. Мына ушундай татаал кырдаалдын түзүлгөнүнө карабай, расмий бийлик саясий кризисти чечүү багытында рационалдуу кадамдарга бара алган эмес. Президент оппозиция өкүлдөрү менен эч кандай жолугушууну каалабаган. Тескерисинче, ал Жалал-Абад жана Ош областтарындагы акыркы окуяларда оппозицияны күнөөлөп, оппозиция өкүлдөрүн мындай мыйзамсыздыктарды токтотууга чакырган.

22-мартта А. Акаев, жаңы чакырылыштагы Жогорку Кеңештин депутаттарынын алдында чыгып сүйлөгөн сөзүндө, кыргыз оппозициясынын аракеттерин мамлекеттик төңкөрүш жасоо аракети деп баалаган.

2005-жылдын 24 -марты күнү борбор калаадагы оппозиционерлер жана өлкөнүн түштүгүнөн келген саясатчылар (борбор калаага ар бир аймактан көтөрүлгөн элдин өкүлдөрү (топтор) да келген) тарабынан Бишкектин Ала-Тоо аянтында уюштурулган митингге келген, Акаевдин саясатына наараазы болгон республиканын жашоочулары, Өкмөт үйүн (Ак үйдү) басып алышкан. Ага чейин өлкөнүн аракеттеги президенти Акаев үй-бүлөсү менен өз өлкөсүн, элин таштап, жашыруун белгисиз багытта качып кеткен.

Бул өлкөдө өтө оор жана коркунучтуу саясий кырдаалды жараткан. Мамлекет президентсиз жана өкмөтсүз калган. Эл баш калаанын борбордук аянтына чогулуп жаткан мезгилде өз кызматтары боюнча Акаевге эң жакын акыркы адамдар: өлкөнүн премьер-министри – Н. Танаев жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик катчысы – О. Ибраимов отставкага кетишкен.

Ак үй алынгандан кийин көтөрүлүшчүлөрдүн тобу Ф. Куловду түрмөдөн чыгарып келишкен. Координациялык кеңештин төрагасы К. Бакиев аны менен сүйлөшкөндөн кийин, борбор калаада тартипти орнотууну жана тынч жашаган калкка карата зордукчул аракеттерге жол бербөөнү тапшырган. Бишкектиктердин жана Чүй өрөөнүнүн жашоочуларынын арасында чоң кадыр-баркка ээ Ф. Кулов өзүнүн күч органдарында иштеген көп жылдык тажрыйбасына таянып, бул өтө олуттуу милдетти аткарууга киришкен. Бирок өкүнүчтүүсү, мыйзамсыз аракеттерди толук токтотуу мүмкүн болбой калган. Бул март Элдик революциясынын кара барактары болуп калды. Жогоруда белгилегендей, 24-марттын кечинде белгисиз адамдар тарабынан борбор калаада жайгашкан ири дүкөндөргө жана соода борборлоруна кол салуулар, аларды талап-тоноолор башталган. “Народный” дүкөндөрү, «Силки вэй», «Мадина» жана башка соода борборлору талкаланган жана талап-тонолгон. Бул күндөрү жалгыз мыйзамдуу бийлик органы парламент болуп калган. Бирок 24-марттан 28-мартка чейин өлкөдө парламенттик кош бийлик өкүм сүргөн.

Бул 3-чакырылыштагы эски эки палаталуу жана жаңы шайланган бир палаталуу парламент, эки парламент тең өздөрүн мыйзамдуу деп эсептешип, ар бири өз алдынча жыйындарын өткөрүп турушкан. Бул ошол оор күндөрү Кыргызстанда түзүлгөн саясий кырдаалдын өзгөчөлүгү болгон. 28-мартта эски парламент өлкөдөгү саясий кырдаалды эске алып, өзүнүн ыйгарым укуктарын токтоткон. Бул 3-чакырылыштагы Кыргызстан эки палаталуу Жогорку Кеңешинин депутаттарынын туура саясий чечими болгон. Анткени парламенттик кош бийлик, эки парламенттин саясий тирешүүсү ансыз да түзүлгөн оор саясий кырдаалды ого бетер тереңдетмек жана өлкөнү саясий туңгуюкка кептемек. Ошол эле күнү жаңы парламент өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарууга толук киришкен.

Парламенттин спикери болуп «Ата-Мекен» партиясынын лидери Ө. Текебаев шайланган, ошол эле күнү К. Бакиев премьер-министр жана президенттин милдетин аткаруучу сапатында ант берген. Белгилөөчү жагдай, К. Бакиев 25-март күнү эски парламент тарабынан Кыргыз Республикасынын премьер-министри жана президенттин милдетин аткаруучу болуп дайындалган эле [242.88.].

Ошентип, элдик толкундоолордун натыйжасында акаевдик режим кулап, жаңы бийлик орногон. Жаңы бийликтин алдында эң оор милдеттер турган. Алардын эң негизгилери революцияны ишке ашырган эл массасынын талаптарын аткаруу жана элдик толкундоолор учурундагы берилген убадалардын ишке ашыруу болгон.

15 жыл бийликте турган акаевдик режимдин кулашына алып келген Март элдик кыймылы салттык революциялардын элементтерин кайталоо менен (жогоркулардын мурдагыдай башкара албай калгандыгы, төмөнкүлөрдүн мурдагыдай жашоонуу каалабагандыгы, элдин адаттан тыш жакырданышы жана ага байланыштуу саясий активдүүлүгүнүн жогорулашы) өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө да ээ болгон. Алар:

1. Март элдик кыймылын-элет кыймылы деп атоого болот. Анткени, анын негизги кыймылдаткыч күчүн жөнөкөй карапайым айылдыктар түзгөн.

2. Кыймылдын башкы урааны «Акаев кетсин!» урааны болгон. Бирок ал, бийликти күч менен тартып алууну эмес, президент Акаевдин ыйгарым укуктарынан өз ыктыяры менен баш тартып, мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоону жарыялоосун талап кылган. Ошондуктан, Акаевдин качуусу, элдик кыймылдын жетекчилери үчүн күтүүсүздүк болгон, алгачкы сааттарда алар, атүгүл апкаарып да калышкан. Аны кийинчерээк, элдик кыймылдын агымы менен бийликке келген президент К. Бакиев өзү да моюнга алган [146.111,11-б.]. Кыргызстанда “жаңы” бийлик ошентип пайда болгон.

3. Ар кандай кыймылдардын саясий ураандары ошол кыймылдын катышуучуларынын жана жетекчилеринин саясий аң-сезиминин деңгээлинин көрсөткүчү болот. Жогоруда белгилегендей, Кыргызстандагы март элдик кыймылынын негизги урааны “Акаев кетсин” болгон. Башка башкаруу системасын олуттуу өзгөртүүнү талап кылган саясий, экономикалык, социалдык ураандар коюлган эмес. Кыймылдын жетекчилеринде революциялык идеяларды чагылдырган революциялык теориялар бул жакта турсун, өлкөнү өнүктүрүү боюнча так программалары болгон эмес.

4. Ар кандай революциялардын башкы маселеси-бийлик маселеси болуп келген, б.а. бийликти тынчтык же куралдуу жол менен алуу. Кыргыз революциясынын эң бир сонун өзгөчөлүгү ушунда болгон, ал бийликти басып алууну, же тартып алууну даярдаганда, пландаштырган да эмес. Акаевдин качып кетүүсү революциянын катышуучулары жана жетекчилери үчүн күтүүсүздүк болгон. Акаев качкандан кийинки, алгачкы сааттарда элдик кыймылдын саясий жетекчилигинде апкааруучулук, атүгүл, белгилүү деңгээлде коркуу да болгон. Мына ошондо гана бийлик маселеси келип чыккан.

5. Кыргыз революциясынын дагы бир өзгөчөлүгү: революциялык кыймылдын жүрүшүндө пайда болгон жана анын башкы күчүнө айланган аялдар отряддары (топтору). Бул феноменалдуу көрүнүш. Алар эл арасында “ОБОН” (отряд баб особого назначения же озверелые бабы особого назначения) деген аталышка конушту. Аялдардын мындай отряддары, өзгөчө республиканын түштүгүндө, революциядан кийинки бир нече айларга чейин,

тигил же бул мамлекеттик мекемени, анын жетекчилигин алмаштыруу максатында басып алуу багытындагы иш аракеттерин токтотушкан эмес. Өкүнүчтүсү, аларды (ОБОНдорду) айрым жогорку мамлекеттик кызматтагы адамдар, өзүнө жакпай калган кайсы бир мамлекеттик кызматкерди жаманатты кылып, андан кийин аны кызматтан алуу үчүн пайдалангандыгы болду. Ошентип, "ОБОНдор" март окуяларынын учурунда жана андан кийинки мезгилдерде "республикалык кадрлар бөлүмүнө" айланды. Бул албетте, кыргыз демократиясынын терс жактарын жана биздин коомдун, өзгөчө анын саясий элитасынын саясий маданиятынын жалпы деңгээлин көрсөттү.

**Жыйынтык:**

Бөлүм боюнча изилдөөбүздү жыйынтыктап, төмөнкү корутундуларды чыгарууга болот:

-2005-жылдын 24-мартында жүз берген саясий окуя аны революция деп тааныйбызбы же таанибайбызбы акаевдик бийликтин ички саясатындагы бардык процесстердин жана тенденциялардын мыйзам ченемдүү натыйжасы болгондугу талашсыз;

-Март элдик кыймылы өзүнүн саясий, социалдык – экономикалык, руханий терең себептерине ээ. Алар: бийлик менен элдин ортосундагы ажырым, элдин жакырдануусу, коррупциянын күч алышы, үй-бүлөлүк, кландык башкаруунун күч алышы, Кыргызстандын саясий элитасынын бөлүнүп-жарылуусу, руханий, нравалык кризистер болгон;

-Акаевдик режимдин кулашына алып келген элдик толкундоолордун башталышына түрткү болгон окуя – 2005-жылдын февраль- март айларында бийлик тарабынан одоно мыйзам бузуулар менен өткөн парламенттик шайлоолор болду;

-Жалал-Абад аймагында башталган элдик толкундоолор тез эле республиканын башка аймактарына да жайылды. Тынчтык мүнөздө башталган элдик митингдер март айынан баштап түштүк аймактарда радикалдуу (обл, райадминистрацияларды басып алуу, элдик бийликти жарыялоо, элдик

губернаторлорду, акимдерди шайлоо) мүнөзгө айланды. Март айынын ортосуна карата өлкөдө кандайдыр бир деңгээлде “кош бийлик орноду”;

-Расмий бийлик, президент саясий кырдаалдын татаалдашканына карабай, оппозиция менен сүйлөшүүгө барбады, эл алдына чыкпады, болуп жаткан окуяларга текебер мамиле жасады. Бул бийликтин саясий сокурлугун, терең кризиске кептелгенин көрсөттү жана анын кулашын тездетти;

-Кыргыз революциясы салттык революциялардын элементтерин кайталоо менен кыргыз коомунун саясий деңгээлин, саясий маданиятын чагылдырган мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө ээ болду.

### 4.3. Март (2005-ж.) революциясынан кийинки Кыргызстандын коомдук-саясий абалы: бийлик жана саясий оппозиция.

Күтүүсүз бийлик алмашуудан кийинки парламенттин жана К. Бакиев башында турган Убактылуу өкмөттүн (К. Бакиев дайындаган бардык министрлер милдетин аткаруучу болуп турушкан) алдында турган эң башкы маселе өлкөдө саясий туруктуулукту сактоо, саясий кризистин андан ары тереңдешине жол бербөө, өлкөнү укук талаасына кайтаруу болгон. №1 милдет президенттик бийликти Конституция боюнча тынчтык жолу менен өткөрүү маселесин чечүү болгон. Конституция боюнча А. Акаев формалдуу түрдө өлкө президенти болуп кала берген.

2005-жылдын 1-апрелинде Жогорку Кенеш атайын комиссия түзгөн. Ага Подмосковьеде тургандыгы белгилүү болгон мамлекеттин биринчи башчысы А. Акаев менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү милдети жүктөлгөн. Анын курамына төмөнкүлөр кирген: парламент спикери Ө. Текебаев – төрага, депутаттар: К. Батыров, Т. Керексизов, Т. Сариев, Ж. Сатыбалдиев. Мурдагы чакырылыштагы депутаттардан комиссиянын курамына Д. Чотонов кирген. Сүйлөшүү процессинде экс өкмөттүн мүчөлөрү да катыша алышкан. Алар: экс

премьер-министр Н. Танаев, мурдагы министрлер: Т. Акматалиев, Н. Бейшеналиева, К. Жумалиевдер болушкан.

Ошентип, комиссия өзүнүн татаал тарыхый миссиясын – Кыргызстанга, парламентке А. Акаевдин президенттиктен өз ыктыяры менен баш тарткандыгы жөнүндөгү документти алып келүү үчүн Москвага жөнөп кеткен.

Аскар Акаевдин 2005-жылдын 5-апрелинен баштап президенттик укуктарынан өз ыктыяры менен баш тартуу жөнүндөгү арызына кол коюусу 4-апрель күнү Москва шаарында Кыргызстандын элчилигинде парламенттик делегациясынын катышуусунда жүргүзүлгөн. Мурда пландаштырылгандай, Россиядан жана Казахстандан ортомчулар катышкан эмес. Бирок, Акаевдин президенттик бийликтен баш тартуу жөнүндөгү арызы жана колу мамлекеттик нотариус тарабынан бекитилип, видеого тартып алынган (ал кийин кыргыз парламентарийлерине көрсөтүлгөн). Бийликтен кетүү жөнүндөгү арызына кол коюунун алдынан, А. Акаев кыргызстандыктарга жарым сааттык коштошуу сөзү менен кайрылган. Анда ал, март окуяларын мамлекеттик төңкөрүш деп мүнөздөгөн. Ал эми өзүнүн аргасыз качуусун, өлкөдө адам канынын төгүлүшүнө жол бербөө максаты менен түшүндүргөн [245.91.].

Жогорку Кеңеш А. Акаевдин Кыргыз Республикасынын президенттик кызматынан мөөнөтүнөн мурда отставкага кетүүсүн 2005-жылдын 11- апрелинде кабыл алган. Ошентип, Акаев экс президент болуп калган, бирок А. Акаевге расмий түрдө экс-президент статусун берүү маселеси кийинкиге калтырылган. Ошол эле мезгилде жаңы президентти шайлоо күнү 2005-жылдын 10- июлуна дайындалган. (алгач президентти мөөнөтүнөн мурда шайлоо күнү деп 26-июнь күнү жарыяланган эле).

Күчтүү саясий силкинүүгө дуушар болгон өлкө алдында дагы бир олуттуу маселе Конституциялык реформаны ишке ашыруу милдети турган. Бул максатта Жогорку Кеңеш 2005-жылдын  28-апрелинде “ Конституциялык кеңешме түзүү жана Кыргыз Республикасында Конституциялык реформа жүргүзүү жөнүндө” токтом кабыл алган.

Конституцилык кеңешме өзүнүн биринчи жыйынына 29-апрель күнү чогулган. Ал “Пинара” мейманканасында өткөн. Жыйынды премьер-мингистр жана президенттин м.а. К. Бакиевдин жана Конституциялык соттун төрайымы Ч. Баекованын катышуусунда Жогорку Кеңештин төрагасы, Конституциялык кеңешменин төрагасы Ө. Текебаев ачкан [7.158.]. Мындай караганда иш башталгандай көрүнгөн менен, кийинки окуялар көрсөткөндөй, бул маселе президент менен парламенттин ортосундагы узакка созулган карама-каршылыктардын түйүнүнө айланган.

Шайлоо алдындагы кампания башталганда , президенттикке бир нече адам өз талапкерлигин койгон. Алар: К. Бакиев, Ф. Кулов, Турсунбай Бакир уулу, А. Айтикеев, Ж. Жекшеев, Т. Уметалиева, К. Душебаевдер болушкан. Алардын арасында алдыңкы позицияда түштүктүн өкүлү жана март элдик кыймылынын лидери – К. Бакиев жана түндүктүн өкүлү Ф. Кулов турган.

Ошентип, мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоо 10 июлда өткөн. Шайлоонун жыйынтыгы төмөнкүдөй болгон: [246.92.]

Шайлоого шайлоочулардын 74,67% ы катышкан.

Шайлоочулардын 88, 71%ы – К. Бакиев үчүн,

3,91%ы - Турсунбай Бакир уулу үчүн,

3, 69%ы - А. Айтикеев үчүн,

0,92%ы - Ж. Жекшеев үчүн,

0,52%ы - Т. Уметалиева үчүн,

0,52%ы – К. Душебаев үчүн,

0,92%ы – баарына каршы добуш беришкен.

Ошентип, ал мезгилде эл арасында айтылгандай, Кыргызстан элдик президентке ээ болду. Алгачкы айларда жогоруда белгилегендей, карапайым элдин коомдо жакшы өзгөрүүлөрдүн болушуна болгон ишеними өтө күчтүү болгон. Жаңы шайланган президентке чоң ишеним артышкан. Бирок элдин ишенимин “жаңы” бийлик актабады. Акаевдик бийликти алмаштырган бийликти шарттуу түрдө гана “жаңы” деп атоого болор эле. Анткени мамлекеттик чоң кызматтарды ээлеп, жаңы президенттин айланасына

топтолгон адамдардын бир тобу, экс-президенттин (жакын) айланасында жүргөн, тигил же бул мезгилде жогорку мамлекеттик кызматтарды ээлеген, анан кандайдыр бир себептер менен экс-президент тарабынан кызматынан четтетилген, б.а. мурдагы бийликке "таарынычы" бар адамдар болушкан. Ал эми жаңы президенттин айланасындагылардын башка саясий жактан активдүүрөөк бөлүгүн мурдагы парламенттин оппозициялык депутаттары түзгөн. Үчүнчү, саны жактан көбүрөөк бөлүгүн, акаевдик режимдин баш кийимин жаңы бийликтин баш кийимине алмаштырышкан жана жеке өздөрүнүн кызыкчылыгын гана ойлогон мамлекеттик чиновниктер түзүшкөн. Президент К. Бакиев өзүнүн либералдуулугун жана демократтуулугун көрсөтүү үчүн жогорку аталган үч агымдын өкүлдөрүнөн өзүнө команда түзүгө аракеттенген. Бирок ал алардан күчтүү, бирдиктүү команда түзө албады. Мына ушул көрүнүш революциядан кийинки алгачкы жылдардагы жаңы бийликтин алсыздыгынын жана мамлекеттик башкаруунун эффективдүү боло албагандыгынын башкы себеби болуп калды. Президенттин мындай кадрдык саясаты Кыргызстандын калкынын жана анын саясий элитасынын белгилүү бөлүгүнүн наразычылыгын жаратты. Жаңы бийликке Ө. Текебаев башында турган парламенттик оппозиция пайда болду, оппозиционерлердин көпчүлүгү түндүктүк депутаттар болушту. Түндүк менен Түштүктүн каршылашуусу, парламенттин, тагыраак айтканда, анын оппозициялык бөлүгүнүн президент жана аткаруу бийлиги менен каршылашуусу курчуду. Эми оппозиционер-депутаттар жана аларды колдогон Өкмөттүк эмес уюмдар, саясий партиялар, айрым саясий ишмерлер бийликтен Бакиев өзүнүн шайлоо алдындагы программасында убада кылган Конституциялык реформаны тездетүүнү талап кыла башташкан.

Конституциялык реформаны ишке ашыруу талабы менен оппозиционерлер 2006-жылдын 29-апрелинде Бишкекте тынчтык митингин уюштурушкан. Кийинки айларда оппозиция менен бийликтин каршылашуусу курчуп отурган. Каршы туруунун эң жогорку кульминациялык чеги 2006-жылдын 2-8-ноябрь күндөрү болуп калды. Бул күндөрү оппозиционерлер

борбор калаанын башкы аянтында тынчтык митингин уюштурушуп, аны алардын талаптары бийлик тарабынан аткарылганга чейин мөөнөтсүз деп жарыялашты. Алардын негизги талабы Конституциялык реформа болгон. Бирок  Бакиев-Куловдун отставкасын талап кылган радикалдык ураандар да болгон.

Борбордук аянтка оппозиционерлер ар кандай булактардын маалыматы боюнча 5 миңден 100 миңге чейин өздөрүнүн тарапкерлерин алып чыгышкан [166.12.]. Бирок биздин пикирибизче бул, 100миң өтө эле жогорулатылган сан. Борбордук аянтка чыккандар негизинен Чүй областынын жашоочулары, б.а. түндүктүктөр  болушкан. “Реформа үчүн” Кыймылынын тарапкерлери калган аймактарды көтөрө алышкан эмес. Республиканын түштүгү президенттин тарабында бекем турган. Окуялардын туу чокусу (кульминациясы) 6-ноябрдан 7- ноябрга караган түн болуп калды. Бул түнү 6-ноябрда парламентке сунушталган Конституциянын президенттик вариантына канаатанбаган оппозиционер-депутаттар (“Реформа үчүн” Кыймылынын мүчөлөрү) парламент аркылуу Конституциянын өздөрү түзгөн вариантын өткөрүүгө аракет кылышкан. Бирок кворум болгон эмес жана парламент тең экиге бөлүнүп кеткен. “Борбор” деп (центристтер) аталган топ пайда болуп, алар парламенттин жыйынын таштап чыгып кетишкен. Ошондон кийин, депутаттар, “Реформа үчүн” Кыймылынын мүчөлөрү өздөрүн Учредительдик чогулуш деп жарыялашып (алар, аларды колдогондор менен бирге 38 болушкан), Конституциянын жаңы проектин кабыл алышкан. Бул оппозиционер-депутаттардын мыйзамсыз, антиконституциялык жол менен бийликти басып алуу аракети болгон жана өлкө терең саясий кризиске кабылгандыгын күбөлөндүргөн.

Эртеси күнү 7-ноябрда (бул күн майрам күн – Эл биримдиги күнү болгон) президентти колдогон депутаттар Ала-Тоо аянтында парламенттин имаратынын жанында каяша митинг (антимитинг) уюштурушкан. Бул митингди уюштуруунун демилгечиси лепутат К. Ташиев болгон, кийин ал бул кызматы үчүн Өзгөчө кырдаалдар министри кызматын ээлеген [3.104. -31-б.].

Ушул күнү, айрыкча анын эртеси 8-ноябрда республиканын бардык аймактарында бийлик түзүмдөрү тарабынан Бакиев-Куловду колдогон митингдер уюштурулган. Бул митингдерге негизинен бюджеттик мекемелерде иштеген мугалимдер, врачтар, студенттер “айдап барылган”. Бирок, түштүк аймакта Бакиевди чын жүрөгүнөн колдоп барган “түштүкчүлөр” да көп болгон. Алар парламентти таркатууну, бардык оппозиционерлерди камакка алууну, Конституцияны Жалпы элдик референдум аркылуу кабыл алууну талап кылышкан. Президентти колдогондордун негизги урааны: “Жашасын Бакиев-Кулов!!!”, “Текебаевге өлүм!” сыяктуу ураандар болгон. Бул жерде, албетте, биздин коомдун, өзгөчө Кыргызстандын саясий элитасынын маданиятынын, саясий аң-сезиминин төмөндүгүн өкүнүү менен белгилөөгө болот. “Реформа үчүн” кыймылынын лидерлери да, бийлик да өздөрүнүн саясий максаттарына жетүү үчүн элди бири-бирине басым жасоочу инструмент катары пайдаланышкан. Атүгүл, алар, элди түндүк-түштүк белгиси боюнча бөлүшүп, тыюу салынган чийинден да өтүп кетишти. Каршылашуу өзүнүн акыркы чегине жетип, Кыргызстан Түндүк жана Түштүк болуп экиге бөлүүнү, атуулдук согуш чыгып кетүү коркунучу алдында калган.

2006-жылдын 7-ноябрынын кеч түнүндө мамлекеттин жана Кыргызстандын бүткүл элинин кызыкчылыгын жетекчиликке алган эки тарап (бийлик жана оппозиция) компромисстик чечимге келишип, Конституциянын Жаңы редакциясын иштеп чыгуу үчүн Келишим комиссиясын түзүштү [146.111,32-б.]. Эртеси күнү аталган комиссия консенсустун негизинде Конституциянын Жаңы редакциясын даярдаган. Анда, эки тараптын өкүлдөрү өздөрүнүн чыгып сүйлөгөн сөздөрүндө белгилешкендей, бардык тараптын кызыкчылыгы эске алынган. 8-ноябрдын кечинде парламентарийлер 65 добуш менен (Кыргызстандын бул чакырылыштагы парламенти 75 депутаттан турган) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын Жаңы редакциясын кабыл алышты. 9-ноябрь күнү эртең менен өлкө президенти аталган документке кол койгондон кийин, ал өзүнүн мыйзамдуу күчүнө кирген [260.106.].

Бирок ноябрь Конституциясы (Жаңы редакция) реалдуу өзүнүн мыйзамдуу күчүнө кирбей туруп (анын тексти массалык маалымат каражаттарынын беттеринде басылган эмес), 2 айдан кийин дагы башка Конституция менен алмашылган.

2006-жылдын 30-декабрында Кыргыз парламенти Констиуциянын дагы бир Жаңы редакциясын кабыл алган. Парламентарийлер ноябрь Конституциясын коргоп кала алышпады. Мында депутаттардын ырксыздыгы чоң роль ойногон. Көп депутаттар комформисттик позицияда туруп алышкан. Белгилөөчү жагдай, бул окуянын алдында, 2006-жылдын 19-декабрында премьер-министр Ф. Кулов башында турган өкмөт отставкага кеткен.

2007-жылдын 29–январында парламент президенттин үчүнчү көрсөтүүсү боюнча Кыргыз Республикасынын премьер-министрлигине эч кимге белгисиз болгон Азимбек Исабековду бекитип берген [261.107.]. Көз карандысыз Кыргызстандын 13-өкмөтүнүн башчысы А. Исабеков бул кызматта иштеген мөөнөтүнүн кыскалыгы боюнча рекорд жасап, так 2 айдан кийин, 29-мартта өз каалоосу менен отставкага кеткен. Анткени бул мезгилде, оппозициялык күчтөрдүн активдешүүсүнө байланыштуу  Кыргызстанда саясий кырдаал кайрадан курчуй баштаган.

2007-жылдын февраль айынын аягында Кулов, Эшимканов жана Текебаев «Бириккен фронт» уюмун түзүшүп, анын алдында Бакиевдин саясатына нааразы болгон бардык саясий күчтөрдү бириктирүүгө аракет кылышкан. Бирок, аны алар ишке ашыра алышкан эмес. Оппозициянын башкы лидерлерининин бири болгон А. Атамбаев, президент менен келишип, премьер-министрлик кызматты ээлеп калган. Парламентарийлер да ага колдоо көрсөтүшкөн. 2007-жылдын 21-мартында Жогорку кеңештин депутаттары 48 добуш менен А. Атамбаевди премьер-министрлик кызматка бекитишкен. Ошентип, бийлик эң оор кризис учурунда оппозицияны бөлүп-жарып, алсыратууга жетишкен.   Президент Бакиевдин отставкага кетүүсүн талап кылып, апрел айында Ала-Тоо аянтында “Бириккен фронт” тарабынан уюштурулган митингдерден майнап чыккан эмес.  Белгилей кетүүчү жагдай,

Март (2005-ж.) революциясынан кийин, Кыргызстан митингчилер өлкөсүнө айланган. Эки жарым жылда республикада эки тараптан уюштурулган чоң кичине митингдердин саны 1,5 миңден ашкан [146.111,36-б.].

Президент болсо, бардык саясий күчтөр менен сүйлөшүү столуна отурууга жана  алар менен биргеликте чечүүнү талап кылган маселелерди, алардын таарынычтарын талкуулоого даяр экендигин билдирип келген. Ошол оор кырдаалда анын мындай позициясы өлкөнүн лидери жана жөнөкөй саясатчы катары эң туура болгон.. Бирок оппозициянын радикалдык маанайдагы  лидерлери Ф. Кулов менен М. Эшимканов бийлик менен диалогго баруудан такыр баш тартышкан. Натыйжада, алардын мындай алысты көрө албаган саясаты өздөрүн жок кылды. Бир жумадан кийин, демонстранттар күч түзүмдөрү тарабынан кууп таркатылган. Ошону менен Ф. Кулов жана эч кандай принциби жок оппозиционер депутат М. Эшимкановдун саясий карьерасы бүткөн.   Күздү кыргызстандыктар белгилүү деңгээлде чочулоо менен күтүшкөн. Элдин дээрлик баары оппозиционерлер дагы бир нерсе уюштурушат деп ойлошкон. Бирок, окуялар эч ким күтпөгөндөй өнүктү. Конституциялык сот Жогорку Кеңештин депутаттары Кабай Карабеков менен Мелис Эшимкановдун сунуштарын канааттандырып, Кыргыз Республикасынын 2006-жылдагы ноябрь жана декабрь Конституцияларын жокко чыгарган жана Кыргызстанды 1993-жылдагы акаевдик Конституцияга кайтарган. Бул бир жагынан баары үчүн күтүүсүздүк болсо, экинчи жагынан оппозициянын өкүлдөрү - депутаттар К. Карабеков менен М. Эшимкановдун эч кандай принципти кармабагандыктарын жана саткындык маңызын көрсөткөн.

Президент 19-сентябрда Кыргызстан элине Кайрылуу жасап, 2007-жылдын 21-октябрына Референдум жарыялаган. Референдум (Жалпы элдик добуш берүү) аркылуу эки мыйзамды кабыл алуу каралган: “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын Жаңы редакциясы жөнүндөгү мыйзам” жана Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндөгү Кодекси” [170.16.]. Кабыл алынуучу жаңы Шайлоо кодекси боюнча Кыргыз парламентине шайлоолор пропорционалдык негизде, б.а. партиялык тизме менен өтүүгө тийиш болгон.

Референдумга даярданууга, түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө убакыт өтө аз болгондугун белгилей кетүү шарт. Калктын көпчүлүгү, өзгөчө айыл жериндегилер Референдум эмне үчүн өткөндүгүн түшүнбөй да калышкан. Ошентсе да, референдум калктын чоң “саясий активдүүлүгүндө” өтүп, добуш берүүчүлөрдүн 75,73%ы [240.86.] Референдумга коюлган маселелерди колдоп беришкен. Расмий статистика Референдумга калктын 80%ы катышты деп жарыялаган. Ал эми, оппозициялык ММКлар шайлоо участкаларына калктын болгону 30%ы гана келди деп билдиришкен.

Бул аралыкта, 2007-жылдын күз айларында Кыргызстандын социалдык-экономикалык жашоосу ундан башталган, азык-түлүк продуктыларынын бардык түрлөрүнө баанын болуп көрбөгөндөй өсүүсү менен мүнөздөлгөн. Мындай абал элдин тынчын кетирсе, саясатчылар ага көңүл да бурушкан эмес. Алар саясий маселелер менен гана алек болушкан.

22-октябрда, Референдумдун жыйынтыгы жарыялангандан кийин, Президент Жаңы Конституциянын негизинде парламентти таркаткан. Ошентип, Референдум (Жалпы элдик добуш берүү) аркылуу өлкөнүн Конституциясынын Жаңы редакциясы кабыл алынган. Кыргызстан Жаңы Конституция менен жашай баштаган. Кабыл алынган Конституция президентке акаевдик Конституциялардагы ыйгарым укуктарын кайтарып берген.

Жогоруда белгилегендей, Жалпы элдик добушка (Референдумга) коюлган экинчи маселе “Шайлоо жөнүндө Кодекс” болгон. Жаңы Шайлоо кодекси боюнча 90 депутаттан турган жаңы парламент партиялык тизме менен шайланган. Парламенттик шайлоо 2007-жылдын 16- декабрына дайындалган. Ошентип, партиялар арасында шайлоо алдындагы күрөш башталган. Бул мезгилде Кыргызстанда расмий каттоодон өткөн 105 саясий партия болгон. Бирок парламенттик шайлоого катышууга 50 гана партия арыз берүүгө үлгүргөн. Расмий түрдө шайлоо кампаниясы 2007-жылдын 26-ноябрынан башталган. Бул мөөнөткө карата шайлоо мыйзамынын бардык шарттарынан өткөн 12 саясий партия калган. Шайлоого катышууга укук алган ар бир саясий партия өз тизмесиндеги алдыңкы беш адамды ачык көрсөтүүгө милдеттү болгон.

Ошентип, 26-ноябрдан бардык саясий партиялар расмий түрдө шайлоо кампаниясын башташкан. Бардык партиялардын ичинен 2007-жылдын октябрь айында түзүлгөн «Ак Жол» элдик партиясы көбүрөөк мүмкүнчүлүккө ээ болгон. Анткени ал, бийлик партиясы болгон. Бул К. Бакиев башында турган расмий бийликтин жаңы шайлануучу парламентти "чөнтөк" парламентке айландыруу багытындагы саясий ыкмасы болгон. (аны учурунда акаевдик бийлик да "Алга Кыргызстан", "Адилет" партияларын түзүү аркылуу колдонгондугун белгилей кетүү абзел). "Ак-Жол" партиясына олуттуу атаандаштыкты түзгөн «Ата-Мекен» социалисттик партиясы болгон. Шайлоо кампаниясындагы күрөш негизинен ушул эки партиянын ортосунда жүргөн.

Мыйзамга ылайык шайлоого катышкан партиялар 5%дык тосмодон өтүүгө жана ар бир округдун (округдар 9 болгон: Бишкек, Ош шаарлары жана 7 область) шайлоочуларынын 0,5% добушун алууга тийиш болгон. Мындай талап логикалык жактан туура болгон жана бардык партиялар бул шартка макул болушкан. Бирок, шайлоого бир нече күн калганда КРнын БШКсы ар бир округдагы 0,5%дык барьер ошол округдагы шайлоочулардын санынан эмес, жалпы республикалык шайлоочулардын санынан деген чечим кабыл алган [146.111,46-47-бб.].Мындай чечим парламенттик шайлоого катышып жаткан көптөгөн партияларды шок абалына алып келген жана алардын кыжырдануусун туудуруп, көңүлдөрүн чөгөргөн. Мындай чечим расмий бийликтин саясий атаандаштарын парламентке өткөрбөй коюу багытында жасаган кезектеги саясий ыкмасы болгон. БШК өзүнүн бул чечимин кантсе да жокко чыгарган, бирок, шайлоодон кийин. Бул, ошол учурдагы расмий бийликтин мыйзамдарды (тагыраагы мыйзамсыздыкты) өз кызыкчылыгы үчүн каалагандай пайдалангандыгын көрсөтүп турат.

Ошентип, Кыргызстандын тарыхында партиялык тизме боюнча биринчи парламенттик шайлоолор 2007-жылдын 16-декабрында өткөн.

Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун жыйынтыгын чыгарып, Кыргыз парламентине партиялык тизме боюнча өткөн шайлоо ачык, таза, мыйзам чегинде жана мурда болуп көрбөгөндөй

демократиялык негизде өттү деп жарыялаган. Ал эми оппозициялык партиялар, биринчи иретте “Ата Мекен” партиясы жана бир катар Өкмөттүк эмес уюмдар башка пикирде турушкан жана документалдык фактылардын негизинде өткөн шайлоонун демократиялык негиздеги таза, ачык мыйзамдуу шайлоо болбогондугун далилдөөгө аракеттенишкен. Бирок аларды эч ким уккан эмес.

Ошентип, өткөн шайлоонун алдын ала жыйынтыгы боюнча 5%дык барьерден өткөн партиялар биздин эсептөөбүз боюнча парламенттеги депутаттык орундарды (90 орун) төмөнкүдөй бөлүштүрмөк: «Ак-Жол» партиясы - 65 орун. «Ата-Мекен» партиясы - 11 орун. СДПК – 7 орун. «Коммунисттер партиясы» - 7 орун.

Бул аралыкта БШКнын мүчөсү Жылдыз Жолдошева өзүнүн АКИ press маалымат агенттигине берген интервьюсунда: “эгерде жалпы шайлоочулардын 5%ын жана андан ашыгын алган партия бир региондон ошол региондогу шайлоочулардын добушунун 0,5%ын ала албаса, анда мындай партия парламентке өтпөйт” [146.111,51-б.] деп билдирген.

Белгилөөчү жагдай, 18-декабрдагы Жогорку сот тарабынан Шайлоо кодексинин 77-беренесинин 2-пункту боюнча (областтардагы 0,5 %дык квота жөнүндөгү) БШКнын түшүндүрмөсүн жокко чыгаруусу Кодекстеги норманын өзүн жокко чыгарууну түшүндүргөн эмес. Ал эми бул нормада: «..ар бир областтын жана Бишкек, Ош шаарларынын шайлоочулардын тизмесине кирген шайлоочуларынын 0,5%дан аз добушун алган партия депутаттык мандатты бөлүштүрүүдөн четтетилет” [146.111,51-б.] деп айтылган.

Кыргыз Республикасынын БШКсынын маалыматы боюнча оппозициялык «Ата-Мекен» социалисттик партиясы Ош шаары боюнча 0,5%дык барьерден өтө алган эмес. Жалпы алган добушу боюнча ал жогоруда белгилегендей, “Ак Жол” элдик партиясынан кийин экинчи орунда турган. Атамекенчилердин Ош шаары боюнча 0,5%дык барьерди өткөндүктөрүн документалдык фактылар менен далилдөө аракеттери натыйжа берген эмес. Ошентип, алар акаевдик режимдин мезгилиндегиден да ашып түшкөн бийликтин уятсыздыгынан парламентке өтпөй калышкан.

Депутаттык орундар төмөнкүдөй болуп бөлүштүрүлгөн:«Ак-жол» элдик партиясы – 71орун; КСДП – 11 орун; Кыргызстандын коммунисттер партиясы – 8 орун.

24-декабрда Жогорку Кеңеш спикерди шайлаган. Спикерликке «Ак – Жол» партиясынын депутаты Адахан Мадумаров шайланган [167]. Ушул эле күнү өкмөттүн структурасы бекитилген жана «Ак-Жол» фракциясы өлкөнүн премьер-министрлигине И. Чудиновду көрсөткөн. А. Атамбаев башында турган өкмөт 27-ноябрда отставкага кеткен. Президент К. Бакиев КРнын Конституциясынын 46-беренесинин 1-пунктунун 1-подпунктуна жана 69-беренесинин 1-пунктуна ылайык И. Чудиновду Кыргыз Республикасынын премьер-министрлигине дайындоо жөнүндөгү жарлыкка кол койгон [169.15.]. 2007-жылдын 27-декабрында аракеттеги Конституцияга ылайык, президенттин жарлыгы менен республиканын кезектеги 15-өкмөтү түзүлгөн [164.10.].Бул күндөрү «Ата-Мекен» оппозициялык партиясынын тарапкерлери тарабынан Бишкектеги М. Горькийдин эстелигинин алдында “Мен ишенбейм” акциясы өткөн [168.14.]. Муну менен алар парламенттик шайлоонун жыйынтыгына ишенбегендиктерин билдиришкен.

Бир нече күндөн кийин, оппозициялык партиялар жана аларды колдогон бир катар Өкмөттүк эмес уюмдар “Адилеттүлүк үчүн” коомдук кыймылына биригишкен. Бул бирикмеге 9 оппозициялык партия: «Ата-Мекен», «Ар-Намыс», «Асаба», «Жашылдар партиясы», «Элдик Кенеш», «Таза Коом», «Эл ынтымагы», «Ала-Тоо элдик партиясы», «Кыргызстандын патриоттору» жана 10 Өкмөттүк эмес уюмдар кирген. Анын А. Жекшенкулов (КРнын экс тышкы иштер министри) жетектеген 18 адамдан турган жумушчу органы – уюштуруу комитети түзүлгөн [163.9.]. Кыймылдын лидерлери билдиргендей, анын негизги максаты – Кыргызстандын коомдук парламентин түзүү болгон. Бул оппозициялык күчтөрдүн күрөштүн жаңы тактикасына жана стратегиясына өткөндүгүн билдирген. Кийинки эки жыл аралыгында бийлик менен оппозициянын ортосундагы саясий тирешүү уланган. Коомчулукта белгилүү деңгээлде өлкөдөгү саясий окуяларга карата көңүл коштук байкалган. Өлкөнүн

жогорку саясий элитасынын бийлик үчүн күрөшүнөн тажаган карапайым элге тынчтык, татыктуу жашоо керек эле.

Бакиевдик бийликке элдин ишениминин төмөндөп бараткандыгын социологиялык сурамжылоонун жыйынтыгы да көрсөткөн. Мисалы: 2006-ж. кыргызстандыктардын 71%ы өкмөттү колдоорун билдирсе, 2007-ж. ал көрсөткүч 64%ды түзгөн. 2006-ж. парламенттин ишин калктын 59%ы оң баалаstarting, 2007-ж. бул көрсөткүч 47%гана болгон. 2007-жылы президенттик администрацияга калктын 69%ы ишенээрин билдирсе, 2008-жылы 60%ы гана ишеним көрсөткөн [148.113,184-б.]. Бул көрсөткүчтөр жыл өткөн сайын төмөндөө багытында өнүккөн. Өзүнүн саясий рейтингинин түшүп бараткanын сезген Бакиев президенттик мөөнөтү бүтө электе 2009-жылы, президенттик шайлоо өткөрүп, экинчи мөөнөткө “шайланып” алган. Бирок, президенттин бул аракети да анын бийлигин сактап кала алган жок. Анын башкы себеби, март (2005-ж.) элдик кыймылынын толкунунда бийликке келген К. Бакиев жана анын айланасындагылар элине берген убадасын аткарбады, б.а. 2005-жылы бийликке келген саясий элита эл массасынын үмүтүн актабады: “үй-бүлөлүк” башкарууну жойгон жок, коррупция менен күрөшпөдү, практика жүзүндө административдик-соттук, кадрдык, саясий, социалдык-экономикалык, идеологиялык реформалардын бири да жүргүзүлбөдү. Тескерисинче, 2005-жылга чейин түзүлгөн системалык кризистин тереңдеши күч алды. К. Бакиевдин 5 жылдык башкаруусунун мезгилинде бийлик түзүмдөрүнүн бардык деңгээлинде, айрыкча жогорку эшелонунда коррупция гүлдөп өнүккөн, эң коркунучтуусу бийликтин криминалдык чөйрө менен айкалышуусу (сращивание) жүргөн, массалык жумушсуздук, өнөр жайынын жана айыл чарбасынын туруктуу сенектиги адамдарды бир кесим нан издеп, мекенин таштап, Россияга жана башка жакынкы чет өлкөлөргө кетүүгө мажбур кылган.

2009-жылга карата калктын 70%ы жакырчылыктын чегинде калган, көптөгөн балдар мектепке баруу мүмкүнчүлүгүнөн ажырашкан, фабрика, заводдор иштебеген, айыл чарбасы биротоло талкаланган [30.32,344-б.].Ошентип, өлкөдө 5 жыл мурда жүз берген жол менен, окшош ыкмалар жана

каражаттар аркылуу бийликти экинчи жолу алуунун тарыхый зарылдыгы жаралган. Аны Март (2005-ж.) элдик кыймылынын учурунда К. Бакиев менен бир катарда туруп, пикирлеш болуп, анын бийликке келишине олуттуу салым кошкон, бирок, бакиевдик бийликтин саясатына нааразы болуп, оппозициялык лагерге өткөн: Р. Отунбаева, А. Атамбаев, Ө. Текебаев, А. Бекназаров, Т. Сариев ж.б. ишке ашырышты. Алардын башкы максаты март революциясынын ишке ашпай калган максаттарын, эң ириде мамлекеттик башкаруу системасын реформалоону (парламенттик башкаруу формасына өтү) турмушка ашыруу болгон. Бул жол апрель (2010-ж.) революциясынын лидерлери тарабынан мурдагы эки президент орноткон жана жүргүзгөн жеке үй-бүлөлүк, диктатуралык бийликке тоскоолдук катары кабыл алынган. Ошондуктан апрель кыймылынын натыйжасында бийликке келген өлкө жетекчилиги Ош, Жалал-Абад аймактарындагы кандуу коогалаңга байланыштуу түзүлгөн өтө оор саясий кырдаалга карабастан, 2010-жылдын 27-июнунда Референдум (Жалпы элдик добуш берү) аркылуу парламенттик башкаруу системасын киргизген жаңы Конституцияны кабыл алууга жетишишти. Башкача айтканда, март революциясынын ишке ашпай калган башкы максатын турмушка ашыруу багытында чечкиндүү саясий, укуктук кадам жасалды. Андыктан, расмий бийлик жана бир катар саясий талдоочулар билдиргендей, 7-апрелди (2010-ж.) маңызы жана максаттары боюнча Март (2005-ж.) түстүү ыңкылабынын уландысы, экинчи этабы катары кароого болот.

**Жыйынтык:**

Бөлүм боюнча изилдөөбүздү жыйынтыктап, төмөнкү корутундуларды чыгарууга болот:

-Кыргызстандын Март (2005-ж.) окуясынан кийинки коомдук – саясий абалы, өзгөчө алгачкы 2,5 жылда өзүнүн туруксуздугу менен айырмаланат. Март (2005-ж.) революциясынан кийин, Кыргызстан митингчилер өлкөсүнө айланган. Эки жарым жылда республикада эки тараптан уюштурулган чоң кичине митингдердин саны 1,5 миңден ашкан.

-Элдик кыймылдын толкунунда келген К. Бакиев жана анын айланасындагылар элине берген убадасын аткарбады, б.а. 2005-жылы бийликке келген саясий элита эл массасынын үмүтүн актабады: “үй-бүлөлүк” башкарууну жойгон жок, коррупция менен күрөшпөдү, практика жүзүндө административдик-соттук, кадрдык, саясий, социалдык-экономикалык, идеологиялык реформалардын бири да жүргүзүлбөдү. Тескерисинче, 2005-жылга чейин түзүлгөн системалык кризистин тереңдеши күч алды. Өзгөчө өзүнө “чөнтөк” парламентти түзүп алгандан кийин (16-декабрь 2007-ж.), Бакиев өзүнүн жеке жана үй-бүлөлүк – кландык бийлигин бекемдөөгө өткөн, б.а. башкаруунун “акаевдик” жолуна түшкөн. Бийлик менен элдин ортосундагы ажырым тереңдей берген. Бакиевдин саясий бедели болуп көрбөгөндөй ыкчамдык менен түшө баштаган. Бул өлкөнүн саясий-социалдык туруктуулугуна терс таасирин тийгизген.

-Бакиевдик саясатка элдин, саясий элитанын басымдуу бөлүгүнүн нааразычылыгы күчөп, өлкөдө 5 жыл мурда жүз берген жол менен, окшош ыкмалар жана каражаттар аркылуу бийликти экинчи жолу алуунун тарыхый зарылдыгы жаралган.

- К. Бакиев тарых берген мүмкүнчүлүктү туура пайдалана албады, ал өзүнүн саясатында Акаев кетирген кемчиликтердин баарын кайталап, андан да ашып түштү (мамлекеттик бийликтин криминалдык чөйрө менен айкалышуусу ж.б.). Натыйжада, саясий оппозиция жана эл анын бийлигин күч менен кулатты.

# КОРУТУНДУ

Өткөн кылымдын 80-жылдарынын ортосунда башталган кайра куруу жараянынын негизги саясий натыйжасы – СССР империясынын кулашы, анын курамындагы советтик республикалардын эгемендүү өлкөлөргө айланышы болду. 1991-жылдын 31-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан “Мамлекеттик көз карандысыздык жөнүндөгү” декларациянын кабыл алынышы Кыргызстандын соңку жаңы тарыхындагы жаңы тарыхый этаптын башталышын айгинелеген. Кыргызстан өзүнүн өнүгүү багыты катары рынок экономикасын жана батыштын өнүккөн өлкөлөрүнүн үлгүсүндөгү демократияны куруу жолун тандаган. Бул жол мурдагы коммунисттик системага альтернатива катары каралган. Саясий, социалдык-экономикалык багытта реформалар ишке ашырыла баштаган. Бул реформалардын негизги принциптери катары демократиялык баалуулуктар кабыл алынган.

Коомдун бардык чөйрөлөрүндө ишке ашырыла баштаган кайра куруулардын негизги багыттарынын бири – Кыргызстандын саясий системасын реформалоо болгон. Өлкөнүн саясий чөйрөсүн реформалоонун өбөлгөлөрү кайра куруу жылдарында калыптанган жана Кыргызстандын эгемендүүлүктү алышы менен артка кайткыс мүнөзгө ээ болгон. Салыштырмалуу кыска тарыхый мөөнөттө республикада олуттуу реформалар ишке ашырылган: советтик тоталитардык саясий система жоюлган, бүтүндөй бийлик системасы жана коомдук мамилелер түп тамырынан өзгөрүүгө дуушар болгон, президенттик институт, парламент, көп партиялуулук сыяктуу жаңы саясий институттар киргизилген жана экономикалык реформалар жүргүзүлгөн. Бул жараяндарды революциялык мүнөздөгү жараяндар катары баалоого толук негиз бар. Анткени, алардын натыйжасында коом бир социалдык экономикалык системадан экинчи социалдык экономикалык системага өткөн. Белгилөөчү жагдай, 2005-жылга чейин бул жараяндар өлкө ичинде саясий стабилдүүлүктү

сактоо кырдаалында ишке ашырылган. Ошол эле учурда, кийинки окуялар Эгемендүү Кыргызстандын саясий жетекчилигинде өлкөбүздүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен илимий негизде так иштелип чыккан өнүгүү программасы болбогондугун көрсөттү.

1990-жылдардын ортосуна чейин, б.а. Акаевдин башкаруусунун биринчи этабында жүргүзүлгөн саясий реформалар демократиялык мамлекетти (башкаруу системасын) куруу багытында өнүксө, А. Акаев экинчи президенттик мөөнөткө шайлангандан тартып, өлкөдө жүргүзүлүп жаткан демократиялык кайра куруулар квазидемократиялык мүнөзгө айланган. Мамлекетти башкаруу системасында Референдумдар аркылуу Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен президенттин ыйгарым укуктарын ашыра көбөйтүү тенденциясы күч алган. Эгемендүү Кыргызстандын биринчи Конституциясы 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган. Бирок, акаевдик башкаруу жылдарында 1994, 1996, 1998, 2003-жж. өлкөнүн Негизги мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилген. Алардын баары бир гана – президенттик бийликтин ролун жогорулатуу максатын көздөгөн.

Андан сырткары Конституциянын шайлоо нормаларын жана мыйзамдарды президенттин керектөөлөрүнө туура келтирүү багытында бардык аракеттер жасалган. Натыйжада 2005-жылга чейин өткөн бир да шайлоо эл аралык стандарттарга жооп берген эмес.

Ошентип, өлкөдө, жоюлган советтик авторитардык саясий система, Акаев башында турган жаңы авторитардык саясий система менен алмашылган. Жүргүзүлгөн саясий реформалар республиканын демократиялык багытта өнүгүүсүн камсыз кылган эффективдүү башкаруу системасын орното алган эмес. Кыргызстанда демократиянын элементтери (альтернативалык шайлоо, көп партиялуулук, саясий плюрализм, сөз эркиндиги ж.б.) формалдуу сакталган авторитардык, үй-бүлөлүк, кландык башкаруу орногон. Башкача айтканда, Кыргызстан Борбор Азиядагы башка постсоветтик өлкөлөрдүн жолуна түшкөн. Бийликти мураскердик мүнөзгө айландыруу аракеттери да жасала баштаган.

Ошол эле учурда, терең ойлонулбай, шашылыш, жарым жартылай жүргүзүлгөн экономикалык реформалар, адилетсиз ишке ашырылган приватташтыруу саясаты, калктын социалдык жиктешүүсүнө алып келип, элдин басымдуу бөлүгүнүн социалдык абалын кескин начарлаткан. Элдин социалдык көйгөйлөрү бийлик тарабынан өз учурунда чечилбеген. Акаевдин айланасындагы башкаруучу элитанын тар чөйрөсү өздөрүнүн жеке баюусу, президент болсо, бийликти кандай гана жол менен болбосун сактап калуу маселеси менен алек болгон. Бийлик менен элдин ортосундагы ажырым барган сайын тереңдей берген. Акырындап, бул тенденция бийликтин системалык кризисине алып келген. Өлкөнүн саясий өнүгүүсүндө чоң күч катары каралган саясий партиялар, оппозиция ал мезгилде алсыз, биримдиги жок болгондуктан, саясий жараяндарга олуттуу таасир эте алган эмес. Бул жерде коомчулуктун саясий аң-сезиминин, саясий маданиятынын деңгээли да белгилүү роль ойногон. Бул көрүнүштөр азыркы учурда да уланып жаткандыгын белгилөө абзел. Аксы трагедиясы бийликтин кризисин ачыктаган. Бул кризистен акаевдик режим убактылуу болсо да чыга алганы менен, андан тийиштү жыйынтык чыгарган эмес.

2005-жылдагы парламенттик шайлоо учурунда өз бийлигин сактап калуу жана бекемдөө үчүн “чөнтөк” парламентти түзүү максатында, бийлик одоно мыйзам бузууларга барган. Расмий бийлик парламентке өзүнүн адамдарын өткөрүү үчүн бардык күчүн жумшаган. Массалык мыйзам бузуулар жана фальсификация жолу менен президенттик партия “Алга, Кыргызстан!” жеңишке жетишкен. Бул көрүнүш, бийликке наарazы болуп, кыжырданып, араң турган элдин чыдамынын акыркы тамчысы болгон. Республиканын түштүк аймагында башталган нааразычылык митингдери кыска мөөнөттүн ичинде өлкөнүн бардык аймактарын кучагына алган. Саясий оппозиция да бул кырдаалда активдешип, биригүүгө жетишкен, элдик толкунду жетектөөнү колуна алган. Акаевдик режимге каршы саясий оппозициянын жаралышына алып келген негизги фактор: эң жогорку бийлик, финансылык ресурстар акаевдин, анын үй-бүлөсүнүн жана аларга эң жакын адамдардын тар

чөйрөсүнүн колунда топтолуп, бул чөйрө “жабык” мүнөзгө айлангандыгында болгон. Кандайдыр бир себептер менен үй-бүлөгө жакпай калган белгилүү саясий лидерлердин бир тобу үчүн бул чөйрөнүн эшиги жабык болгон, б.а. республиканын саясий элитасында жиктешүү жүргөн.

Акаевдик режимди кулаткан 2005-жылдын Март элдик революциясы Акаев жүргүзгөн саясаттын мезгилиндеги бардык процесстердин жана тенденциялардын мыйзам ченемдүү натыйжасы болгондугу талашсыз. Анын: бийлик менен элдин ажырымы, элдин жакырданышы, коррупциянын өсүшү, үй-бүлөлүк башкаруунун орношу, саясий элитанын жиктелиши, терең руханий, нравалык кризис сыяктуу олуттуу себептери болгон.

Ошентип, март элдик революциясы 15 жылга созулуп, өлкөнү саясий, социалдык-экономикалык терең кризиске батырган акаевдик режимди кулаткан. Бийликке элдик толкундун агымы менен К. Бакиев келген. Акаевдин кош стандарттуу саясатынан тажаган эл, экинчи президентке чоң ишеним арткан. Бул мезгилде түндүк-түштүк фактору болбогондугун өзгөчө белгилөө шарт. Бирок, К. Бакиев элдин ишенимин актабады, март революциясынын максаттары “жаңы” бийлик тарабынан ишке ашырылбады. Өлкөнүн саясий, социалдык-экономикалык жашоосун жакшыртуу багытында эч кандай радикалдуу реформалар жасалбады. Мындай саясат, өлкөдө кайрадан расмий бийликке каршы оппозициялык агымдын жаралышын шарттады. Республикада саясий туруксуздук орноду.

2005-жылдагы март окуясынан кийинки 2 жыл Кыргызстандын саясий өнүгүүсүндө өлкөнүн коомдук-саясий жашоосунун туруксуздугу менен мүнөздөлөт. Бул мезгилдин негизги өзгөчөлүгү – парламент менен президенттин, аткаруу бийлигинин ортосундагы саясий тирешүү болгон.

Кыска мөөнөттүн аралыгында Кыргызстанда жалпы оппозиционерлер жана бийлик тарабындагылар уюштурган 1,5 миң митинг өткөн. Бакиев башкарган 5 жыл аралыгында 3 Конституция кабыл алынып, 4 өкмөт алмашкан. Бул өлкөдөгү саясий кырдаалдын туруксуздугун көрсөткөн.

Бишкектин борбордук аянтында оппозициялык “Бириккен фронт” тарабынан 2007-ж. март-апрель айларында уюштурулган антипрезиденттик митингден майнап чыккан эмес. 2007-жылдын апрель айынан тартып, саясий тирешүүдөгү демилге бийликтин колуна өткөн. Өлкөдө саясий кырдаал турукташа баштаган. Ал эми, оппозициялык лагерь жиктелүүгө дуушар болгон. Бул алардын туруксуздугунун жана алсыздыгынын көрсөткүчү болгон.

2007-жылдын күзүндө (Референдум) жана кышында (парламенттик шайлоо) өткөн саясий окуялар бийликтин абалын бекемдеген. “Акаевдик” парламент “бакиевдик” чөнтөк парламент менен алмашылган.

Бийлик абалын белгилүү деңгээлде бекемдеп алган К. Бакиев мамлекетти башкаруу саясатында акаевдик жолго түшкөн. Бакиевдик бийлик тарабынан ички, тышкы саясатта мурдагы режим кетирген кемчиликтердин баары кайталанган, атүгүл андан да ашып түшкөн (буйрутма адам өлтүрүлөр, бийликтин криминалдык чөйрө менен ымалалашуусу). Президент мамлекеттик бийликтин орчундуу жана майлуу түзүмдөрүнө жакындарын (бир туугандарын, балдарын) коё баштаган. Расмий мамлекеттик кызматты ээлебеген инилери да мамлекеттик башкарууга (өзгөчө кадр саясатына) кенен кийлигишип турушкан (Кыргызстандын түштүк аймагындагы кадр маселеси Акмат Бакиевдин толук көзөмөлүндө болгон). Мына ушул көрүнүштөр, ошондой эле, калктын социалдык абалынын начарлашы (баалардын өсүшү, жумушсуздук, коррупция, ички, тышкы миграциянын күч алышы ж.б.) Бакиевдик бийликке карата элдин, саясий оппозициянын наразычылыгын күчөткөн. Натыйжада 2010-жылдын 7-апрелинде Бакиев, мындан беш жыл мурда аны бийликке алып келген ыкма менен, б.а. мыйзамсыз, күч колдонуу жолу менен бийликтен куулган.

Кыргыз Республикасынын алгачкы эки президентинин бийликтен мыйзамсыз күч колдонуу жолу менен алмаштырылышы жана башка кризистер, эгемен Кыргызстанда 20 жыл аралыгында ошол президенттер тарабынан жүргүзүлгөн саясий реформалар биринчиден, эффективдүү мамлекеттик башкаруу системасын орното албагандыгын көрсөттү. Экинчиден, акаевдик жана бакиевдик режимдер президенттик бийликти мыйзамдуу цивилизациялык

жол менен өткөрүп берүү саясий маданиятын калыптандыра албады. Үчүнчүдөн, демократиялык башкаруу системасына мүнөздүү болгон бийлик бутактарынын мыйзамдуу тең салмактуулугун орното алышпады. Төртүнчүдөн, саясат таануу илиминде саясий элита улуттун эң жогорку нравалык баалуулуктарын алып жүрүүчү топ (страта) катары аныкталат. Кыргызстандын алгачкы саясий жетекчилиги мына ушундай улуттук саясий элитаны калыптандыра албады. Бешинчиден, акаевдик жана бакиевдик башкаруу жылдарындагы коомубуздун эң чоң жоготуусу – адамдардын аң-сезимин, жан дүйнөсүн, баалуулуктарын жаралаган руханий кризис болуп калды.

Мына ушул көйгөйлөрдү чечүү багытында апрель кыймылынын негизинде бийликке келген Убактылуу өкмөт жана азыркы бийлик татаал тоскоолдуктарга карабай, алгачкы кадамдарды жасоо аракетинде. Парламенттик башкаруунун киргизилиши, парламенттик шайлоонун

(ноябрь, 2010-ж.) административдик ресурстар колдонулбай, салыштырмалуу демократиялык негизде өтүшү, президенттик бийликтин тынчтык цивилизациялык жол менен өткөрүлүп берилиши айтылгандардын далили.

Бирок, азыркы күндө, өлкөбүздүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуучу эффективдүү башкаруу системасы биротоло орноду деп жыйынтык чыгарууга али эрте. Парламентик башкаруу системасынын киргизилиши да бул маселени толук чечкен жок. Алдыда көп обьективдүү, субьективдүү тоскоолдуктар жана проблемалар бар.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Мамлекеттик башкаруу системасынын компакттуулугун, алар аркылуу өтүүчү маанилүү чечимдердин мобилдүүлүгүн жогорулатуу максатында алардын структураларынын санын кескин кыскартуу максатка ылайык.

2. Мамлекеттик башкаруу системасынын бардык түзүмдөрүндө профессионалдык деңгээли жогору, иштин көзүн билген, эл сыйлаган, таза, компетенттүү адистер иштөөсү шарт.

3. Мамлекеттик башкаруу системасынын бардык деңгээлдеги түзүмдөрүн калыптандырууда кадрларды иштиктүүлүк сапаты боюнча гана тандоо бузулгус принципке айлануусу өтө маанилүү. Бул жерде коррупцияга, трайбализмге, жердешчиликке, кландуулукка, тууганчылдыкка катуу бөгөт коюулушу абзел.

4. Башкаруу сферасына жогорку квалификациялуу улуттук кадрларды даярдоо аркылуу жаңы таза улуттук саясий элитаны калыптандыруу өкмөттүн жакынкы жылдардагы саясатынын приоритеттүү багыты болуусу архи маанилү.

5. Мамлекеттик башкаруу системасынын мобилдүүлүгүн, эффективдүүлүгүн жогорулатуу, аларга кеткен эпсиз чыгымдарды кыскартуу максатында башкаруунун областтык системасын жоюу максатка ылайык.

# ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАР ЖАНА КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

## 1. Тарыхый булактар


1. Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР.-1990-№18;
2. Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР.-1990-№21;
3. Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР.-1990-№3.
4. Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР.-1990-№8.
5. 6. Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. – Б., 2000-№10
6. 7. Ведомости Жогорку Кеңеша. Ноябрь. - Б., 1994
7. 8. Ведомости Съезда народных депутатаов РСФСР и Верховного Совета РСФСР. 1991. 29 авг. №35. С. 1426-1427.
8. 9. Ведомости съезда народных депутатов СССР и Верховного Совета СССР. – 1990 - №12
9. 10.Внеочередная сессия Верховного Совета Киргизской ССР XII созыва. Стенографический отчет. Ч.1- 2. – Фрунзе, 1990
10. 11.Вторая сессия Верховного Совета 12-созыва. Стенограмма. 24 октября 1990.
11. 12.Выборы депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. Цифры и факты. 2000. – Б.:Учкун, 2001
12. 13.Выборы депутатов ЗС и СНП Жогорку Кенеша Кыргызской Республики-2000. – Б., 2—1
13. 14.Законодательное собрание Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. Справочное издание. – Б., 1998;
14. 15.Заявление правительства Кыргызской республики // Слово Кыргызстана, 6 сентября 1994;
15. 16. 17.Информационное сообщение сессии Верховного Совета Киргизской ССР // Советская Киргизич, 28 октября 1990;
16. 18.Кодекс о выборах Кыргызской республики. – Б., 1999
17. 19.Кодекс о выборах Кыргызской республики. – Б., 2001;
18. 20.Кыргызская Республика: Новые перспективы. Комплексная основа развития Кыргызской Республики до 2010года. – Б., 2001;

19.21.Конституция Кыргызской Республики. – Б., 1993
20.22.Контрольные парламентские процедуры. Руководство по проведению. – Б., 2002;
21.23.Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2007-жылдын 21-октябрында кабыл алынган. – Б., 2009
22.24.Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2010-жылдын 27-июнунда Референдумда (Бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган.- Б., 2010
23.25.Кыргызстандын түштүгүндөгү саясий партиялар. Маалыматнаама. – Ош, 2007;
24.26.О ходе подготовки и проведении выборов депутатов двухпалатного парламента Жогорку Кеңеша Кыргызской Республики (октябрь 1994-март1995г.). – Б., 1995. 195-200-бб.
25.27.Об итогах работы Государственной комиссии по изучению причин и условий, способствовавших трагическим событиям 17 марта 2002г., повлекшим человеческие жертвы в Аксыйском районе Джалал-Абадской области // Аксыйский дневник. Ч.II. – Б., 2002;
26.28.Обращение группы депутатов Жогорку Кенеша к народу Кыргызстана, президенту Кыргызской Республики А. Акаеву, Жогорку Кенешу Кыргызской Республики // Слово Кыргызстана, 2 сентября 1994;
27.29.Пономарев В. Самодеятельные общественные организации Казахстана и Киргизии 1987-1991 (опыт справочника). – М., 1991;
28.30.Пятая сессия Верховного Совета СССР. Стенографический отчет 18 февраля – 12 июля 1991г.;
29.31.Свод нормативных правовых актов, регулирующих контрольные функции Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. – Б., 2002;
30.32.Статистический ежегодник Кыргызской Республики 2009г. – Бишкек, 2010 Статистический ежегодник Кыргызской Республики 2009г. – Бишкек, 2010.
31.33.Учредительные документы политических партий // Чиналиев У. Политические партии Кыргызстана. – М.:НИК,1999.

32.34.Фракции и депутатские группы в парламенте Кыргызстана. – Б., 2003;

**II.Колдонулган адабияттар**

33.1.Абильдаев Э. Политическая система Кыргызстана: проблемы и перспективы. – Б.: Илим, 2002;
34.2.Абильдин С. Парламент Казахстана: от Союза к государственности. – Алматы, 1993;
35.3.Агаев М. Президентская власть в системе государственной власти. – М., 1994;
36.4.Акаев А. Кыргыз мамлекеттүлүгү жана “Манас” элдик эпосу. – Б.: Учкун, 2002. -588б.;
37.**5.**Акаев А. Кыргыз мамлекттуулугу жана “Манас” элдик эпосу.-Б, 2002;
38.6.Акаев А. Памятное десятилетие. – Б., 2001;
39.7.Акунов А. “Государственное управления Кыргызстана в транзитный период- Б,1999;
40.8.Акунов А. Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2017) – Б,2017;
41.9.Акунов А. Много партийность и демократия в Кыргызской республике. Историко-политологический анализ.-Б., 1999;
42.10.Анарбеков А. Политические партии в Кыргызстане (1991-1999гг.). – Б., 1999;
43.
44.11.Акунов А. Многопартийность и демократия в Кыргызской Республике. Историко-политологический анализ.- Бишкек, 1999.-327с.;
45.12.Акунов А.Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2021) – Бишкек,2021
46.13.Арзамаскин Ю.Н, Принцип историзма в научном исследовании// Вестник военного университета.2011,№3(27).-
47.14.Арзыматов Ж.С., Патиев Н.М. Мамлекеттик башкаруу жөнүндө маалыматнаама.- Ош, 2006;

48.15.Арон Р. Демократия и тоталитаризм. – Москва,1993.-274с.;
49.16..Асанканов А. Кыргызы: рост национального самосознания. – Б.: Мурас, 1997;
*50.17.Апрельская народная революция: уроки истории и взгляд в будущее Кыргызстана- Бишкек,2010*
51.18.Базарбаев К. Жумагулов Б. Политические партии Кыргызстана: теория и практика- Б, 2012
52.19.Бакиев К. Мартовская революция: исторический выбор народа. – Б., 2010. – 520с.;
53.20..Барг, М.А. Эпохи и идеи. Становление историзма,- М.: 1987;
54.21..Бекназаров А. Аксы ыйы – улут кайгысы. – Б., 2011;
55.22.Биекенов М. Политическое развитие Казахстана: исторический опыт и современность. – Алматы: Ихтисат, 1997;
56.23..Биск И.Я. Методология истории: курс лекций.-Иванова,2007;
57.24.Блок, М. Апология истории или Ремесло историка.- М. 1986;
58.25.Богатырев В. Иманалиев М. Масаулов С. Хамисов В. “Политические партии в Кыргызстане” Б,2006
59.26.Бодански И. Демократическая революция в Кыргызстане: миф и реальность// Центральная Азия – 2005
60.27.Введение в историю кыргызской государственности / Бейшембиев Э., Джунушалиев Д., Мокрынин В., Плоских В. – Б.: Илим, 1994;
61.28.Весна 2005 г. глазами кыргызстанцев: тревоги, ожидания, надежды (устные истории). – Б.: ОФ «Центр издательского развития», 2005;
62.29..Выбор Центральной Азии в цивилизованном пространстве. – Б.: Илим, 1996;
63.30.Галиева З. Политическая трансформация суверенного Кыргызстана: динамика и особенности. – Б., 2007.- 370с.;
64.31.Голосов Г. Партийные системы России и Восточной Европы. – М., 1999;
65.32.Горшков Г. Президент и парламент. Сотрудничество и конфликты. – М., 1993;

66.33.Гражданское движение в Кыргызстане / Под ред. А. Элебаевой. – Москва, 1991.- 342с.;
67.34.Джунушалиев Д., Какеев А., Плоских В. Исторические этапы Кыргызской государственности. – Б., 2003;
68. 35.Джунушалиев Д., Плоских В., Харченко Г. “Гордиев узел” Тянь – Шаня // Проблемы истории государства и культуры. – Б., 2004;

69.36.Жумалиев К., Ожукеева Т. XX век: государственная политика в Кыргызской Республике. – Б.: Илим, 1999;
70.37.Жумалиев К., Ожукеева Т. XXI век: институт президентства в Кыргызской Республике. – Б., 1998;
71.38. Жумалиев К., Ожукеева Т. XX век: государственная политика в Кыргызской Республике. – Б. 1999; 38.Зима А. Победа октябрьской революции в Киргизии
72.39.Ипполитов Объективность исторических исследований; достижима ли она? Дискуссионные заметки// Известия Самарского научного центра Российской академии наук., Том.8,-№3,-2006
73.40.Ибраимов Т., Искакова Г. Политические партии Кыргызстана. Справочник. – Б., 2000;

74.41.Ипполитов Объективность исторических исследований; достижима ли она? Дискуссионные заметки// Известия Самарского научного центра Российской академии наук., Том.8,-№3,

75.42.Исаев К. Коом жана ынкылап – Б,201
76.43.Исакова Г. Выборы и демократия в Кыргызстане: конституционный дизайн президентско-парламентских отношений. – Б., 2003.-616с.;
77.44..Кадыржанов Р. Консолидация политической системы Казахстана: проблемы и перспективы. – Алматы, 1999;

78.45. Князев А. Государственный переворот 24 марта 2005 г. в Киргизии. – Алматы, Бишкек, 2005. – 252с.;
79.46. Князев А. Государственный переворот 24 марта 2005г. В Киргизии.-Б., 2005
80.47. Ковальченко, И.Д. Методы исторического исследования.-М,1987;
81.48. .Койчуев Т. Послемартовский Кыргызстан: Идеология, политика, экономика. – Б., 2006. – 370с.;
82.49. Койчуев Т. Постсоветская перестройка: теория, идеология, реалии. – Бишкек, 1999. – 348с.;
83.50..Койчуев Т. Центральная Азия: состояние, поиск, пути, возможности. – Алматы, 1994;
84.51..Койчуев Т., Брудный А. Независимый Кыргызстан: третий путь. – Б.: Илим, 1993;
85.52.Койчуманова Ч. История демократизации суверенного Кыргызстана (1991-2010го). – Бишкек,2013
86.53.Кучуков М. Жогорку Кенеш (парламент) Кыргызской Республики. – Б., 2002;
87.54.Кыргыз Республикасынын депутаттарын шайлоо: цифралар жана фактылар. – Б., 2005;
88.55. Кыргызская государственность в XX в. (документы, история, комментарии) / Сост. Джуманалиев А. – Б., 2003.
89.56.Кыргызский переворот. Март-апрель 2005г. – М., 2005;
90.55.Кыргызстан на рубеже веков: цифры и факты. 1990-2000. – Б., 2001;
91.57.Кыргызстан: народная революция / Сб. научн. Трудов. – Б., 2006. -161с.;
92.58.Кыргызстан: Элдик революция, 24 март 2005 – Народная революция / Түз. П. Казыбаев ж.б. – Б.: Учкун, 2006.-416 б.;
93.59.Макаренко Б. "“Цветные революции” в контексте демократического транзита”
94.60.Малабаев Ж. Кыргызстан мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы. – Б.: Илим, 1998.-389с.;

95.61.Мартовская революция в Кыргызстане:шаг вперед или ...– Бишкек,2005
96.62.Мартюшов Л.Н. Методы истерического исследования. – Екатеринбург-2016
97.63. Масалиев А. Народ должен знать правду. – Б., 2004;
98.64.Масалиев А. Страницы жизни и бедное наше отечество. – Б., 1992;
99.65.Машан Н. Политическая система Казахстана: трансформация, адаптация, целедостижение. – Алматы, 2000;
100. 66.Медушевская О. Методология истории.-М.1997;
101. 67..Могильницкий, Б.Г. Введение в методологию истории – М.1989;
102. 68.Мукамбаева Г. Государство и право Кыргызстана. – Б., 1998;
103. 69.Мунчаев Ш., Устинов В. История советского государства. – М., 2002;
104. 70.Назаралиев Ж. Движение масс или стихия толпы – Бишкек, 2006;
105. 71.Наумова С.А. Что надо знать о политике? – Минск, 1992;
106. 72.Ожукеева Т. XX век: возрождение национальной государственности в Кыргызстане. – Б., 1993;
107. 73.Ожукеева Т. Политические процессы в странах Центральной Азии. Принцип разделения властей. – Кн. 1-2. – Б., 1995-1996;
108. 74.Олещук В. Политическая Россия: партии, блоки, лидеры. - М., Весь мир, 1997;
109. 75.Омаров Н. Международные отношения в эпоху глобального развития. – Б.: “Наука и образование”, 2003;
110. 76.Орлова К. Россия: партии, выборы, власть. – М., 1996;
111. 77.Орунбеков Б. “Көп партиялуулук жана парламентаризм келечеги”- Б, 2011.;
112. 78.Өмүрзаков Ы. 7- апрель жана түштүк коогалаңы – 2010. Журналисттин көзү менен. – Б., 2013;
113. 79.Парламент и парламентаризм в Кыргызстане: опыт развития, становления, структура, работа / Сост. Ожукеева Т. – Б., 1998;
114. 80.Парфенов И.Д. Методология исторической науки: курс лекции.-Саратов,2001;

*115. 81.Политические партии в Кыргызстане- Б,2006.*

116. 82. Пономарев В. Киргизия: специальный выпуск информационного центра Московского народного фронта. – М., 1989;.
117. 83.Причины и виновные Аксыйской трагедии, пути выхода страны из системного кризиса. – Б., 2002;
118. 84.Раззаков Т. Ош коогалаңы: КГБнын маалыматтары боюнча. – Б., 1993;
119. 85.Российское государство и общество: XX век. – М., 1999;
120. 86..Рыскулов И. Конституционное право Кыргызской Республики. – Б.: Кыргызстан, 1998. – 176б.
121. 87.Сааданбеков Ж. Авторитаризм и демократия на востоке. – Астана, 2003. – 392с.;
122. 88.Сааданбеков Ж. Сумерки авторитаризма: закат или рассвет? – Киев: Ника-Центр, 2000-624с.;
123. 89..Садыкова Р. «Түстүү революциялардын Кыргызстандын саясий процесстерине тийгизген таасирлери. – Б., 2013.-160 б.;
124. 90.Садыкова Р. «Түстүү революциялардын Кыргызстандын саясий процесстерине тийгизген таасирлери. – Б., 2013.
125. 91..Смоленский И.И. Теория и методология истории: курс лекции.-М, 2007 ;
126. 92.Степанцев А.Г. История методология научного исследования и преподавания.-М., 2009;
127. 93.Тойнби, А.Дж. Постижение истории – М. 1991;
128. *94.Укушев М.К. Бокоев Ж.А. Президент Кыргызской Республики – Б, 1997;*

129. 95.Улюкаев А. Либерализм и политика переходного периода. – М., 1995;
130. 96.Утченко С.Л. Глазами историка, М,- 1966.-с.243-244
131. 97.Февр, Л. Бои за истории . – М- 1991;

132. 98.Циладзе А. Политические манипуляции или покорение толпы. – М., 1999;

133. 99.Чиналиев У. Кыргызстан на пути к демократии: трансформация политической системы. – М., 2004;

134. 100.Чиналиев У. Становление кыргызской государственности в переходный период. – М., 2000;

135. 101.Чиналиев У. Политические партии Кыргызстана. – Москва, 1999;

136. 102.Чиналиев У. Реализация принципа разделения властей в современном Кыргызстане. – Киев, 1998;

*137. 103.Чотаев З.Д. Парламентская форма правление в Кыргызстане: проблемы и перспективы – Бишкек, 2012.*

138.

139. 104.Чотонов У. Новейшая история Кыргызстана (1985-1998). – Б., 1998. ;

140. 105.Чотонов У., Нур уулу Д. История отечества. – Б., 2009;

141. 106.Чотонов Ү . Суверентитет Кыргызстан:выбор исторического пути. – Б,1996;

142. 107.Чотонов Ү. Кыргызстан на пути суверенитета. Историко-политический анализ. – Б., 2007;

143. 108.Шеримкулов М. Парламент независимого Кыргызстана. – Б., 1998;

144. 109.Элебаева А., Бешимов Б. Современные гражданские движения в Кыргызстане: Аналитический обзор // Гражданское движение в Кыргызстане. М., 1991. 56-б.

145. 110.Элебаева А., Карыбаева М., Бухняк М. Политический плюрализм в Кыргызстане с точки зрения лидеров политических движений по материалам экспресс-опроса // Современные политические процессы. – Б., -

146. 111.Элчике Асан Политическое развитие Кыргызстана после мартовской народной революции 2005 года. – Ош, 2008. – 62с.;

147. 112.Эркебаев А. 1990 год: приход к власти А. Акаева. – Б., 1997. – 365-б;

148. 113.Эсенкулов Н. Динамика и историческая преемственность суверенного развития Кыргызстана. – Б., 2010.- 358с.

149. 114..Ясперс, К. Смысл и назначение истории – М.: 1991.

**III. Диссертациялар, авторефераттар**

150. 1.Галиева З. И. Политическая трансформация суверенного Кыргызстана (1989- март 2005гг.): Автореферат доктора ист. наук. – Б., 2010. – 40с.;

151. 2. Дмитриенко И. А. Развитие кыргызской государственности на современном этапе (1991-2005гг.): историко-правовый аспект: Автореферат диссертации докт-ра ист. наук. – Б., 2007.- 21с.;

152. 3.Койчуманов Ч.У. Становление политической системы суверенного Кыргызстана (1991-2003гг.): Автореферат диссертации канд. ист. наук. – Б., 2004 – 24с.;

153. 4.Чиналиев У. Трансформация политической системы Кыргызской республики в переходный период: Автореферат дисс. д-ра политических наук. – Ташкент, 2004-52с.;

154. 5.Эсенкулов Н. Ж. Политическая и социально-экономическая трансформация независимого Кыргызстана (1991-2009гг.): Автореферат дисс. д-ра ист. наук. – Б., 2011- 45с.

**IV. Мезгилдүү басма сөз материалдары**

155. 1.Абазов Р. Политические преобразования в Кыргызстане и эволюция президентской системы // Центральная Азия и Кавказ. – 1999. №1 (2) – 26-б.

156. 2.Абдылдабек кызы Жаңыл Диагностика кризиса. – http: // www. Analitik.kg.org

157. 3.Абылгазиева А. Бишкек раскололся на двое // Мартовская революция: шаг вперед или два шага назад. – Б., 20

158. 4.Агым 2005, 20 май

159. 5.Агым 2005, 21 апрель
160. 6.Агым- 2005жыл, 15 март
161. 7.Агым, 2005, 15 апрель
162. 8.Агым.- 2005,15 март
163. 9.АКИpress - 25/12 - 2007.
164. 10.АКИpress - 27/ 12- 200
165. 11.АКИpress – Бишкек – 26.11.2005.
166. 12.АКИpress – Бишкек, 8-ноября 2006г.
167. 13.АКИpress – Бишкек-19/12-2007
168. 14.АКИpress – Бишкек-21/12-2007.
169. 15.АКИpress – Бишкек-24/12-2007
170. 16.АКИpress-Бишкек-21.09.2007..
171. 17.АКИпресс – 1998 - №6 – 4-б.
172. 18.АКИпресс – 1998 - №6 – 4-б.
173. 19.Акматов О "Чтобы власть не была всласть или еще раз о конститутционной реформе // Республика, 2005, 11 март
174. 20.Арзыматова А. Системные предпосылки мартовский 2005 и апрельский 2010-года революции в Кыргызстане. //Апрельская народная революция: уроки истории и взгляд в будущее Кыргызстана- Бишкек,2010
175. 21.Ачылова Р."Революциянын өңү бар, өзү кайда?"//Кыргыз-Туусу,20-23-май, 2005
176. 22.Бакиев К. Тандем с премьером Куловым монолитен"//Республика,30.11.2005
177. 23.Баялиев К. «Шелковая революция» или «заговор демократов» // Комсомольская правда. 1990, 21-ноябрь.
178. 24.Баялиев К. «Шелковая революция» или «заговор демократов» // Комсомольская правда. 1990, 21-ноябрь.
179. 25.Баялинов А "Есть у революции начало, нет у революции конца// Республика 2005, 15 июнь

180. 26.Богатырев В. Место и роль политических партий в киргизском обществе //Политические партии в Кыргызстане. – Б,2006,
181. 27.Ботобеков У. “Кыргыз революциясын Анадолу түрктөрү кандай кабыл алды//Кыргыз-Туусу, 29-апрель,
182. 28.Букашева Б. Кровавое воскресенье: агония власти // Res Publica, 2002, 3 май.
183. 29.Букашева Б. Кровавое воскресенье: агония власти // Res Publica, 2002, 3 май.
184. 30.Горбачевская “перестройка”, ее противоречивый, непродуманный характер и политические последствия // История советского государства. – М., 2002. – С.572-607.
185. 31.Дело №... 2000. 8-ноябрь.
186. 32.Джаныбеков З. Об особенностях политического плюрализма в Кыргызстане // Демократические процессы в Кыргызстане: опыт и перспективы. – Б., 1998. – 52-б.
187. 33.Дятленко П. Государство и общество Кыргызстана год спустя: достижения, проблемы и перспективы развития // Вопросы истории Кыргызстана. – Б., 2006. – С.27-31.
188. 34.Есть выбор // Слово Кыргызстана, 1994ж. 21 октябрь.
189. 35.Есть ли власть в Кыргызстане? (интервью Э. Карабаева) // Вечерний Бишкек, 1995, 25 ноябрь
190. 36.Жигитов С. Акаев байыганда ...//Кыргыз-Туусу,17-19-май,2005
191. 37.Жумагулов С. Политическая ситуация в стране обостряется // Аксыйский дневник. Ч.1 – Б., 2002 – 49-б.
192. 38.Жунушалиев.Ж “Революция эмес, төңкөрүш болду// Агым, 2005, 15 апрель
193. 39.Исаев К. “Дуйнө өлүм чыгарганда да, акыркы сөз ар дайым өзүндө”//Аалам,2004, 4-06
194. 40.Исаев К. “Капчыктуулардын шайлоосу болду”\\ Аалам,2005,04.03;
195. 41.Исаев К. “Падышанын башын жеген шайлоо”- Б,2005

196. 42.Исаев К. “Падышанын башын жеген шайлоо”- Б,2005,
197. 43.Исаев К. Капчыктуулардын шайлоосу болду// Аалам,2005,4-март
198. 44.Исаев К. Коом жана ынкылап – Б,2011
199. 45.Исаев К. Мындай ыплас, мындай акыйкатсыз шайлоону көргөн да, кезиктирген да эмесмин// Аалам,2005,15.03.
200. 46.Исаев К. Шайлоо таза болоруна ишенесизби?//Аалам,22 ??? 2005
201. 47.Исаев К. Шайлоо таза болоруна ишенесизби?//Аалам,22 ??? 2005
202. 48.Исаев К., Култаева У Элдик ынкылаптын өнүгүү баскычтары//Кыргыз туусу, 20-23 май, 2005
203. 49.Искакова Г. Политико-правовый анализ изменений Конституции Кыргызской Республики в 2006году// Институт общественной политики. – 2006: http:|// www.ipp/kg
204. 50.Какеев А. Размышления об общественной мысли наших дней // Известия АН Республики Кыргызстан. – 1991. - №2. – 20-б.
205. 51.Карамолдоева С. О некоторых истоках народной революции 24 марта 2005 года // Вопросы истории Кыргызстана. – Б., 2006. – С. 18-24;
206. 52.Койчуманов Т., Оторбаев Дж., Фредерик С. Кыргызстан: путь вперед. 2006 // АКИpress. – 2005 - №12;
207. 53.Куловдун Ф.“Революцияны эл жасады// Агым 2005,11 июнь
208. 54.Куртов А. Особенности президентских выборов в Центральной Азии // Центральная Азия и Кавказ.- 2002-№6(24);
209. 55.Кыргыз-Туусу , 22-25-апрель,2005
210. 56.Кыргыз-Туусу, 29-апрель – 3-май,2005
211. 57.Кыргыз-Туусу,11-12-май,2005
212. 58.Кыргыз-Туусу,12-14-апрель, 2005
213. 59.Малабаев Б. Особенности правового регулирования участия политических партий в избирательном процессе // Вестник КРСУ. – 2003. Т.3 - №8
214. 60.Мамытова Э. Политическая борьба в Кыргызстане в 1916-1999гг.// Политическая история Кыргызстана. – Б., 2001. – С.214-215.

215. 61.Марат З. Спектакль власти или правда оппозиции // Res Publica 2002, 24 май.
216. 62.Марат З. Спектакль власти или правда оппозиции // Res Publica 2002, 24 май.
217. 63.Масаулов С, Хамисов В. Позиционирование политический партий в Кыргызстане
218. 64.Никсдорф В. Политическая драма в трех действиях, с прологом, но без финала // Слово Кыргызстана, 11 декабря 1993г.
219. 65.Ниязи А. Киргизия и Туркмения - попытка сравнительного анализа моделей развития / А.Ниязи// Азия и Африка сегодня. - 2006. - № 7. - С. 42.
220. 66.Обращение к народу Кыргызстана депутатов ЗС Жогорку Кенеша Кыргызской республики // МСН, 11 марта 2005;
221. 67.Обращение к народу Кыргызстана депутатов ЗС Жогорку Кенеша Кыргызской республики // МСН, 11 марта 2005;
222. 68.Осоров З. Создан областной элдик кеңеш // МСН, 16 марта 2005;
223. 69.Оторбаев К. Хроника аксыйских событий (январь-апрель 2002) // Аксыйский дневник. Ч.1. – Б., 2002 – С.29.
224. 70.Петров А. Итоги референдума подведены // Вечерний Бишкек, 2003ж. 7 февраль
225. 71.Приживойт Р. И не друг, и не враг, а так...// Суббота. МСН, 28 января 2005;
226. 72.Приживойт Р. И не друг, и не враг, а так...// Суббота. МСН, 28 января 2005;
227. 73.Результаты итогов голосования на референдуме Кыргызской Республики 22 октября 1994г. // Слово Кыргызстана, 28 октября 1994.
228. 74.Результаты итогов голосования на референдуме Кыргызской Республики 22 октября 1994г. // Слово Кыргызстана, 28 октября 1994.
229. 75.Республика 2005, 15 июнь
230. 76.Республика 2005, 29 июнь
231. 77.Республика 2005,11 март

232. 78.Res Publica, 2003 7 февраль
233. 79.Ротар И. Волнения в Джалал-Абаде // Независимая газета, 1992, 28 октябрь;
234. 80.Ротар И. Волнения в Джалал-Абаде // Независимая газета, 1992, 28 октябрь;
235. 81.Ротар И. Угроза парламентско-президентского кризиса // Независмая газета, 1993, 17 апрель.
236. 82.СааданбековЖ “Кыргызстанга демократия эмес, мыйзамдуулук жетишпей турат// Агым, 2005,20 май
237. 83.Садыркулов М. Особенности развития партийной системы Кыргызстана на современном этапе // Политика и общество. – 2000-№2.
238. 84.Сдали нервы // Вечерний Бишкек, 2005ж. 7 март.
239. 85.Слово Кыргызстана 21.06. 2005
240. 86.Слово Кыргызстана 22.10.2007
241. 87.Слово Кыргызстана 25.03.2005.
242. 88.Слово Кыргызстана 29.03. 2005.
243. 89.Слово Кыргызстана 29.04. 2005.
244. 90.Слово Кыргызстана 31.03. 200
245. 91.Слово Кыргызстана 5.04. 2005.
246. 92.Слово Кыргызстана. 12.07.2005.
247. 93Смадияров С. Политическое развитие Кыргызстана после мартовских событий 2005 года // ж. Общество и политика. Центральная Азия проблемы истории и современности. – Пултуск (Польша), 2007. № 2-4. (11-13);
248. 94.Советская Киргизия,1990,5-август
249. 95.Советская Киргизия. – 1990, 18 сентя
250. 96.Социальное развитие Кыргызской республики Национальный статистический комитет // http://www.stat.kg/
251. 97.Сработает ли киргизский закон в других руспубликах региона//via.ru, 2005,604

252. 98.Стивен Янг “АКШ Акаевге кепил боло албайт//Кыргыз-Туусу,8-11-апрель
253. 99.Токмаков А. Четвертая годовщина “тюльпановой революции” в Киргизии: факты и комментарии//dw/com|ru или https//pdw.com|p|HiEe
254. 100.Токмаков А. Четвертая годовщина “тюльпановой революции” в Киргизии: факты и комментарии//dw/com|ru или https//pdw.com|p|HiEe
255. 101.Тюльпановая революция” в Киргизии (2005)//via/ru,24.03.2015
256. 102.Фадеев Д. От авторитаризма к демократии: закономерности переходного периода// Полис. – 1992. - №1-2;
257. 103.ЦИК Референдум Кыргызской Республики // Слово Кыргызстана, 1 февраля 1994г.
258. 104.ЦИК Референдум Кыргызской Республики // Слово Кыргызстана, 1 февраля 1994г.
259. 105.Элдин каалоосу жана тандоосу ыйык// Жаңы кылым,2004.26
260. 106.Эркин Тоо 10. 11. 2006
261. 107.Эркин Тоо 30.01.2
262. 108.Эрнист Асек уулунун “Кыргызстанды каптаган кара булут же Акаев айланасындагылардын “кулу” бойдон калабы// Агым, 2005,15 март
263. 109.www.24. kg- Кыргызстан-19/12-2007